Жаныбек Мырзаибраимов

# ЖИЙДЕНИН ЖЫТЫН ЖАКТЫРАМ

Ош – 2015

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
М 94

Мырзаибраимов Ж.
Жийденин жытын жактырам; Ош 2015. 246 б.

ISBN 978-9967-18-185-4

Бул китепте автор өзүнүн эргүүлөрүн досторуна, эли журтуна уул-кыздарына, жаратылышка арнады.

М 4702300200-15

ISBN 978-9967-18-185-4

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
©ЖМ Мырзаибраимов Ж., 2015

## *Сөз башы*

*Ардактуу асыл кесиптин ээси, жаш муундардын келечек тагдырын колго алган мыкты мугалим, көп жылдар бою мектепте директор болуп иштеген, ошону менен бирге чыгармачылыктын тизгинин да кошо чоюп келаткан Жаныбек Мырзаибраимовдун калеминен жаралган бир нече ырлары басма сөз беттеринен байма-бай жарык көрсө, окурмандарыбыз кабардар болгондой, «Мен болсом», «Мен таарынбайм тагдырга», «Атыңды койдум Атабай» деген аталыштагы ыр жыйнактары өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Ал китептерди окурман журтчулугу жылуу кабыл алды. Анын өмүрдө тапкан эң башкы сыйлыгы да, сыймыгы да канаттуу ырлары. Элеттик акын турмуштун терең мазмунун ыр кайрыктарына айлантып, окурмандарын ойго салат. Ырларындагы ойлор ушунчалык ишенимдүү, турмушка жакын таза жана таамай айтылып, ыр күйөрмандарынын көңүлүнө жугумдуу. Акын жалгыз гана өзүнүн эмес, биздин акыл-сезимибизди, тагдыр турмушубузду, биз жашаган дүйнөнү ырга айлантып жаткандай таасир жаратат.*

*«Чыныгы талант ар бир чыгармасын жаратаарда токзокко түшөт, жазып жатып өлүп кайра тирилет. Чыныгы азаптан жаралган ырахат дал ошондой болот. Анткени, чыныгы талант булбул куштун сайраганын гана сайран үчүн уга бербейт, анын керемет үнүн да куду өзүндөй кагазга түшүрө бербейт, ал ошо булбулдун кайгысы менен кубанычын, арман-муңу менен шайыр-шаттыгын, ыйлаганы менен ырдаганын, эң башкысы анын тагдырын жүрөгү менен билип, анан ошо көрүп-түйганын өлбөстүккө айлантып, кагазга калтыра алат» (Самсак Станалиев). Ооба, чыгармачыл адамдарга карата туура айтылган таамай сөз. Сөз кудуретин аздектеген Жаныбек Мырзаибраимов да аздек ойлорун ичтен бышырып анан ыр саптарын ак*

*кагазга түшүрөт. Анын адамдык ажарын дааналап, ачып турган бир нерсе бар. Ал шайырдык жана акындык асыл мүнөз. Ушул эки сапат сөз болуп жаткан инсандын ички көркөм дүйнөсүн көпчүлүк алдына алып чыгып, анын кандай адам экендигин, ким экендигин айкындап турат. Ал «поэзия менин жандоочум, күрөшчүл тагдырым» деп эсептейт.*

*Жетимиш жашка чыкса да поэзияга болгон талант-дарамети тынч койбой, чыгармачылык ишинен кол үзбөй, ыйлаганын да, күлгөнүн да, сүйгөнүн да ырга айлантып келет. Көкүрөк тереңинен чыккан ошол ырларын кыраатын келтире окуп берсе, уккандын чери жазылып, көңүл кушу көтөрүлөт. Сөз соңунда ага бекем ден соолук, үй-бүлөлүк бактылуу турмуш каалайбыз. Дайыма бар болуңуз, демдүү жүрүңүз!*

*Тургунбү Маттмусаева,*
*Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү.*



Жолугуп дайым турчумун,
Жолдогон сөзүн укчумун.
Жанаша басып, айтканын,
Жок дебей дайым кылчуумун.

Жамаатта сөзү башка эле,
Жетимиш сегиз жашта эле.
Жылдызы жанып агамдын,
Жарыгын чаччуу башта эле.

Жеп, ичээр сыйга келгенде,
Жүрбөдүң жашап сексенге.
Жашооңду улап кетпестен,
Жем болдуң ажал келгенде.
Жакшыны жакшы деп жүрөм,
Жалпыга таанып билгенге.
Жанымда бардай сеземин,
Жээн дайым көздө ирмемде.

Тагасы элем кичине,
Сыр бөлүшкөм чечиле.
Тамаша, азил сөздөрүн,
Түбөлүк сактайм эсимде..

*15-01 2015.*

## АКЫЛ ОЙЛОР

Арак көп ичкен оңолбойт,
Адилет, чындык жоголбойт.

Акмактын өмүрү узун,
Ач көздүн көңүлү узун.
Эшектин үнү бийик,
Акылы пас.

Ууруну көзүнөн бил,
Улууну сөзүнөн бил.

Жалганчы көңүл жаралайт,
Жалтаңдап тике карабайт.

Жакшылык ээсинен кайтпайт,
Жакшы деп өмүрү айтпайт.

Жаманга боор тартсаң,
Жашынып жонуңа чабат.

Түз болсо эгер көңүлүң,
Түпкүрү таза көңүлүң.

Өчөшпө өткөн, мага деп,
Өткөрсө дагы жаман кеп.

Өрттөбө аны саман деп,
Тапканың болот анан көп.

Чыгарба тартып чуңкурдан,
Чыкканда болот умтулган.

Узакка чыксаң унутпа,
Калбасын кайтыш унутта.

Тойдун да түйшүгү бар,
Ойдун да кыйшыгы бар.

Ушакчы ишке жарабайт,
Уялып жерди карабайт.

Ит иттигин кылат,
Капканда,анан тынат.

*8-ноябрь 2014-жыл.*

## СЕКСЕНДЕГИ БОЖОМОЛ

*Тамаша иретинде.*

Сен ким элең?
Сенсирешип мени менен.
Сүрөтүңдөн көрбөсөм да,
Сезип турат менин денем.

Сен ким элең?
Сыр айтышкан мени менен.
Сүйкүмдүүрөк көрүнөсүн,
Сулуумун деп чексиз чënем.

Сен ким элең?
Сай-сайлашкан мени менен.
Сайгыласам таанybайсын,
Сергичи элем сени менен.

Сен ким элең?
Сүзүлүшкөн мени менен.
Сабыр кылып токтонолу,
Сөз айтышып, ченем менен.

Сенсирешпей ымга келип,
Сермелишпей таяк менен.
Сезим берсин адаштырбай,
Серпилсек да аяп ченем.

*7-ноябрь 2014-жыл.*

## МЕН БАСКАНДА

Тамтаң-тумтаң баскан жолду,
Түш көргөндөй сеземин.
Табышмактай калган болду,
Талпынган жаш кезегим.

Таянбастан баскан жолду,
Тартып эстеп, сеземин.
Түрткүлөтпөй кармап колду,
Таасин баскан экемин.

Түзүк басып калган кезим,
Тартынбастан сеземин.
Тополоң кез балалыкка,
Талбай берем кезегин.

Тайтаңдаган мезгилимде,
Тойбогондой сеземин.
Топурактуу , жол ичинде,
Ташка тийген тиземин.

Тартынбастан таенемден,
Тайраңдагам, сеземин.
Таң атканда эрте менен,
Таштап качкан экемин.
Токтоо берип ыйлай бербей,
Толгон азыр бекеммин.

*8-ноябрь 2014-жыл.*

## КАЙДА КЕТТИ

*Азыркы чалдар жөнүндө*

Сен күтөсүн, мен да күтөм жылуу сөз,
Серпилишпей сылык тиктеп сулуу көз.
Сыйлашалы сизиң-бизиң сөз менен,
Силкинишип,калтырышпай көңүл тез.

Сен күтөсүн, мен да күтөм сулуу сөз,
Сенсирешпей жылуу тиктеп жылуу көз.
Сыйлашпастан сиз-бизиңге келишпей,
Сумсайышып, калышабыз дароо тез.

Көз караштар кандай болуп баратат,
Кудай бизди, бир гана жол жаратат.
Кол куушуруп, көңүл кушун сүйлөшпөй,
Копол сүйлөп, чогулганды таратат.

Көзүң барда, көлөкөңө жанашат,
Көрүнбөсөң, ушак кошуп талашат.
Каралашып өзү жокто жамандап,
Кишиби деп өздөрүнчө баалашат.

Кайда кетти сылык мүнөз мамиле,
Көчө бойлоп, жүрчүү мезгил алиге.
Кычы сүйлөп, куйсупурлук кылбастан,
Калтырайлы, жаман айтпай ак эле.
Көтөрөйлү кымбат сөздү далиге,
Көйрөңдөнүп жүрө бербей дагы эле.

*7-ноябрь 2014-жыл.*

## УНУТПАЙ ЖҮР

Унутпагын бул дүйнөгө келгениңди,
Умтулуп эне сүтүн эмгениңди.
Унутпа билип, эстен чыгарбастан,
Учурун, ачык асман жердегиңди.

Апаңдын түн уйкусуз, түйшүктөрүн,
Апалап, түндөп-күндөп үшүткөнүң.
Айрыкча унутпай жүр уктатканын,
Алдейлеп терметкенин бешиктегиң.

Ачырбай, курсагыңды баккан күнүн,
Ар дайым эстеп жүргүн апаң үнүн.
Асырап алып жатып кучагында,
Арнаган уйку көрбөй ар бир түнүн.

Оорутпай ой болгонун билип жүргүн,
Оокатын сага берип тркүн-түркүн.
Ооналап, ой-кырыңча чоңойгонуң,
Ойкуштап чыккан күнүң сенин бүгүн.

Оодарып, Сага берип тапкан мүлкүн,
Ошентип баккан сени апаң сүйкүм.
Окутту,тарбиялап, үйлөп жайлап,
Ойунан чыкпасын деп, кокус бир күн.
Унутпай ата-эненин эмгектерин,
Урматтап жүрсөң болду дайым ар күн.

*5-ноябрь 2014-жыл.*

## КАТАРЛАШЫП ТУРУШКАНЫ БАШКАЧА

Көрүнүшөт элүү чама ашпаса.
Кантсе дагы чогулушуп түшүптүр,
Камчыбек дос, келгиле деп баштаса.

Кайран достор, карыгандай көрүнбөйт,
Кадимкидей өңдөрүнөн бөлүнбөйт.
Кайраты бар, жаш жигиттей сезилип,
Калбадым деп, жаштыгынан түңүлбөйт.

Кыйын болуп, төртөө калпак кийишти,
Картайдың деп мага катуу тийишти.
Кара чачын ак болгонун көрсүн деп,
Карсылдашып, тамашалап күлүштү.
Карбаластап таппай калып калпакты,
Көңүлгө алып, билбептирмин бул иштти.

Кантсек дагы катарлашып жүрөлү,
Каткырышып, кыйкырышып күлөлү.
Кудай берсе токсон жашты өткөрүп,
Күч-кубаттуу, талбай өмүр сүрөлү.
Кезек келип, кете турган мезгилде,
Койсо болду кудай кечип күнөөнү.

*22-сентябрь 2014-жыл*

## АРАКТАН

Айраңсын, кее бир балдар ичпейт, чекпейт,
Адамдык сапат сактап, жерди теппейт.
Ал эми кее бир жашты көрүп туруп,
Айтышка жаш жигит деп, эркиң жетпейт.

Айраңсын, ата-энеси такыр ичпейт,
Ар дайым кудайынын барын эстейт.

Аракты ичмек турсун, колго албай,
Адилет, тазалыкты дайым эңсейт.

Арада ата-эненин ичкени бар,
Ал эмес, ичмек турсун кечкени бар.
Алардын уул-кызына башкалардан,
Ар кимден сөз угасын, эстери бар.

Апсаңдап, алтымышта ичкендер бар,
Алкынып, ак жоолугун чечкендер бар.
Алтындай ашык болуп, алган жарын,
Аракка мас болушуп, кечкендер бар.
Аа турсун кее бирөөлөр ууланышып,
Арасат өмүр жашап кеткендер бар.
Аракты оозуна албай, ичмек турсун,
Ардактуу, кадыр баркка жеткендер бар.

*1-октябрь 2014-жыл*

## ТИРҮҮЛӨЙ ТҮШҮП ТОЗОККО

Киришсе балдар арака,
Кеткени үйдөн жарака.
Баш бербей, басса тескери,
Бат эле кетет барака.

Кыздары кошо жарышса,
Конякты колго алышса.
Кыйналып кабыл алышат,
Кемпири менен абышка.

Тополоң турмуш түзүшүп,
Торпоктой түртүп, сүзүшүп.
Тарбия жолдон алыстап,
Тоготпой жибин үзүшүп.
Толготуп тууган апасын,

Таптакыр койбой сезишип.
Тапканын колдон жулушуп,
Топтолсо чогуу, урушуп.
Турса да карып ата-эне,
Турушпайт көңүл бурушуп.

Төрөлсө перзент сүйүнгөн,
Түтөйт деп, очок үйүмдөн.
Тилеген ойго, таш тийип,
Тополоң кайгы үйүлгөн.
Тагдырга айтып кошокту,
Таарынып ыйлап ата-эне.
Тирүүлөй көрүп тозокту,
Таалайым ушул экен деп.
Талаалап, үйдү бошотту.

Азыраак өтүп арасы,
Айланып, баккан баласы.
Арактан алып жуктуруп,
Ашынып, күчөп жарасы.
Ата-эне баркын билбестен,
Артылып, арман санаасы.
Андан да, үйүп мойнуна,
Ашыкча болду жалаасы.

*1-октябрь 2014-жыл*



## АТЫҢ КАЛДЫ ЖАЗЫЛЫП

Ой Венерам, ойдогумду бүткөрүп,
Ойго батып, кабак чытып бүркөлүп.
Оттой ысып, жүрөктөрүм дүкүлдөп,
Олтурамын, омкорулуп бүктөлүп.

Магазинге буюм-терим бүт толуп,
Мен отурам көтөрүлгүс жүк болуп.
Мен калбастан өмүр улап жашоодо,
Мүрзө жайга, мен барбадым жүктөлүп.

Келип турат соода кылып айылың,
Куш келиң деп, билдиргенсип дайының.

Калкый бербей, чөгүп кеттиң түбүнө,
Калагы жок, калган өңдүү кайыгың.

Унутпастан эл билсин деп дайының,
Улуу кичүү билип болгон жайыңын.
Уул калбаган кыздарыңды билишет,
Урматтасын атың атап айылың.

Атың жазып, белги кылып арнадым,
Аманатым билсин балдар калганын.
Адырыңа эстелигиң койулуп,
Ага жазгам, ичимдеги арманым.
Алакчылап адаштыбы бир кудай,
Албай сени,  мени мурда алганын.

*3-август 2014-жыл*

## КЕЛЧИ ЖАНЫМ

Келчи жаным калтырбастан арманга,
Колум тийбейт сага жетип барганга.
Кыйылдыңбы мени таштап кетеерде,
Кош айтышып, мен бөлүнүп калганга.

Келчи жаным кош айтышкан жериңе,
Кадимкиңдей кымча жумшак белиңе.
Кайыш куруң чечеер чечпес бошотуп,
Кошуп турчуу демиң берип демиме.

Кучагыңа кирип барсам темине,
Куп тойгозуп, кууруп бышкан жемиңе.
Кумарымды, кусалыкты толтурсаң,
Куштар кылып, кубат берип дениме.

Кудай теңдеш жаратбаптыр сени не,
Куштай учуп бараар элем жериңе.

Курдаш кылып, курбу кылып алмакмын,
Кучак жайып, алып келип элиме.
Кабат-кабат кийим кылып сүйүнүп,
Кийеер элем, мен жылаңач дениме.

*1-август 2014-жыл*

## КУШТАР БОЛОМ

Куштар болом келесинби кайрылып,
Куштай сызып баралбаймын айбыгып.
Көргүм келип карааныңды турсам да,
Канаат кылам, турган менен кайгырып.

Куштар болом, эгер келсең кайрылып,
Кумарланып жүргөн менен кайгырып.
Карааныңды сүрөтүңдө көрсөтүп,
Көлөкөлүү көк чөп үстүн жайгылып.

Кадамжайдын кайберени сен белең,
Караладай мергенчиси мен белем.
Кабарлашып, сүйлөшкөндө көңүлүм,
Канаат алат, бир болгондой сен менен.

Кыраан бүркүт мен болгомун жердеген,
Качан болсо бир өзүң деп сермелем.
Келчи бүгүн, азыр мына дегенсип,
Кезигеериң күтө берем сен менен.

Качан болсо сен кетпейсин келмемен,
Көрүнбөстөн учуп келчи жел менен.
Кайра баштан кучак жайып тосойун,
Көңүл черин жазайынчы сен менен.

Куштар болгон кучагымды жазайын,
Келчи жаным, кечиктирбей күз айын.

Калдары бар беттериңден сыйпалап,
Кайра-кайра калем алып сызайын.
Каштарыңды, көздөрүңдү уйпалап,
Кусалыктын берейинчи сазайын.

*2-август 2014-жыл*

## ТОП КЫРГЫЗДАР

Тирүүлүктү, тирешебиз көрө албай,
Тартип менен колдо барды бөлө албай.
Тууган-туушкан, алыс-жакын болсо да,
Түптүз сөздү түптүз сактап көнө албай.

Топтолушуп, чогуу бирге боло албай,
Тойтоңдошуп бир өрөөнгө толо албай.
Тоолук кыргыз, шаардык кыргыз аталып,
Түндүк дешти, түштүк дешти койо албай.

Тартип менен, таарынышты жойо албай,
Тууган келсе, тай, козусун сойо албай.
Тарткылашып, жааттащып бөлүнүп,
Тоо кендерин жеп түгөтүп тойо албай.

Тартышпастан, түртүшпөстөн жашайлы,
Турмуш оңоп көп нерсени жасайлы.
Тарап кетпей өдө-ылдый бөлүнүп,
Талпынышпай бирге чогуу басайлы.

Толкундабай, топтолушпай пикетсиз,
Тоо кырларын тоскоолу жок ашайлы.
Топ кыргызбыз дүнүйөгө таанылган,
Толкун  менен бирге чогуу басайлы.

*10-июль 2014-жыл*

## БЕКТЕМИР АВАМ БЕЛГИСИ

*Балыбай Алагушовдун эскерүүсү бойунча*

Белине байлап комузун,
Берген го кудай добушун.
Белме-бел ашып кыдырып,
Бейиштей тутуп конушун.
Бектемир ава өзүңдөй,
Билбеймин дагы болушун.

Бурулча экен жубайың,
Буралып ырдап муңайым.
Балыбай авам тартпаса,
Буларды кайдан угайын.
Белгисин берип Алымкан,
Билгеним жазып улайын.

Билчи элем элдин сулуусу,
Бектемир элдин улуусу.
Бурулча эже экөө тең,
Безилдеп ырдап туруучу.
Бир белги аты чыкпаган,
Билсе да кыргыз уруусу.

Берилип күлгүн жаштарга,
Билсе да, тойлор аштарда.
Бир айыл эмес, бүт айыл,
Барган дейт басып Кашкарга.

Баспаган жери калбаптыр,
Бектемир, Бурул жаш маалда.

Билгенге көп ыр арнаптыр,
Билбеген деп кыргыз калбаптыр.
Безилдеп ырдап жүрсө да,

Булар бир сыйлык албаптыр.
Бул дүйнө өтүп кетсе да,
Балыбай агам айткандай,
Бактыга толук канбаптыр.

*8-август 2014-жыл*

## СЕН БЕЛЕҢ

*Айткулов үсөнбекти эскерүү*

Сага өлүмдү, издеп тапты ким деген,
Сен дегенди айтмак тургай, билбеген.
Серпилишип, ким болду экен тийишкен,
Сезими жок, мээрими жок жиндеген.

Сага али карылык жаш келбеген,
Сөгүштүңбү, уруштуңбу ким менен.
Сүйлөшкөндө сулуу сөздөн башканы,
Сыпайылык иштен башка билбеген.

Сага али оору, сыркоо келбеген,
Сайды кимдер бычак сунуп ким деген?
Сенде болсо эгер акы ушунча,
Сурабайбы жакшылыкча бер деген.

Сакайышчуу сен чакырып кел деген,
Сен жүрчүү элең аралашып эл менен.
Сылык мүнөз, кичи пейил мүнөзүң,
Салыштырып айтса болот ким менен.

Сага бычак сайды экен ким деген,
Сен өлүмгө ылайыктуу тең белең.
Сыр ачылбай, бет ачылбай дайынсыз,
Сапар кеттиң дайыны жок муң менен.
Суктанаарлык,сулуулугуң кучактап,
Сырдуу бойдон жатып калдың жер менен.

## ЖАШТАРГА АЙТААР АРМАНЫМ

Силерге да келет балдар, карылык,
Сөз укканга калбагыла таарынып.
Сезе билип жүргөнүңөр жакшыдыр,
Сый-сыпаттан кетип калбай жаңылып.

Турчуу эле кыз келиндер зарыгып,
Турна мойун, жетелешип агылып.
Турган кезде тутуп калбай өткөрүп,
Турам балдар, туткунунда карылык.

Туйлаган кез, калган азыр багынып,
Тулпар элем, таң күн сылап багылып.
Тайманбастан таткын жаштык сүйүүнү,
Таттуу мезгил кайтып келбейт жаңырып.

Ташкын элем, тоодон түшкөн агылып,
Толкун болуп жүргөн кезди сагынып.
Тосулгандай көөлкүп азыр турамын,
Толгонуунун, турпатыма багынып.

Кекиртекке жүрөк келип тыгылып,
Калып барат, чыкпай үнүм сыгылып.
Картайбастан жүрсөм керек дечи элем,
Капилеттен калбасам деп жыгылып.

Ийилбеген түптүз элем теректей,
Ичим күйөт, пайдасы жок керектей.
Имерилтип, иргеп турчуу мезгилим,
Иштен калдым, катып калган цементтей.

Идиш элем, күндөп, түндөп урунган,
Иши түшүп, жаш келиндер бурулган.
Ичи тышым, жаркыраган нур чачып,
Имараттын бийиги элем курулган.

От чачырап оозум менен мурундан,
Ойкуштагам оп секирип бурумдан.
Оомат келип турган кезде оолугуп,
Оодарылып ой-селкилер бурулган.

Алыс калды, кайран мезгил жулунган,
Азил менен ар кыл иштер кылынган.
Арманы күч кайрылбаган жаштыгым,
Алдым тосуп, чыкпай калды жолумдан.

Бул жашоонун ширинчилик даамы бар,
Басып өмүр өткөрөсүн баарыңар.
Балалыгың, жаштык кезиң өткөндө,
Билесиңер, байкап ошол жагыңар.

Ошондуктан ооп төгүлбөй түз жүргүн,
Оокат кылып, оттуу жалын күйгүзгүн.
Оодарылып, акыл-эстен кетпестен,
Оңдуу ишти, өз элиңе тийгизгин.

Алданбагын албарстынын жолуна,
Амал тийсе  кармап калгын колуңа.
Аксакалдан ачык добуш бата алып,
Аманчылык, тилек тиле жолуңа.

Улуу, кичүү колду сунгун колуна,
Урмат кылып, жүгүн көтөр жонуңа.
Учурашып, салам айтып ийилип,
Уят сактап, чаң тийгизбе тонуна.

Акыл калча алтын жаштык барында,
Аксакалдын айтканына таарынба.
Адеп болсо, ыйман болсо өзүңдө,
Анан сыйлайт ата-энең да, жарың да.

Элге жакпайт, журтка жакпайт көпкөнүң,
Эл аралап мас абалда өткөнүң.
Эрегишип, бала-чакаң жактырбайт,
Эркелетип эрмек кылып өпкөнүң.

Жаштык кез бул, алмаштыргыс алтынга,
Жакшы жашап, жакшы жүрсөң калкыңда.
Жарашыктуу жашоо кармап сактанып,
Жакындатпай арак, вино алкымга.

Эң жаман иш арак ичпе, берилбе,
Эки, үч жылдык өмүр өтөт keминде.
Эси жоктун катарына кошулуп,
Эртели,кеч айтылып сөз элиңде.
Эки кылба мени туура түшүнүп,
Эске салып,айттым насаат демилге.
Эсиң барда этегиңди жыйгын деп,
Эскерткеним өткөн турмуш жөнүндө.

*22-август 2014-жыл*

## АЯП КЕТТИМ ЖҮРӨКТҮ

*25-жыл иштеп, аксакалдар сотун өткөрүп*.

Ач калбадым, эл катары ток болдум,
Арасында ачууландым, токтолдум.
Акырында ары-бери ойлонуп,
Азыр мына эл алдында бош колум.

Көбүн көрүп, көзөмөлдөп шоктордун,
Көбүн көрдүм эс-акылы жоктордун.
Көбүн көрүп ичкиликке мас болгон,
Көзүнө айттым, адам болуп токтолгун.

Оңой эмес, оош-кыйыш иш өттү,
Оңойун деп аяп кеттим жүрөктү.

Оңураңдак, арыз-муңдан кутулуп,
Оңой жашап тапкым келди түнөктү.

Анткен менен ачык чейрек күн өттү,
Аламан кез, бөлүнүүлөр, бул өттү.
Адам болуп бардыгына чыдадым,
Аягында аяп кеттим жүрөктү.
Анан дагы элибиздин тартиби,
Арасында акылсыздар жүдөттү.

*23-август 2014-жыл*

## ЖАШТАРГА

Балалыктын баркын билип өткөргүн,
Байкоо салып, башкаларга, көптөрдүн.
Биле албаган, тил албаган көчөдө,
Бейбаш өскөн, жаш балдарды көп көрдүм.

Бала кезиң,мезгили бул өткөөлдүн,
Билген жакшы, кереги жок көпкөндүн.
Баары өскөн, энесинен төрөлүп,
Бирок көрдүм, эне баркын төккөндүн.

Баркын билгин алдейленип өскөндүн,
Билип жүрөм, тарбиясыз көптөрдүн.
Бала эмес, балаа болуп өскөндөн,
Бара-бара ата-эне жаш төккөндүн.

Бирөө чыкты арак ичип, мас болгон,
Баркын билип, өтө албаган тоскоолдон.
Балалыгын, жаш кезегин кор кылып,
Бейбаш өсүп, жамандыкка коштолгон.

Бирөө чыкты туш тарабы саз болгон,
Бала кезден акыл-эси козголгон.

Балалыгын, келечегин түшүнүп,
Билим менен, илим менен коолдолгон.

Бала болуп, чоңойуп жер теппеген,
Басса-турса келечегин эстеген.
Баңги эмес, арак албай оозуна,
Билгеним бар чылым кармап чекпеген.
Баркын билип, ата-энесин кадырлап,
Башка жакка,  жамандыкка кетпеген.

## ЖОЛУГАТ ДЕП ЖҮРӨБҮЗ

Жакшы көрдүм, ким бирөөнүн перзентин,
Жакын болгон адамындай кездемин.
Жарык чачкан нур экен деп аны мен,
Жалт-жалт карап, жылмайганда сезгемин.

Жактыргамын перзентин бир өзгөнүн,
Жарпым жазып, тиктешкенде көздөрүн.
Жарашыктуу бой-мүчөсү келишип,
Жаш баладай, сүйлөп берген сөздөрүн.

Жакшы көрүп, карап көзүн сүзгөнүн,
Жок дебестен жолугушуу түзгөнүн.
Жаз күнүнүн эң акыркы айында,
Жыттайын деп, жалгыз гүлүн үзгөмүн.

Жакшы сөзүң, сүйлөгөндө «өздөрүң»,
Жактырамын, эстепушул сөздөрүң.
Жакын күндө жолугаар деп жүрөмүн,
Жалгыз эмес, кошо күтүп Өзгөнүн.
Жаман экен жактырганда кечигип,
Жамалына перзентине өзгөнүн.

## ЖӨРГӨМҮШ

Кыялың бар бөөштөнүп, билмемиш,
Көчө бойлоп, өйдө-ылдый жөрмөмүш.
Кара түстүү, башка түстүү көрүнгөн,
Караңгылап тор токуучу жөргөмүш.

Тор саласын тоскоол болуп жолдорго,
Тосмо жасап, жүрбөсүн деп чоң жолго.
Толгон-токой тетирини ойлонуп,
Тытынгансың, көрө албастык болгонго.

Башкаларды чырмалса деп эртелеп,
Билип-билбей түшсө экен деп энтелеп.
Бүтүн бойдон  өз торуңа түшүрүп,
Бүгүн, эртең жүргүң келет желкелеп.

Тилегиң тар, ичиң тарсын жөргөмүш,
Турмуш менен бул жашоодо болгон иш.
Тосуп жолун, тотукпасын булар деп,
Түйшүк менен жүрөсүңөр билмемиш.

## ЧОЧКО ДЕГЕН

Чочко деген, атты кимдер ойлогон,
Чынын айтсам, чанач экен тойбогон.
Чортулдаган, чолок мүнөз кыялын,
Чочуланып, бир ойлонуп койбогон.

Коркулдаган доошун угуп ойлоном,
Кошо басып, кееде калат кой менен.
Капары жок эртеңкисин эстебей,
Качан болсо кабары жок ой менен.

Жер аңтарып, чукулап жеп тойбогон,
Жакшы тамак, арам тамак ойлогон.
Жатып ичип, жамбаш алып, жүгүрүп,
Жалаң гана пайда издеп жойлогон.

Семизмин деп такыр болбйт ойлогон,
Секин баспайт, жылан өңдүү сойлогон.
Сергигенди билбесе да элге окшоп,
Сергүү алып жеп ичкенин койбогон.
Сенин наның менин наным жесе да,
Сезип койуп, жүргөндөр бар тойбогон.

## КӨРҮП ТУРУП ТУРМУШТАН

*Түшүнөөр бекен балдар деп*

Жашы жетип, жетимиштен ашканда,
Жакындабай, бала-чакаң башкаң да.
Жардамың жок таянарың болбосо,
Жакшы эмес го, эл аралап басканга.

Меерими жок, балаң болсо бакканга,
Мамилеси окшоп турса арстанга.
Мукуратып, жалдыратып отурса,
Меенет кылган үйүң тарып батканга.

Арак ичкен, алкаш болсо балдарың,
Айткың келбейт, көрүп туруп калганын.
Ар бир күнүң тозок болуп кыйналып,
Арман кылып, тиштейсин го бармагың.

Андай учур келген болсо башыңа,
Ал турмушту койо албайсын жашыра.
Атакелеп, апакелеп бакпастан,
Атырылып, сөз тийгизсе жашыңа.

Андай шартта, жетим жашоо тартпастан,
Арман күнгө, жүк ашырып артпастан.
Алыс жакка, келбес жакка кетип кал,
Ач калганың, башка жагың айтпастан.
Андан башка тынчтык жашоо болбойт го,
Алыс кетип ,кала берсең кайтпастан.

## БААРЫ ЖЫЛАН

Коркомун көргөнүмдө ар кыл жылан,
Кургакта, сууда жүргөн баары жылан.
Көрүнсө бүткүл денем дүрүлдөнүп,
Калгыча жүрөк түшүп, качып тынам.

Суу жылан, кайрак жылан баары жылан,
Сур жылан, кара жылан, сары жылан.
Суйкайгып турганына ишенбестен,
Суурулуп секин басып, ары жылам.

Тоо жылан, тоолук жылан баары жылан,
Томсоруп жолдон чыкса эмне кылам.
Токтобой, өтүп андан кете албайсын,
Тостоюп көзү турса карап улам.

Кокустан басып алсаң дагы жаман,
Коркуткан жыландардын жагы жаман.
Койнуңа кирип келсе соймоңдонуп,
Колтукка кысасын да, жалынгандан.
Курулай корксоң дагы үндөбөйсүн,
Качан мен кутулам деп бул жыландан.

## ЖЫЛАН СЕНИ

Жылан сени, өтө кыйын жек көрөм,
Жүрөсүн сен, элдей эмес көпкөлөң.
Жара сайып, курч бычакты матырып,
Жик чыгарып койгум келет өпкөңөн.

Жылан сени, көрбөсөм деп, жек көрөм,
Жолукканда жол бошотуп өткөрөм.
Жаргым келет, жел чыгарып бөскөртүп,
Жарашпаган жарымы жок өпкөңөн.

Жылан сенсиң, сүйкүмү жок көпкөлөң,
Жүрө албайсын эл катары көппөгөн,
Жакшы көрүп жакшы карап тургансып,
Жылмаңдайсын жел чыгарып өпкөңөн.

Жылан сындуу, жүргөндөрдү көп көрөм,
Жакындабай, алыс жүрүп өткөрөм.
Жакшылыкты жасай турган жан эмес,
Жашоосу бар, өмүр бойу көпкөлөң.
Жакындашып, жылмаңдасаң да сени,
Жакшы сөздү, жакшы көздү күтпөгөм.

## ЗЫЯНЫ БАР, ЧЕКПЕГИН

Тамекинин зыяны көп, чекпегин,
Тарткандардан алыс болуп четтегин.
Тазалыкка ден соолукка, өзүңө,
Тарбиялап, айтып турат мектебиң.

Түтүнүндөй жаккан оттун печкенин,
Түшүндүрүп айткан сөзүн эстегин.
Тамекинин никотини, уусу бар.
Талкалайсын , ден соолугуң чекпегин.

Тамырларын кызыл өңгөч, өпкөнүн,
Түшүнгүнүң бузуп ыштап өткөнүн.
Тамекиге үйрөнгөндөр үшкүрүп,
Тез арада, өмүр соолуп өчкөнүн.

Талант эмес, чылым чегип көпкөнүң,
Таза сакта балалык кез өткөөлүн.
Тагдырыңды, өмүрүңдү балталап,
Турмушуңду татаалдантып өтпөгүн.
Таза калсын өпкөлөрүң, меелериң,
Талкаласаң өкүнбөгүн чөкпөгүн.
Тартсаң чылым, зыянына ууланып,
Таштай албай кийин жүрбө чеккениң.

*21-ноябрь 2014-жыл*

## КАЙРАН ЖАН ДЕЙСИН

Ыркырап келет ынтылып,
Ыраңын бузуп, ынтыгып.
Ылдыйлап шымы токтобой,
Ырайын билбейт, кымтынып.
Ырахат алып арактан,
Ышкырып, сөгүп кыйкырып.

Ар күнү ичет арактан,
Албастан колго жаракты.
Айыкпас, оору дарты бар,
Алкашты кайдан жаратты.
Арманда өтүп өмүрү,
Аяшты, үйдү жадатты.

Акча деп колдон талашат,
Айткыла кимге жарашат.
Аталап сүйлөш ордуна,
Аңкыйып тиктеп карашат.

Алдейлеп баккан балдары,
Алыстап качып баратат.

Көчөнүн көркүн кетирип,
Көргөндөр качат бекинип.
Көйкөлгөн жап-жаш кезинде,
Көркөмүн бузуп секирип.

Канча сөз айтсаң соосунда,
Кулакта калбайт бекилип.
Кайран жан дейсин ушуга,
Кайталап айтуу чекилик.

## БИРӨӨГӨ

Көздөйт окшойт, кылтак салып көз менен,
Көңүлүнөн кетпес жайын сезбеген.
Карамалап көпчүлүктүн ичинен,
Карындашым болот окшойт издеген.

Күтөт окшойт, күдөр үмүт үзбөгөн,
Күлмүңдөгөн күндөй нурун түздөгөн.
Качан болсо чыга калып учурап,
Карындашым, сенби мени издеген.

Караанынды мен да карап изденем,
Качан болсо түшүп мага из менен.
Көңүлүңдө алып жүрсөң айтып кой,
Кандай киши, кайрылсам да сезбеген.

Кайдан келип, кайсыл жаксыз сиз деген,
Кылтак салып, карап жүргөн көз менен.
Кыйнабастан жолугуңуз жолун таап,
Кумар жазып таанышууга биз менен.
Көргөн менен билмексенип өзүңдү,
Карындашым мен да сени издегем.

## ТОЛГОНУП АЙТТЫМ МЫНДАЙДЫ

Уучуңа сузуп аракты,
Ууланган арам тамакты.
Умтулуп дайым турасын,
Унутпай камок тарапты.

Ууртабай таттуу тамакты,
Унутпай такыр жадатты.
Улуган иттей кыйкырып,
Урушуп элди таратты.

Улууну билбес мындайды,
Утурлап Кудай албайбы.
Тартипке салып төрөлөр,
Торуна кармап салбайбы.
Тополоң кылбайм эми деп,
Тосмо арыз берип алдайбы.
Топтолгон элден бөлүнбөй,
Толгонуп айттым мындайды.

## КЕТКИМ КЕЛБЕЙТ

Көзүң неге жалт-жалт карап уялат,
Кошо басып, жүрбөсөм да уялап.
Конушуңа конбосом да акыры,
Кошо басып, жүрсөкбү дейм кыямат.

Көп тиктейсин, алыс жерден билгизбей,
Корккон болуп, конушуңа киргизбей.
Колдоруңду кармаласам тартынып,
Койуңуз деп, ала качып тийгизбей.

Кучак жайып, журөсүн сен сүйгүзбөй,
Келсең боло жүрөгүмдү күйгүзбөй.

Кара көзүң тиктегенин байкасам,
Караңгылык жарып кеткен күндүздөй.

Кее бирөөлөр, болсо керек сиз биздей,
Карааныңды көрсөт мага билгизбей.
Кыраан бүркүт болсом дагы өзүңө,
Кетким келбейт бир чеңгелим тийгизбей.

## КОШМОК АЛМА

Көрүп мен, бир бутактан кошмок алма,
Көңүлүм түшүп айтты бекем карма.
Коподдук кылган окшойм, карбаластап,
Колумдан түшүп кетти умтулганда.

Көргөнүм кызыл-ала, кызыл алма,
Кызарып бышып турса кызыгам да.
Кыйылбай, кыймылдабай турса эгер,
Кымтылап үзсөм болмок кызыгында.

Көрүнүп бир бутакта кызыл алма,
Көнгөнсүп карап турду бир кыйлага.
Кайрылып, мен да турдум кетким келбей,
Кудайым буйурду деп муну мага.
Кош айтып кетүү мага кыйын болду,
Кол шилтеп мени жаңсап булгаганда.

## ТУУЛГАН ЭЛЕҢ СЕН БҮГҮН

Толгонуп турам мен бүгүн,
Туулган го элең сен бүгүн.
Тагдырың тайкы болгонбу,
Тайыды неге түркүгүң.

Келбетиң мүчөң келишкен,
Керилген сындуу periштем.
Кыйылбайт элем мен сага,
Кызматың кылып бериштен.

Жүргөнсүн айтпай неликтен,
Жалкоо эмес элең зериккен.
Жалдырап калды кыздарың,
Жалооруп таппай шериктен.

Жок болуп, сырың билишкен,
Жолуңдан тосуп келиштен.
Жалтанбайт элем мен кызым,
Жанымды сууруп бериштен.
Жашабайт белең ошондо,
Жаркырап, жанып периштем.

*26-ноябрь 2014-жыл*

## КЕЛСЕ ЭКЕН ДЕП

Артта калды, алсыраган жаш чагым,
Аман болуп, аксакалдык баштадым.
Атыр жыттуу айылымдан кетпестен,
Андан ары, абдан келет жашагым.

Айткым келет, эстен кетпей баштагым,
Айымдардын айландыргам баштарын.

Алыс дебей, жакын дебей жүгүрүп,
Аралаган айлуу түндүү бактарын.

Айрымдарын келгим келет мактагым,
Айрымдардын карыздарын актадым.
Айлуу түндө, ошол түндө бир болгон,
Айрымдардын жароокерлик жактарын.

Арасында айтканым бар аппагым,
Анткен менен андан сүйүү татпадым.
Ардактаган өмүр шерик сен менен,
Абдан жакшы, таттуу өмүр татканым.
Азыр деле көпкө ойлонуп каламын,
Алыстабай кайра келсе жаш чагым.

## АЗЫРКЫНЫН ТАМСИЛИ

Жолунан жолборс кайтпайт деп,
Жоосунсуз ишти айтпайт деп.
Жогортон берип анализ,
Жат, жакын досту байкайт деп.

Жолунан жолборс кайтпады,
Жеп, ичти жалгыз айтпады.
Жумуру абдан чоңдугун,
Жогортон билип байкады.

Жок деди мунуң болбойт деп,
Жактырбай калды элиң деп.
Жоготту жолборс жокеңди,
Жоон факты коюп, жеңил деп.

Арстанды дешти салмактуу,
Анын башы иштейт абдан тармактуу.

Антсе да калды жактырбай,
Аюну атап кайраттуу.

Уйпалап ишин баштады,
Укканын угуп качпады.
Уяны салып чоңойтуп,
Уйкудан көзүн ачпады.

Жарабайт жешти кызматка,
Жатса деп, уктап кызматта.
Жоготуп муну тынышты,
Жок дешип талант бул затта.

Жакалап тынбай кыдырат,
Жакпаган жерин сындырат.
Жакынды билген көрөөгөч,
Жатканда элиң ыдырап.
Жакшыны кошуп жакшыга,
Жарайт бул баарын тындырат.
Жебестен келет көтөрүп,
Жүрбөстөн Какем былжырап.

Жарады Какем жумушка,
Жар бойлоп, катуу улушка.
Жебестен жалгыз жекелеп,
Жеткирип берип турушка.
Жүрөт дейт элин башкарып,
Жардамын кошуп сунушка.

## КАРАП КОЙБОЙ МҮНӨЗҮН

Кыйналып да, кыйналсам да жүрөмүн,
Калпын сузуп, караңгылап бирөөнүн.
Карбаластап калган кезде унутуп,
Кабак ачып, кошулушуп күлөмүн.

Күндүр-түндүр бир чөйрөдө түнөгүм,
Кашын карап, көзүн карап бирөөнүн.
Капа болуп калган кезде ойлонуп,
Кадимкидей эл күлгөндөй күлөмүн.

Катар басып кадимкимдей жүрөмүн.
Кабагына келбейт бирок жүдөгүм.
Кайра-кайра айткан сөзүн унутуп,
Кармап калам капалантпай жүрөгүм.

Келишимдүү сезем бирок мен өзүн,
Канткен менен бирге басып жүрөмүн.
Карагаттай көздөрүнө жарашпай,
Кандай кылып жаратты экен мүнөзүн.

Каршы эмесмин сезгенине күн, өзүн.
Кееде сурайм качан элдей күлөсүн.
Кантсе дагы ийри бутак түзөлбөй,
Келе жатат сактап ошол мүнөзүн.

## КИМДЕР КАНДАЙ?

Жерди бөлүп, малды бөлүп алдыңар,
Жетиштиби ачка калбай кардыңар.
Жапырт жашоо эгемендин тушунда,
Же калдыбы араңарда жардыңар.

Жашаганбыз жүгүрттүрбөй тозмолоп,
Жеп ичкенди айтпаганбыз созмолоп.
Жетимиш жыл артта калып акыры,
Жеңип алдык эгеменди козголоп.

Жалпыбызга үлүш берип бөлүндү,
Жашасын деп үмүт менен элиңди.

Жалкоолорду, жатып ичеер арамза,
Жалт ачылып, күн тийгендей билинди.

Жерге жетип, кеңирчилик кең болду,
Жер иштетип көбү тапты оң жолду.
Жаштар тапты көпчүлүгү иш менен,
Жалкоолонтпой оң кол менен сол колду.

Жаштар кирет андайлардын ичине,
Жардам алып бир азыраак кичине.
Жерибизде Абдиламит, Акылдар,
Жан аябай иштеп кирип ишине.

Жогор жакта жол боюнда Адыкбек,
Жонун тозуп кенен чабат арык деп.
Жанбашында жан аябай иштеген,
Жаныбектин уулу чыгып Курстанбек.

Жакшы иштесе жакшылыгын баалайлы,
Жүк көтөрүп, жөө жүгүргөн Таалайды.
Жүргөн бала техниканы чогултуп,
Жусуповго көңүл бөлүп карайлы.
Жаз жарышты, күз күрөштө жүгүрүп,
Жардам бер деп, Тойчу иниме барайлы.

*11-декабрь 2014-жыл*

## БАЛА КЕЗДЕН

Бала кезде бар дегенге барышат,
Башкалардай болуш үчүн жарышат.
Бала кезде кандай алса тарбия,
Биротоло ошол бойдон калышат.

Барды көрсө бардар болуп табышат,
Баба, дыйкан жерди чукур казышат.

Балалыкта эмне көрсө адашпай,
Бат үйрөнүп, ошол жолдо калышат.

Байды көргөн, бай болууга тырышат,
Бакыл көргөн бакылдыкты кылышат.
Балалыкта эмне көрсө уядан,
Биротоло, ошол бойдон калышат.

Боорукерден боорукерлик алышат.
Бузукудан бузук болуп салышат.
Бозокордон алыс кетпей баласы,
Буту баспай, тушагандай чалышат.

Бак-дарактан мөмө түшпөйт алыстап,
Бул жашоону билгендер бар карыштап.
Бирок бала солкулдаган, жаш чагың,
Болтурганга аракет кыл намыз таап.

Бала чыгат акылы бар өзгөчө,
Балалыктан түз болууну көздөсө.
Бала кези солкулдаган жаш чыбык,
Болот аны тарбиялап түздөсө.

## ТЕГИЗДИК ЖОК

Тегиздик жок, бири бийик бири пас,
Тегиздик жок, бири тууган бири кас.
Тегиздик жок, жыл мезгилин карасаң,
Турса бүгүн кышкы чилде, эртең жаз.

Тегиздик жок, калыс сөздөр азыр аз,
Тегиздик жок, бири өрдөк бири каз.
Тегиздик жок, кыял жорук ар башка,
Тегиздик жок, бирде чилде, бирде жаз.

Тегиздик жок, бири таза, бири мас,
Тегиздик жок, бирде адыр, бирде саз.
Тегиздик жок, бири секин, бири ылдам,
Тегиздик жок, бири ауди, бири Маз.

Тегиздик жок, бири чачтуу, бири таз,
Тегиздик жок, бири бардар, бири аз.
Тегиздик жок, бири дабдыр, бири соо,
Тегиздик жок, бири чийне бири Лаз.

## МЕНДЕН КАЛАТ

Менден калат, баскан турган жолдорум,
Мен душманды такыр келбейт колдогум.
Мен тирүүдө жакшылыгым билинбей,
Мен өлгөндө чыгат го деп болжодум.

Менден калат, дүр дүнүйө тапканым,
Мага койгон, көрө албастар капканын.
Мен түшүнөм тирүү кезде айтылбай,
Миң солкулдап, жүрөк куйип какканын.

Мен турмушта калыс сүйлөп жакпадым,
Муздак койбой, жылуу печке жаккамын.
Мени менен бирге жесин дегеним,
Менин берген ак көңүлдөн, ак наным.

Мен көп көрдүм көрө албастык чактарын,
Мага каршы ушак айткан жактарын.
Мамилесин жасалмалап сүйлөшүп,
Мен көрбөдүм өскөндүгүн шактарын.

Мен дайыма калыс сүйлөп жакпадым,
Мен ыр жазып, бекер болуп жатпадым.

Менин тапкан, түгөнбөгөн дүнүйөм,
Менден калган, бала-чака бакканым.
Миңдеген жыл сакталат деп ойлоном,
Менден калып тирүүлүктө тапканым.

## КЕЛЕТ СЕНИ ИЗДЕГИМ

Кайда калган ошондогу көздөрүң,
Кайра кайтып, келет менин көздөгүм.
Каткырышып капары жок шыңкылдап,
Кеч күздөгү мага айткан сөздөрүң.

Карап калса мен тарапка көздөрүң,
Карегине окшоштурбайм өзгөнүн.
Канатыма ката калып кучактап,
Кыңшылатып, уккум келет сөздөрүң.

Күтөм сенен көзду ирмеп сүзгөнүң,
Күндүзгүдөй түңкү жарык түзгөнүң.
Капаздагы тоту куштай болбостон,
Каалайт элем тузак жибин  үзгөнүң.

Карек талбай караганым сезбедиң,
Кош айтышкан күзгү салкын кездегиң.
Кайтсаң дагы жолуга албай жүрөсүн,
Кайберендей келет сени издегим.
Кадимкидей көз алдыма тартылат,
Кеч күздөгү бирге баскан издериң.

## ДАГЫ ЭЛЕ

Сен неге ойумдасың, сезимдесиң,
Сеңселип, жүрчүү мезгил кезиндесин.
Сүйүүнүн сүйкүмдүүсү он сегиз жаш,
Сен мага дал ошондой сезилесин.

Сен мага жылга бойлоп кезигесин,
Сүйкүмдүү жыйырма жаш кезиндесин.
Сырдашып, сыр түгөнбөй дагы эле,
Сыйкатып, так айта албай эзилесин.

Сен дайым ой-кырлардан жолугасын,
Сыйпалап сөз таба албай буулугасын.
Сагынтып жүргөн болуп кырк жашыңды,
Солкулдап ыйлап-ыйлап соолугасын.

Сан күндөр өтсө дагы эсимдесин,
Сермелип, күнөөлүүдөй кезигесин.
Салкындап, колуң сунуп бере албай,
Сумсайып калган болуп сезилесин.

Сен мага жолуга бер, аянбачы,
Сүрдөнүп баштагыдай каранбачы.
Созулуп жүргөн болуп каралдым ай,
Сексенге жеткен жаштай каралбачы.
Сеземин дагы деле баштагыңдай,
Сүйкүмдүү болойун деп таранбачы.

## ОМКОРСОҢ ДА

Ойго келет өмүрүңдө күтпөгөн,
Омкоруп тоо, салсаң дагы бүтпөгөн.
Оош-кыйыш жашоо өтөт турбайбы,
Одарсаң да ой-чокуну күч менен.

Күн өтсө да, убакты чай ичпеген,
Күдүрөңдөп, күлкү билбей иш менен.
Карбаластап кеч киргени сезилбей,
Күз мезгилин, алмаштырып кыш менен.

Катаал мезгил, татаал учур кыш деген,
Кычыраган музду чайнап тиш менен.
Кыйналсаң да, күн өткөнү билинбей,
Кадимкидей күндөр өттү иш менен.

Мезгил өтүп кетсе дагы билинбей,
Мээ сергитип, көлгө түшүп киринбей.
Мээнет кылып, аңтарсаң да асканы,
Мелжегенге жетип барып түңүлбөй.
Максат, ойуң бүтпөйт экен баары бир,
Мага, сага болсо дагы тирилмей.

## КАРЫЛЫК МЭЭР ТӨГҮЛҮП

Кырк беш жыл да калган өңдүү эскирип,
Кээде калат капа болуп эчкирип.
Кыз кездеги кыял-жорук өзгөрүп,
Күн тийсе да, дароо калат кеч кирип.

Кыялында кынтыгы жок кыз эле,
Кымча белдүү, ийреңдебей түз эле.
Карааныня куштар болгон мезгилим,
Күркүрөгөн, бышыкчылык күз эле.

Качан болсо айтаар сөзү сиз эле,
Кийин-кийин өзгөрүлдү тез эле.
Кайрат-кубат анда да бар, менде бар,
Карылыкты сезбей турган кез эле.

Кадырыбыз барган сайын алыстап,
Калчы болдук, эсеп кылып карыштап.
Кылыктанып, эркелечүү күндөрүн,
Калтырды окшойт балдарына багыштап.

Кийин калды балдар бизге эркелеп,
Калып калды чакырчуу күн берке деп.
Карыш басса, бирок калам изденип,
Келген кезде алыс жактан энтелеп.

Кетти балдар чоңойгондо бөлүнүп,
Караандары алыс жактан көрүнүп.
Кантсек дагы баштагыдай экөөбүз,
Калдык эми карылык меер төгүлүп.

## АЙБЫМ БАР

Жойулса да сен деп жүрүп жүрөгүм,
Жолду карап күндө күтүп жүрөмүн.
Жакшы көрөм, сен да жакшы көрөсүн,
Жар болсоң да, бөлөк бөтөн бирөөнүн.

Бар экенин билем менде күнөөнүн,
Болсоң дагы башкасың жар бирөөнүн.
Берилгениң, берилгеним түшүнөм,
Бир өзүңдү, бир өзүм деп билемин.

Билем барын менде барын күнөөнүн,
Бир башкача жар экенсин бирөөнүн.
Бажырайып, баштагыңдай көрүнсөң,
Бек кучактап, сен сүйгөндөй сүйөмүн.

Менде бирок, сенден сулуу зайбым бар,
Мен жөнүндө түшүнөөрлүк, дайның бар.
Махабаттын жолун тосуш кыйын го,
Менин сени жакшы көргөн айбым бар.

## ӨТӨ ТУРГАН ӨМҮРДӨ

Айтчуу болсоң акыл сөзүң угайын,
Адат кылып, тереӊ ойдо тунайын.
Алдыӊ тосуп, үйгө кир деп чакырып,
Ак нанымды, көк чайымды сунайын.

Арманыӊ айт, өткөн күндөн угайын,
Аксакалдык берген кезде кудайым.
Алыс-жакын чогулушсак досторум,
Алдыӊарга, аш бышырып сунайын.

Аралашып, чайды сунуп жубайым,
Аш бышканча от-пот жагып турайын.
Азил айтып аяштардан тартынбай,
Анча-мынча өткөн күндөн сурайын.

Азили жок бир чогулуш кылайлы,
Ашык-кемин аяштардан сурайлы.
Аманат жан өтүп кетеер өмүрдө,
Алыстабай, келип кетип турайлы.

## МЕН ЖАКТЫРБАЙМ

Менин келбейт жаап-жашырып жактагым,
Мен калтырбай айткым келет ак жагын.
Мага жакпайт, өтө жакпайт көчөдө,
Мас болгуча ичкен арак акмагым.

Менин келбейт, жасакерлеп мактагым,
Мен аларды эсептеймин акмагым.
Менмин дешип мен элемин дегенди,
Мен андайды келгим келбейт жактагым.

Менин келбейт кара түстү ак дегим,
Мен жашырбай айта берем билгеним.
Мактап-жактап жалган сөзгө манчыркап,
Мен көңүлдө калгым келбейт кирдегим.

Мен сүйлөймүн көзүм даана көргөнүн,
Мен картайып, сый-сыпаттуу төрдөмүн.
Мени алыс, сени жакын тууган деп,
Мен турмуштан көрдүм адам, бөлгөнүн.

Мен жазамын илхам кыстап келгенин,
Мактайм бирок сулуулугун жергемин.
Менменсинбей ачык айтам турмуштун,
Менби, сенби бүгүн, эртең көргөнүн.
Мен жактырбайм  беш күнчөлүк өмүрдө,
Мундузсун же сартазсын деп бөлгөнүн.

## КӨЗҮМ ТОЙБОЙ

Көзүм тойбой, өзүм тойбой баратам,
Көп ойлонуп, өткөн күндү карасам.
Калса экен деп китебимде сакталып,
Кайра-кайра ырга айлантып жаратам.

Көңүл бөлүп бул жашоону карасам,
Картайгансып күндөн күнгө баратам.
Келип конгон кептеркана турбайбы,
Кайтып кеткен түбөлүккө бар адам.

Күндөр өтсө, көңүл чөгүп бaратат,
Көрүп билип, ырга жазып жаратам.
Кагаз бетин кадимкидей толтуруп,
Китебимди окурманга таратам.

Кетким келбейт, көп иш турат карасам,
Капа болом, ичим толгоп арашан.
Кайран өмүр, кетпечи деп өкүнүп,
Кее түндөрдө уйку көрбөй таң атам.

Көп сөздөр бар, айтылбаган ичимде,
Көп иштерге келе элекмин чечимге.
Кайрылбастан бир сыр кетет кошулуп,
Көңүлүмдөн айтпаганмын эч кимге.
Кош айтышып ажырашаар күн келсе,
Колтукташып бир сырдашсам кечинде.
Кемпиримди карегиме толтуруп,
Кете берем калып анын эсинде.

*30-июль 2014-жыл*

## УКТАЙМ ДОСУМ

Мен бир уктайм түрткүлөсөң ойгонбой,
Мейиз кошкон ашка катуу тойгондой.
Мемиреген мейкиндикке бет алып,
Мен түбөлүк кош айтышам ойлонбой.

Көрсөң турам сүрөт тартып койгондой,
Көңүл чөгүп, кайгыланба ойлонбой.
Кайрылбаймын кайра келип жүгүнүп,
Кала берем түбөлүккө ойгонбой.

Мен уктайм го, кымызга мас болгондой,
Мелт-калт болуп ай асманда толгондой.
Мени көрүп байкайсын дос ошондо,
Мен көрүнөм арык суу соолгондой.

Кетем досум, биротоло ойгонбой,
Кара-кулжа суусу кургап соолгондой.
Таштар калып, кумдар калып шыгырап,

Тардын суусун бура тартып койгондой.
Тар эшикти тарсылдатып үстүмө,
Таап кирет го курт-кумурска соймоңдой.
Тарткылашып кулак-мурун оозумдан,
Тамак болом калар чычкан тойгондой.

*30-июль 2014-жыл*

## АЖЫРАТТЫМ УШАКТАН

*2000-2014 жылдар*

Кабар уккам,уят кылып кызарткан,
Көрө албастан мен тарапка көз арткан.
Көп жыл бойу кыйын болуп мен үчүн,
Көңүлүмдү эч ким болбой тазарткан.

Көп жыл болуп укканым бар узактан,
Көпкө жүрдүм чыкпай чырлуу тузактан.
Кара ниет жомок кылып сөздөрүн,
Кагазга ороп мен тарапты ыштаткан.

Кимдир бирөө телефондон,тыш жактан,
Көрүп, билген коңшу айыл кыштактан.
Кара ниет көңүл кушун узатып,
Койуп бирөө мен тарапка от жаккан.

Куйсупур бар, бузуку бар таш аткан,
Кыйшык көздү салып тиктеп кашаттан.
Канчалаган жылдар өтүп кыйнаган,
Кеп чындыгын ажыраттым ушактан.
Көзү көрбөй, жетелетип калса дейм,
Караңгыдан чыкпас кылып тушаткан.

*28-июнь 2014-жыл.*

## МЕН ТҮЗ ӨСҮП

Мен түз өстүм түркүк болбой бирөөгө,
Мен түз өстүм, батпай ашык күнөөгө.
Мен түз өстүм, мактангандыı жактырбай,
Маңчыркабай аша кетип сүрөөгө.

Мен түз өстүм, кошулбастан бирөөгө,
Мен үй курдум, өзүм үчүн түнөөгө.
Мен түз өсүп, кошоматты колдобой,
Мен бербедим койду сойуп түлөөгө.

Мен түз өстүм, баш ийбестен бирөөгө,
Мен баспадым, түрткүч болуп тирөөгө.
Мен тууганга, душманга да түз сүйлөп,
Мен капталдым, айыбы жок күнөөгө,

Мен түз өсүп, уул-кыздарым үйлөдүм,
Мен түз болуп, адилет сөз сүйлөдүм.
Мен жаратып, талантымдан ташкынды,
Мен арамдан акча,дүйнө үйбөдүм.

Мен түз өстүм, куйсупурлук кылбадым,
Мен түз өсүп, таштап кетем жыйганым.
Мени бөлүп, көрө албастык кылганга,
Мен ийилип, келгим келбейт сыйлагым.

Мен түз өсүп, өзүмдү-өзүм кыйнадым,
Мен түңүлбөй көпкө аларды сыйладым.
Мен алардай, куйкаланып бузулбай,
Мен адилет, тазалыкты жыйнадым.

Мен түз өсүп, бугум ашты сыйбадым,
Мерездерден бир өзүмдү кыйнадым.
Мейли дедим кудай билеер баарысын,
Мен теңелбей далай жолу тыйгамын.

Мен эмесмин азыр калган жалгыздап,
Мен тарапта өсүп турат жыйганым.
Мен түз бойдон жашай берем өлгүчө,
Менин келбейт капа болуп ыйлагым.

*6-август 2014-жыл.*

## ЭГЕМЕНДИК

Эңилбедик, жетип келдик,
Эгемендик, күтүп келдик.
Эби кеткен эпсиз жолдон,
Элдей толкуп, өтүп келдик.
Эсин таппай, сөзүн таппай,
Эркелерге түтүп келдик.
Эпсиз жутуп жегендерди,
Элден бөлүп түртүп келдик.

Эми мына эсти жыйып,
Эси жоктун жолун кыйып.
Элдин мүлкүн жегендерди,
Эл бийлиги койду тыйып,

Эски жолдор жаңыланып,
Элге берип таңууланып.
Эптеп-септеп бүткөрүлбөй,
Эрте жаздан жабууланып.
Эки этаждап мектептерин,
Элим турат кабыл алып.

Элим десе болот экен,
Эл мүдөөсү толот экен.
Эрчип чындык, эгемендик,
Эркин учуп конот экен.
Эмки бийлик акыл менен,
Эпсиздерди жойот экен.

Эли жашап, бай турмушта,
Эсен аман оңот экен.

## ЭМНЕ ЖАМАН

Көрүп турган,
Көздөн жаман.
Көңүл чукуп,
Көнгөн жаман.
Карап туруп бешенеңде,
Калпты чындай,
Көмгөн жаман.
Капа кылып көңүлүңдү,
Касиетсиз жөндөм жаман.

Тил да жаман,
Тилдей берсе.
Тил экен деп,
Билбей келсе.
Баш оорутуп, кайра-кайра,
Болбогон сөз, сүйлөй берсе.
Бөлөктөнтүп, бөлүп жарып,
Баркын билбей сендей берсе.
Болду сөздү, угуп-укпай,
Бузукулук сермей берсе.

Бет да жаман,
Жүзүн буруп.
Күлүп туруп.
Өзгөрүлүп,
Бир бетинде,
Башка түсү.
Экинчиде,
Басма түсү.
Билип жүргүн,

Беттеринде,
Болушунча болгон күчү.

*5-август 2014-жыл*

## КЫСКА САПТАР

Көрө албас болсо тууганың,
Көңүлүң калып сууганың.

Аракка тойуп көпкөнүң,
Армандуу өмүр өткөнүң.

Асынып алсаң өпкөнү,
Адепсиз жашоо өткөнү.

Куйсупур болсо кыялың,
Кыйналат черткен кыягың.

Ушакчы болсо аялың,
Учунан сынат таягың.

Көрө албас адам кор болот,
Көпчүлүк элде кордолот.

Ийри бутак өмүр бою түзөлбөйт,
Ийри десең, мойун сунбай кызаңдайт.

Жылуулук болбой, сулуулук болбойт,
Жумшактык болбой, улуулук болбойт.

Калыс сөз айтпай,
Карылык болбойт.

Айдаган малга сүйүнбө,
Акыл, эс болсун үйүңдө.

## ТАТА АЛБАЙ

Көрүп туруп, көйкөлүшкөн жаштарды,
Кайран мезгил, он сегиздей жаш барбы.
Кайкып учкан карлыгачтай учурум,
Кетип калып, карт турмушум башталды.

Карап туруп, карлыгачтай жаштарды,
Көргүм келбейт карылыкты, башкаңды.
Кезиктирсе кайра сонун болмокчу,
Кырктан эмес, жыйырмадан ашканды.

Кыялданам карса-курса басканды,
Көзүм түшүп, кыздарга кат жазганды.
Кызды тандап адырма-адыр кыдырып,
Кыр-кырлырды, бийик жолду ашканды.

Кыйналгамын көп кыздарга жете албай,
Кыйа басып, алыс качып кете албай.
Картайбастан калтырбады жаштыкты,
Карбаластап башка жакка бет албай.
Кайран жаштык көз алдыма тартылып,
Кумар жазып, калгам даамын тата албай.

## КҮТСӨҢ КЕРЕК

*Кызым Венерага арналат.*
*1971-26-ноябрь.2000-5- февраль.*

Күтсөң керек, эрте менен кечинде,
Кызым сенсиң, көкүрөктө, эсимде.
Кайтып келгис жерге кеттиң Чолпонум,
Күн көрбөстөн, кырчын жаштык кезиңде.

Күтсөң керек, эрте таңда бешимде,
Кантип кызым келген элең чечимге.

Келбей турган жерге бараар болгондо,
Кызым сенин, болбодукпу эсиңде.

Калса керек атаң бары эсиңде,
Кыймыл жасап, көз ачпадың эч кимге.
Карап туруп, колубуздан алдырдык,
Кечки маалы, февраль айдын бешинде.

Кыялдарың кантип кетмек эсимде,
Кош айтыштың, кырчындай жаш  кезиңде.
Качандыр бир, барам кызым артыңан,
Күдөөр үзбөйм карааның бар сезимде.

Күтпө кызым, эрте менен кечинде,
Картайдым жаш, жетимиштин четинде.
Кабар алып түшкө кирсең кирип тур,
Кудай алса, мен да оронуп кепинге.
Караңгылап таап аламын өзүңдү,
Калың барын, билип туруп бетиңде.

*Атаң*




5 февраль 2009 ж.

Сен айтасын,мен алыска кетейин,
Секичектен, жер астына түшөйүн.
Сенделесин, мени жоктоп ошондо,
Сени барып, ошол жактан күтөйүн.

Жок деп, айтам аның такыр жарашпайт,
Жакшы көрүп, сен барыңдай карашпайт.
Жаман болбойт, эгер кетсем мен мурун,
Жүрө бергин, сени эч ким талашпайт.

## БИР ТУУГАНДЫ

Бир тууганды биле билсең,
Топурагы алтындан.
Бир тууганды сыйлай билсең,
Балапан куш талпынган.

Бир тууганга бакыл болсоң,
Душманыңа күлкүсүн,
Бир тууганган алыс болсоң,
Башкалардын мүлкүсүн.

Бир тууганды көрө албасаң,
Буту сынган чолоксун.
Бир тууганды бөлө келсең,
Бул турмушка жомоксун.

Бир тууганды ылгаласаң,
Боору каткан моноксун.
Бир туугандан четте калсаң,
Баспай турган чолоксун.
Биле албасаң бул жашоону,
Беш күнчөлүк коноксун.

## АТА СЕНИ

Атам кыйла мага карай ыкталчуу,
Атам мага бир башкача жытталчуу.
Атам өзү согуш көргөн кишидей,
Атам такыр болчу эмес мактанчуу.

Атамы айтчуу салабаттуу чоң эне,
Алар-булар айткан дешип чоң эле.
Айбаты күч, аял заты болсо да,
Айрымдардай бошоң эмес, чың эле.

Атам өзү, ачуусу аз киши эле,
Аянбаган,дыйканчылык иши эле.
Анча-мынча болоор-болбос иштерге,
Ак жүзүнөн көрүнчү эле тиши эле.

Атам балбан, ошол кездин дөөсүндөй.
Арасынан көрүнүп чоң төөсүндөй.
Аралашып басып калса кишилер,
Атам атчан, алар жүрчү жөөсүндөй.

Ата сени, унута албай сүрөттөп.
Ата сени, элестетем жүрөт деп.
Аа дүйнөнүн эшигинде болсоң да,
Аа мен жүрөм, кайтып кайра келет деп.
Ар убакта куран окуп отуруп,
Атам мени көңүлүндө билет деп.

## КҮТӨМ СЕНИ

Көрүнбөйсүн, көз кырынан карасам,
Көп күн өттү, келгениңди санасам.
Күтө берип кайдан чыгат экен деп,
Көңүл эргип, кусаланып баратам.

Көрүнбөйсүн, көпчүлүктү карасам,
Көргүм келип, жүрөк оргуп арашан.
Кайсыл жерден чыга калат экен деп,
Көзүм менен мен ишенбей талашам.

Кайра-кайра айтам жакшы карасаң,
Карaанын таап жолугууга жарасаң.
Кучакташып, тоспосом да мен аны,
Колтукташып, басканына жарашам.

Күтөм сени, эртең менен таң азан,
Күмөн санап телефонум карасам.
Кабарың жок кыйла күндөр өтсө да,
Келбейсинби эгер мен бааласаң.

Көп күн өттү, келгениңди санасам,
Келчи жаным,күтчүү жерди самасаң.
Карай берем күдөр үзбөй өзүңдөн,
Көрүнбөйсүн, көп изденип карасам.
Кайтып келчи баягыңдай магдырап,
Карегиңе, көздү көздөп карашам.

*8-ноябрь 2014-жыл*

## ЖЫЛДЫЗДАР

Асман толо, чектелбеген жылдыз бар,
Ар кыл түстө жылмайышып жылдыздар.
Аяй карап алыс жактан көрүнгөн,
Арасында жалгыз сулуу бир кыз бар.

Асман толо бажырайган жылдыздар,
Аны сезем жарашыктуу кыргыздар.
Алтын нурун чачыраткан башкача,
Арасында мени сүйгөн бир кыз бар.

Асман толо, аябай көп жылдыздар,
Ар кимиси көрүнгөнсүйт үр кыздар.
Алың жетсе жетип келгин дегенсип,
Аппак нурдуу, жалгыз гана бир кыз бар.

Аягандай абдан сулуу жылдыз бар,
Алып качып, жеткирбеген бир кыз бар.
Ашыктыкты өмүр бойу сактаган,
Атын сактап алып жүрчүү кыргыздар.
Ай Чолпонун,ашык болуп унутпай,
Айлап, жылдап күтүп жүргөн кыргыз бар.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын, тасма-булаш делбеймин,
Мен бөлүнбөйм, сөзүн угуп сендейдин.
Мен кыргызмын, Кудай өзү жараткан,
Мен дегенди, миң тилдеге бербеймин.

Мен кыргызмын,моңол-мундуз делбеймин,
Мени бузуп, ким чакырса келбеймин.
Мен кыргызды атам Манас чогулткан,
Мелтиреген дүйнө элине теңдеймин.

Мен кыргызмын,таздар-басыз делбеймин,
Мейман күтсөм, баарын чогуу кел деймин.
Мени бөлүп, сени бөлүп иш кылса,
Меерим салып, баарына бол тең деймин.

Мен кыргызмын,бөрү-сартаз делбеймин,
Мен көпкөлөң, келгим келбейт кердейгим.
Мага берген Ала-Тоомду асырап,
Медер тутуп, Башкаларга бербеймин.

Мен кыргызмын,бугу-багыш делбеймин,
Менин ичим Ысык-Көлдөй кең деймин.
Менин кийген ак калпагым жарашат,
Менден башка ким болсо да бербеймин.

Мен кыргызмын,түндүк-түштүк делбеймин,
Менин сүйүүм, кыргыз деген эл деймин.
Мээнет кылып, өз элимди асырап,
Мекенимдин тынч бешигин термеймин.
Миң тонналап алтын сунса башкалар,
Мен акчага өз элимди бербеймин.
Максатым бар, тилегим бар ойлогон,
Мен кыргызды, айга- күнгө тең деймин.

*24-октябрь 2014-жыл*

## ТИРҮҮСҮНДӨ АЙТПАЙБЫЗ

Отурсак чогуу батпайбыз,
Оордунда жокту баптайбыз.
Оң жагын айтыш оордуна,
От жагып чокко кактайбыз.
Ойлонуп калыс сүйлөбөй,
Оркойгон бутак шактайбыз.
Олуттуу ишин көрсөтүп,
Оо качан айтып мактайбыз.

Сулуулук жүзүн көрбөйбүз,
Сынына көңүл бөлбөйбүз.
Сапаттуу ишин айтууга,
Салкындап такыр көнбөйбүз.
Ажалы жетсе кокустан,
Ат сойбой, аны көмбөйбүз.

Элим деп иштеп жатса да,
Эңкейип бели катса да.

Жакшылык жагы айтылбайт,
Жегенди бирге татса да.
Жашоосу бир күн түгөнсө,
Жакшы деп,айтпайт атса да.

Ийилип кудук казса да,
Илимий ишин жазса да.
Ийгилик жагы айтылбайт,
Илгерлеп, арбын басса да.
Иштери ушул дебейбиз,
Иш үчүн өңдөн азса да.

Урмат, сый жактан кедейбиз,
Ууртайын берчи ке дейбиз.
Учурда билип баалабай,
Убакыт өтсө ме дейбиз.
Убалын билип турсак да,
Уктатып койуп же дейбиз.
Учура мактап өлгөндө,
Урматтап койуш не, дейбиз.

*24-октябрь 2014-жыл*

## БААРЫ КАЛАТ

Дайым жүрөм сумка, куржун көтөрүп,
Доошум чыгып, кыйналганда жөтөлүп.
Демдүү болуп,дыңкылдаган бойунча,
Даңгыр жолдун сексенинен өтөлүк.

Баскын Жаке бара-бара күчөнүп,
Балдарыңдан барган сайын күч алып.
Башты көтөр, алыс-жакын байкасын,
Бекем болуп, бузукудан өч алып.

Болгон эле бир аз сенде кусалык,
Бир мезгилде өттүң кыйла тушалып.

Балалыгың өтсө дагы жалгыздап,
Баскын эми, аттан түшпөй,куш алып.

Бирге баскын Бурулуңдан бөлүнбөй,
Бул жашоодо кымбаты жок көңүлдөй.
Бир мезгилиң калган кезде түгөнүп,
Баары калат жер бетинде көрүнбөй.

*24-октябрь 2014-жыл*

## БАЛДЫЗДАРГА

Жездеңин соккон жүрөгү,
Жеткирбей койуп жүрөбү.
Жашында баркын билишпей,
Жездеңе койдуң күнөөнү.

Балдыздар баркын билбеди,
Баягы, ошол ким деди.
Бир мезгил өтүп кеткен соң,
Билемин, көңүл кирдеди.

Жаркырап жүрчүү кезимде,
Жакындай албай сезимге.
Жаштыкта кеткен күнөөңөр,
Жездеңде эмес, өзүңдө.

Бербедиң гүлүң арнаган,
Болбодуң бириң кармаган.
Бойтойгон балдызжандарым,
Бөлүшпөй кызыл алмаңан.
Бүрдөгөн кезде бүчүрү,
Бастырып өзүм барбагам.
Бейчеки өткөн күндөргө,
Билбеймин азыр таң калам.

*24-октябрь 2014-жыл*

## ҮСӨНБЕК ДЕП

Сен өлгөнүң, жалгыз гана өлбөдүң,
Сен билбедиң башкалардын өлгөнүн.
Сен дарылап, айыктырып койгондун,
Сүйүнгөнүн өз көзүмдө көргөмүн.

Сумсайгандан сумсайдырдың бөлмөңдү,
Сиз деп сүйлөп, билбейт элең бөлгөндү.
Сакайам деп, үмүт менен келгендер,
Сыздап ыйлап, сезди сендей өлгөндү.

Сыркоолорду сылап көңүл бөлгөнүн,
Сендей врач башка жерден көрбөдүм.
Сансыз элге тийер кезде жардамың,
Сенин жакшы болбой калды өлгөнүң.

Сени өлдү,деп айтылганга  көнбөдүм,
Сак-саламат жүргөн элең көргөмүн.
Санаа тартып өкүнүшүп,ким бирөө,
Сабыр кылбай, сени тирүү көмгөнүн.

Көрүп жүрөм сени таппай зарыкты,
Кош айтышты, көбү көрбөй жарыкты.
Катарында эжең, агаң оорушуп,
Кайра-кайра аңтарышып тарыхты.
Кантип сенин өлгөнүңө ишенбей,
Кандай болду,үсөнбек деп  зарыкты.

*23-октябрь 2014-жыл*

## КАЙДА КЕТТИ

Кайда кетти, кыз кездеги фигураң,
Көргөн сайын айраң калып бугулам.
Кымча белиң, кара көзүң өзгөрүп,
Картайдыңбы качып кетип жаш улан.

Кеткен сайын, кайран учур жаш улан,
Кирпиктериң кирдегендей кашыңан.
Кайран күндөр кайра келбейт экен деп,
Капа болуп, башы-көзүм кашынам.

Корком азыр, кокус келген ачуудан,
Көп эскертем, керек болсо ачуулан.
Кыз кезиңде жарык чачып турчу элең,
Калып калдың, күндөй нуруң чачуудан.

Кайда кетти кылтылдаган жаш улан,
Келеби деп, үмүт кылып умтулам.
Кырчын жашты кайрып берсе экен деп,
Күндөп күтүп, күдөр үзбөй булкунам.
Кыз кезеги келип калса кайрылып,
Куп өпкүлөп, канбайт белем ууртунан.

*23-октябрь 2014-жыл*

## КҮЗ КЫЯЛЫ

Сары, кызыл түс бойонуп жалбырак,
Сүрөткө түш дегенсишет жалдырап.
Сонун мезгил, ысык эмес катуурак,
Салкын тартып, тилегиңди кандырат.

Сүйкүмдөнүп күздүн күнкү жалбырак,
Сүзүлүшүп музыкадай жан курап.

Соккон кезде иргелишип шамалга,
Серпилишет башын ийип магдырап.

Сулуулугу суктандырып албырат,
Сени тиктеп күткөн өңдүү жалдырап.
Сүйүү ырын ырдагандай сезилип,
Сансыз түрдүү, күз мезгилде жалбырак.

Сагынычтуу башын ийип серпилип,
Сезим берип, сергектикти келтирип.
Саат өткөрүп, санай алгыс элеси,
Сабаланып жерге түшсө желпинип.

Секунд сайын өмүр өтөт өңдөнөт,
Саргайганын эң биринчи эл көрөт.
Сапар тартып,  кош айтып калганы,
Сезилгендей , жылган өңдүү дөңгөлөк.
Сагындырып жылдын кетип мезгили,
Салам айтып,аяз келет жөрмөлөп.

*24-октябрь 2014-жыл*

## ОЙЛОРУМ

Көрүп-көрбөй элестетип калгандай,
Көңүлүмө көп ойлорду салгандай.
Көкүрөктөн көңүл кушу чечилбей,
Кала бердим, түшкө кирген жалгандай.

Билип-билбей ойдо болуп ар кандай,
Бир нерселер унут болуп калгандай.
Бирге басып, колун кармап азыраак,
Бекемделбей жүрөк калды армандай.

Жүрүп-жүрбөй жытын берген бул маңдай,
Жарк деп күйчүү, караңгы түн жангандай.

Жанга кубат, эргүү берип азыраак,
Жылып кетип салдың мени арманга ай.

Күлүп-күлбөй күн кабагын салгандай,
Көп ойлорго батып батпай ар кандай.
Көргөн сайын көңүл чери жакындап,
Көпкө чейин бирге жашап калгандай.

Коштоп өскөн көкүрөктө алмаңдай,
Кеттиң алыс, колум тийип кармалбай.
Кучак жайып көңүл чери жазылып,
Кала албадым коштошууга баргандай.

Тийип-тийбей эриниңе эриним,
Таппай айла келсе дагы эригим.
Таткым келип турган кезде берилип,
Таамын татпай калдым таттуу жериңин.
Түшкө кирбей жүрсөң дагы Нурсулуу,
Тездеткениң жакшы болот келүүңүн.
Таасир алып соргум келип турамын,
Татынакай, жытын искеп гүлүңүн.

*15-август 2014-жыл*

## КЕЗИКТИРДИМ

Кезиктирдим кокус жерден бирөөнү,
Кайрып сага койгум келбейт күнөөнү.
Кимдин жары, кылып кудай койду экен,
Карлыгачтай, карагат көз бүлөөнү.

Көрүшкөндө көздөр тике карашкан,
Көркүңөн мен бир өзүңдү талашкам.
Көрсөм дагы көргүм келип кайрадан,
Көңүлүмө көңүл кушуң жарашкан.

Көрүшөбүз аянычтуу карашып,
Көйнөктөрүң бир өзүңө жарашып.
Көпкө чейин көңүл чери тарабай,
Калгым келчүү, кетким келбей жанашып.

Кезиктирдим, кандай болот билбеймин,
Карындашпы, атын атап ким деймин.
Качан болсо агайымсыз деп койот,
Капаланып, өткөн жашты тилдеймин.
Көзү менен, кошо бирге айланып,
Көрө албастын сөздөрүнө кирбеймин.

*13-август 2014-жыл*

## РАХАТ ШАКИРОВАГА

Күлүп туруп, Рахат деп атаган,
Көп кыялды, көптү билдиң атаңан.
Кеткен менен жүрсө керек түшүнүп,
Көңүл улап, сообун алып батаңан.

Көптөн билгем жээним Шакир агамы,
Көп айтчы эле, жакшы көрөм тагамы.
Көрүп калып, сыналгыдан өзүңдү,
Күтүлбөгөн айтаар сөзүм жагабы.

Күлбөй сүйлөп,башкаларды күлгүзүп,
Кадимкидей шайырлыгын билгизип.
Күтүлбөгөн сөздү айтып тартынбай,
Көңүлүңө, көкүрөккө тийгизип.

Кайран Шакир жээним өттү дүйнөдөн,
Көркөм өнөр, шайыр күлкү сүйлөгөн.

Катарында, тирүүсүндө койбойт деп,
Кайра-кайра көп ойлонуп сүйлөгөм.

Көрүп туруп, Шакирова дегенде,
Кадимкидей от чачылып денемде.
Кубанычым батпай абдан сүйүндүм,
Кайра-кайра Шакир атам дегенге.

Кандай сонун кызы болдуң Шакирдин,
Кайра оңдоп тирүүлүккө чакырдың.
Кетсе дагы аты чыгып турсун деп,
Көңүлүңдө бар экени акылдын.
Кадырына жетиптир деп бул кызы,
Кубангандан жазган ыры акындын.

*21-ноябрь 2014-жыл*

## СЕН БОЛУП БЕР

Сен болуп бер, мага кымбат датка айым,
Сен болуп бер, ширин даамың татмайым.
Секелек кыз болбосоң да сен азыр,
Сергибеймин, сунуп колум артмайын.

Сен болуп бер,  жыттап кумар татмайым,
Сен болчу элең, издегенде тапмайым.
Сени эңсеп, сагынычым таркабайт,
Сүйлөшөсүн, түн уйку таң атмайын.

Сен алыста мен издеген тапмайым,
Сулуулугуң бир өзүмө мактайын.
Сендей мага жалгыз болуп төрөлсөң,
Сенин жүзүң, түбөлүккө сактайын.

Сен болуп бер, мени сүйгөн даткайым,
Сары эмес,көк да эмес ак чайым.
Суусаганда жута койуп тургудай,
Суусунум бол түгөндүрбөй сактайын.

Суктанайын кыялыңа каныгып,
Сунган колуң  моокум каныпjыттайын.
Сага деген, ичимдеги сыр ушул,
Сергүү албайм сенин даамың татмайын.

*11-июль 2014-жыл*

## СЕНДЕН МЕН

Сенденби ыктап жүргөн көңүл келип,
Сүйүнүп гүлзарыыңдын гүлүн терип.
Сагынтып, кусалантып жүрсөң дагы,
Сенден мен, алыс эмес жакын делип.

Сенденби, күткөнүм бар күлгөнүңдү,
Сага деп, ырлар жазам билгенимди.
Сапарлап, жүрсөң дагы алыс жакта,
Сенин мен күтүп жүрөм келгениңди.

Саарбы, кеч саламдашып жүргөнүңдү,
Саамайдан бир жыттатып жүрбөдүңбү.
Сүйүүнүн сезими жок болсо дагы,
Сагындым, ошол өткөн күндөрүңдү.

Сенден мен, күткөнүм бар жылмайганды,
Сексен жаш, өтө жашап улгайганды.
Серпилип сүйлөшкөндө кызыктырган,
Сезбепмин, өмүрүмдө сендей жанды.

Сен мага, мөлтүрөгөн жүзүм болгун,
Сапарын тарталы бир, узун жолдун.
Сага мен, болбосом да өмүр шерик,
Сен үчүн ыр жараткан ырчың болдум.
Самаган учурумда гүл зарыңа,
Саамайдан сылаганча келет конгум.

*23-09-2014*

## КАРЫЛАРЫМ

Карыларым , картайбагын карыбагын,
Картайсаң да, өзгөрүлүп арыбагын.
Көңүл чөгүп, көңүлгө алып, капа болбо,
Көзүң чарчап, көзүң талып арыганын.

Карыга, мойун сунуп карыбагын,
Кулактын жардамчысы тагыларын.
Көзүңө очки салып кадимкиңдей,
Каражат керек болсо табылаарын.

Картайып, тагдырыңа таарынбагын,
Күчүнөн пайдалангын кабырганын.
Кемпирдин жамбашынан алыстабай,
Кайтарба, жаш кезиңдей жалынганың.

Кайратты кармай билип багынбагын,
Кимдерге, бирөөлөргө жагынбагын.
Көңүлүң чөгүп барса, төмөн болуп,
Кеткенди,  өткөн күндү сагынганың.

Калат го кош айтышып кармаганың,
Калганы жакшы болот кемпир, малың.
Кылымдап жашасаң да өмүр өтөт,
Карысаң ошол экен жакшы жагың.

Кайкаңдап, койкоңдогон карыларым,
Кадырың сактай жүр дейм жалпы баарың.
Кеткиче тигил дүйнө караңгыга,
Кор болбой өткөн жакшы өмүр жаның.
Картайып, өтө карып болтурбастан,
Кудай да кабыл алаар ошол жагын.

*22-сентябрь 2014-жыл*

## МЭЭРИМ СЕНИ

Мээрим сени, аял заттан буйурсун,
Мээлүн аба, кееде шамал куйунсун.
Мен аясам, сен да мени аясаң,
Мен карманган, сен урунган буйумсуң.

Мээрим сени, аял затка буйурсун,
Мен эле эмес, башкалар да туйунсун.
Меерим сенин, кееде кылган мамилең.,
Меелеп тийип, жакшыларга туйулсун.

Мээрим сени, бир туугандан буйурсун,
Мезгил-мезгил башкачараак кыйынсын.
Мени сага, сени мага баалабай,
Миң сом эмес , бааланбаган тыйынсың.

Мээрим сени, бир тууганга буйурсун,
Мелт-калт болуп, көл суусундай куйулсун.
Мээлүн соккон Ысык-көлдүн желиндей,
Мага, сага бирдей болуп туйулсун.

Мээрим сени, балдарыңдан  буйурсун,
Менин балам, сенин балаң туйунсун.
Мамилеси, акыл эси сакталып,
Масчылыктан алыс кетип тыйылсын.

Мээрим сени, небереден буйурсун,
Мени, сени чоң атам деп сүйүнсүн.
Менин сөзүм, сенин сөзүң сакталып,
Медер болуп, көкүрөктө түйүлсүн.

Мээрим сени, тирүүлүктө буйурсун,
Мен тарапка, сен тарапка туйулсун.
Менин көзүм, сенин көзүң өткөрбөй,
Мени сыйлап, сени сыйлап сүйүнсүн.

Мен өткөнчө, сен өткөнчө түшүнүп,
Мен тирүүдө, сен тирүүңдө күйүнсүн.
Миң кайгырып, ыйлаганы бекер кеп,
Муңкандырбай, мени сыйлап үйүлсүн.

*20 сентябрь 2014-жыл.*

## КИМ БОЛОТ

Аял деген ким болот,
Алыстан жарык, күн болот.
Алкынып кээде, калганда,
Аста-аста десең, тим болот.

Ал деген адам ким болот,
Абайла кееде жин болот.
Айтканды такыр түшүнбөй,
Асылып барып, тим болот.

Ал өзүн билсе, гүл болот,
Айрыкча жарып, күн болот.
Апаң деп, келип сурасаң,
Аа десе, жакын үн болот.

Ай жарык, бирок түн болот,
Ачылып турган гүл болот.
Ардайым, тынбай түйшүктүү,
Алтындан кымбат, гүң болот.
Ачуусун билбей келтирсең,
Ааламга дароо дүң болот.
Абайлап койсоң кашылап,
Айкырып, анан тим болот.

*15-сентябрь 2014-жыл.*

## КАЛЫС СҮЙЛӨ

Калыс сүйлө, көздү көздөй түз кылып,
Караштырып, адаштырбай сөз кылып.
Кара ташты как жарылтып тартынбай,
Калың элде,беттештирип көз кылып.

Калыс сүйлө, улуу, кичүү, жашына,
Карабастан ыраң-орой кашына.
Карындашым, алыс жакын дебестен,
Калк ичинде калыс сөзүң жашырба.

Калыс сүйлө, куйсупурлук кылбастан,
Кыр чыгарба, тукум менен жамбаштан.
Кадимкидей, айтаар сөзүң айта бил,
Кайра тартып кетенчиктеп калбастан.

Калыс сүйлө, кызматыңдан чочубай,
Кырында бол, Памир, Алай чокудай.
Келечекте көптү билгиң келсе эгер,
Калпты кошуп, сүйлөбөй жүр токумай.

Калыс сүйлө, кошулбастан жалганга,
Кубанбагын, көптүн мүлкүн алганга.
Көпчүлүктө кошоматчы көп болот,
Көрүнүшкө көз көрсөтүп калганга.

Калыс сүйлө, көп узаган жаңжалга,
Көңүл бөлбө сени мактап калганга.
Кайраштырып, тескерилер жок эмес,
Кайра-кайрып, айтпагам деп танганга.

Калыс сүйлө, ачык сүйлө тартынба,
Калып сезим, калсын чечим аркаңда.
Калайык-калк сага калсын ишенип,
Качан болсо чындык болсун тартууңда.

Кадай учур, кандай шартка карабай,
Кабарлаш бол, калыс сөзүң айтууңда
*15-сентябрь 2014-жыл*

## СҮРӨТҮҢ

Сүрөтүң бийик жерге илгим келет,
Сырыңды айта электе билгим келет.
Сыртыңан көргөн сайын сугум түшүп,
Сулуунун, бир өзүнө келгим келет.

Суу алган булагыңды кқргүм келет,
Суусасам сууңду жутуп көнгүм келет.
Суйкайган чырайыңа канам деп,
Суктанып, көңүлүңдү бөлгүм келет.

Салкында сары гүлүң тергим келет,
Суурулса жүрөгүмдү бергим келет.
Сулуусун сендей келин көрбөгөнмүн,
Сумсайтпа, бир өзүңө эргүүм келет.

Салкындап, бирге басып жүргүм келет,
Созулбай, шайыр болуп күлгүм келет.
Сактанып, жашынбастан сени менен,
Салтанат ойун-күлкү кылгым келет.
Сен үчүн бардыгына макул болуп,
Сүйүүнүн кучагында сынгым келет.
*15-ноябрь 2014-жыл*

## МЕН УКТАБАЙМ

Мен уйкуну өтө жакшы көрбөймүн,
Мээ сергитип, сыртка чыгып кел деймин.
Менменсинип ыр жаздым деп мактанып,
Мен башкага такыр келбейт кердейгим.

Мен ыр жазып, уйку көрбөй тердеймин,
Мээнетимди башкаларга  бербеймин.
Мээ кайнаткан, саратан кез болсо да,
Меелүн сезип, ыр калемин сермеймин.

Мен күзөтүп, түндөп бешик термеймин,
Мен ырымды эл жазгандай теңдеймин.
Максат – ойду орундатып коймойун,
Мактаса да, чыкырса да келбеймин.

Мен ыр жазам, жалкоолукту билбеймин,
Масты көрсөм, көңүл чөгүп кирдеймин.
Мага жакпай, сүйлөп койсо бирөөлөр,
Максатым бар, акыл айтып теңдеймин.

Мага келет, ырлар түндөп түрткүлөп,
Мен отурбайм, уйкусурап үргүлөп.
Мезгилинде кармап калып токтобой,
Мен жазамын, сүйүнүчтөн күнгүрөп.
Махабатпы, турмушпу же башкабы,
Маакул болуп, бул өзүмө келди деп.

*15-ноябрь 2014-жыл*

## АМАН БОЛСОҢ

Аман болсоң, аркыл турмуш көрөсүн,
Абадагы ыссык, суука көнөсүн.
Адашпастан акыл-эсиң сактасаң,
Ак, караны билип, сезип бөлөсүн.

Ар адамдын, ар башкача мүнөзүн.
Айрымдарга айраң болуп күлөсүн.
Арамзалар, алдамчылар ичинде,
Айласыздан бирге басып журөсүн.

Аралашып арак ичпе сен өзүң,
Андай ишке, тез арада көнөсүн.
Арасында жер баспаган дагы бар,
Ал адамдар асманда дейт төбөсүн.

Абдан байка, ким экениң сен өзүң,
Акыл менен татту өмүр сүрөсүн.
Алыс жашап, келечегиң кең болуп,
Ар бир күнү, алтын аркан түрөсүн.
Адашпастан, абайласаң  турмуштан,
Айтты эле деп, улуу сөзүн билесин.

*14-ноябрь 2014-жыл.*

## АЗЫРКЫЛАР

Сен сүйлөсөң, мен сүйлөбөй сылык сөз,
Сени бөлүп, мени бөлүп кылбай өз.
Сенин урууң, менин уруум айтылып,
Сага карап, мага карап кылык кез.

Кандай болду, кызык болуп ушул кез,
Караманча өзгөрүлдүк неге тез.
Кагылайын карыларым кылчайып,
Көңүлгө алып, айткан күндү билип сез.

Бир кездеги аксакалдар сүйлөшкөн,
Болуп калса чаңын көрүп үйлөшкөн.
Байкап көрсөң, азыркылар башкача,
Батынбайсын сөз ашырып сүйлөштөн,

Ушак айтып, урматтабайт өздөрүн,
Унчукпастан айтпайт такыр өзгөнүн.
Урмат сый жок, жамандашат дайыма,
Улам-улам, кысып сүйлөп көздөрүн.

Бололучу алып адам көңүлүн,
Биртке калса, бешенеңде өмүрүң.
Балдар, кыздар кандай болду дешпейби,
Билип туруп, угуп туруп сөгүүңүн.
Баары байкап, сенин айткан сөздөрүң,
Баасын билип, жакшы-жаман төгүнүн.

*14-ноябрь 2014-жыл.*

## ТЕҢТУШУ БОЛДУҢ БИРӨӨНҮН

Чеберим дечүү чеберим,
Чепкен,  тон тигип берeерим.
Чектеген күнгө жете албай,
Чегине түштүң бирөөнүн.

Айтчы элем дайым келеерим,
Айдан да күнгө теңеерим.
Алыстап кеттиң бирөөгө,
Алтынга теңдеш медеерим.

Талабым менин тилегим,
Татыбай койгон тилегиң .
Тагдырга таамай түшүндүм,
Ташматка тийип кетеериң.

Туруксуз экен жүрөгүң,
Теңтушу болдуң бирөөнүн.
Табигат жашоо ушул деп,
Таасирин билип жүрөмүн.

Колумду сунуп ыктаймын,
Колтуктап көчө чыкпаймын.
Көңүлдө кееде бир болуп,
Кечкирип зорго уктаймын.
Кыз кезиң эске түшүрсөм,
Кыйналып добуш укпаймын.
Качанкы түшкөн сүрөтүң,
Кармалап койуп жыттаймын.

*10-июнь 2014-жыл.*

## ӨТӨ КАТУУ КҮН ДЕП БИЛЕМ

Мен сени амалым жок күтүп жүрөм,
Макулдук берчүү дайым сөзүң билем.
Магдырап көргөн сайын канаат алчуу,
Мени сен күтчүү жерге барып тийем.

Мас болуп кусалыкка тойуп жүрөм,
Маанайым пас болсо да шайыр күлөм.
Мен үчүн жалгыз жарык болгонуңду,
Миң жолу актайм сени жок деп күнөөң.

Мен үчүн болбосоң да жалгыз бүлөөм,
Манчыркап сен бар үчүн жашап жүрөм.
Мемиреп түшкөн сенин сүрөтүңө,
Манчыркап сен күлгөндөй мен да күлөм.

Мейли деп күндөр өтпөй сен деп жүрөм,
Максатсыз ойлор толуп түрдүү түмөн.
Мамилең узап кетпей, кыска болуп,
Менде да, сенде дагы жоктой күмөн.
Москва шаарын көздөй калышыңды,
Мен үчүн өтө кыйын күн деп билем.

*3-июль 2014-жыл*



Жолубузду оңдой турган сөз болуп,
Жаңы жылдан быйыл бүтөт тез деген.
Жалпы эли, кары, жашы сүйүнүп,
Жакабызда калбай адам сезбеген.
Жаңылатып, жарашыктуу бүткөнүн,
Жакшы иштер бүтөт го деп көздөгөм.

Жаш карылар айттык жакшы асыл кеп,
Жакшы болду колдоо берип Асылбек.
Жол курулуп, мектеп менен спорт зал,
Жаштар үчүн эң керектүү келечек.
Жапырт туруп, эки колду көтөрүп,
Жолун улап ак батаны бербесек.
Жогор жактын төрагасын аркалап,
Жарашкыдай тынбай иштей бер десек.
Жериң үчүн, элиң үчүн кыргызга,
Жалпы журтка кызмат кылгын сен десек.

*11-июль 2014-жыл*

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Сен болуп сайрап бактагы,
Сезилбей айрым жактары.
Сайраган булбул өңдөнүп,
Сагынтып жүрөт аппагы.

Сүлкүлдөп жүргөн жаштагы,
Сүйгөнүм элең баштагы.
Сүйүнтүп колум кармалап,
Сүйкүмдүү болгон жаш чагы.

Сүрдөнтүп колду кармалап,
Сүйгөн кез сага арналат.
Себеби болду билбеймин,
Сен таштап кеттиң далдалап.

Сыртыңдан жүрдүм акмалап,
Сүйүүмдү сага бакмалап.
Сүрөтүм эмес өзүмдү,
Сурадың бердим накталап.

Сурадым көргөн, билгенден,
Сүйгөнүң болдум бир келген.
Салкында калып термелип,
Сен үчүн көз жаш ирмелген.
Сапарың менден алыстап,
Сагыныч болдуң бир көргөн.

*19-июль 2014-жыл*

## САРАТАН КЕЗДЕ ЖОЛУКПАЙ

Суктанам өмүр өтсө да,
Сулуулук кезим кетсе да.
Суйкайып кайдан жолуктуң,
Сергек кез өтүп бүтсө да.
Саамайдан койдуң жыттатып,
Самаган жарың күтсө да.

Сарысын салып жолуктун,
Саар эмес түштө жолуктуң.
Сакелер менен кошулуп,
Санитар иште болупсун.
Саатында мезгил учурдун,
Суктанткан жандай толупсун.

Сендейди алып келген ким,
Сулуусу болсоң Баткендин.
Суктанткан сулуу Нурумай,
Себебин тапчы канткендин.
Сүйүнүп сени кармалап,
Сүрдөтпөй жыттап кеткенмин.

Сыпайы ачык мүнөзүң,
Сырыңды айтып күлөсүң.
Сагынтып азыр өзүмдү,
Сырт жакта жашап жүрөсүң.
Самаган кезде колго алып,
Сүрөттөн карайм бир өзүң.

Сактайм го гүлүң соолутпай,
Суктанткан сулуу колукту ай.
Салкындап калган кез эмес,
Саратан кезде жолукпай.
Сарсанаа кылбай агаңды,
Сактагын жүрөк оорутпай.
Секелек кезиң элестеп,
Суктанып жүрөм соолукпай.
Сарп кылып өзүң өзүмө,
Салынган сары жолуктай

*15-июль 2014-жыл*

## ҮСӨНБЕК САГА ҮЧ СУРОО
## ӨТКӨН КҮНҮН ЭСКЕРИП

үсөнбек ай, неге кыска өмүрүң,
үй-ичиңен калган беле көңүлүң.
үмүт кылып, келгендерди дарылап,
үлгүрсөм деп, айтчы элең го көбүнүн.

Кандай болуп, кокустукка жолуктуң,
Кимдер менен келди ажал тоорушкуң.
Көңүлүңдө эч бир кириң жок эле,
Келди беле, ким бирөөгө болушкуң.

Арачалап, жардам бербей койдубу,
Алаксытып, эки көзүң ойдубу.



Телегейи тегиз болгон атадай,
Теминмекмин мерседести оң колдо.

Күтүп турсам, өз үйүмдө коргондо,
Күз мезгили, берекеге толгондо.
Кыздарынын бирин кошо жетелеп,
Келбейт беле, кызым тирүү болгондо.

Кыздар калды, кыйпаңдашып тар жолдо,
Кыйналабы, кысталабы болжомдо.
Кыйкырышып, доошу турмак угулуп,
Кайран кызым, эгер тирүү болгондо.

Күндө эстеп, күндө самап сагынам,
Колдоп жүр деп Нурланыма жагынам.
Каражаттан муктаж болбойт билемин,
Камкор болот акча-тыйын жагынан.
Келечеги кең болсун деп кыздардын,
Күндөп-түндөп бир кудайга жалынам.

*1-сентябрь 2014-жыл*



Тегеретип бузуп таштап оңдоду,
Тегиздетип түздөштүрүп комдоду.
Типтик кылып, үйдү оңдоп тургузуп,
Тартуу берип каражатын колдогу.

Ары өткөндөр, бери өткөндөр көрүшүп,
Ата жайын оңдоду деп көнүшүп.
Арасынан көп убакыт өткөрбөй,
Алып берсе болмок экен бөлүшүп.
Ата-энеңдин арбактары сүйүнүп,
Алса керек көз жаштарын төгүшүп.
Акыреттен ыраазылык билдирип,
Аа дүйнөдө жүрсө дагы өлүшүп.

*6-09- 2014*

## ТАИР, МЕНИН ДОСУМА

Менин дагы, сенин дагы Ошум бирөө,
Мен үчүн, сен үчүн да чоң үй-бүлөө.
Миңдеген жылдар ашып жашап келдик,
Менден да, сенден да, кетпей күнөө.

Менин дагы, сенин дагы суубуз бирөө,
Мен же сен, дүнүйөгө болбой тирөө.
Мамлекет көп улуттуу , өзбек кыргыз,
Менин да, сенин ойуң алга сүрөө.

Мага дагы, сага дагы Өзгөн бирөө,
Маңкурттар кетиришти эки күнөө.
Максатым, максатыңды көрүп турган,
Маңдайда карап турган Кудай күбөө.

Мага дагы, сага дагы асман бирөө,
Мен да дос,сен да дос кылбай күнөө.
Мемиреп жашайлычы түбөлүккө,

Мен же сен түркүк болбой дүнүйөгө.
Максатты сага берип, мага берип,
Тынч өмүр, жашоо берип үй-бүлөөгө.
Таир дос, сен экөөбүз бирге болуп,
Таарыныч калтырбайлы эч бирөөгө.

*7-09-2014.*
*Жаныбек Мырзаибраимов.*

## БИР КУДАЙ

Жашоону берген бир кудай,
Жаркырап, жашап тургудай.
Жаратып күндү тийгизип,
Жакшылап эмгек кылгыдай.
Жашоонун бил деп кадырын,
Жарашык турмуш кургудай.
Жашыңдан иште жатпастан,
Жаш өтүп көңүл тынгыдай.
Жаштыгың өтүп картайсаң,
Жамбаштап бутту сунгудай.

Кудук суу эмес бургудай,
Калыска калыс бул кудай.
Көрсөтпөй жулуп элдикин,
Каракчы, ууру болгудай.
Караңгы жерден тоногон,
Кампага жыйып толгудай.
Калкына кылбайт жамандык,
Кадимтен калыс чоң кудай.

Жакшыга жакшы бул кудай,
Жан адам эмес ургудай.
Жытыңан сезип жүрөгү,
Жардамын берет курбудай.
Жабышып ичсең аракты,

Жаткырат кылбай тургудай.
Жадатсаң элди жериңди,
Жактырбайт сени чоң кудай.

Болбосоң жатып сулкумай,
Болгонго берет бул кудай.
Боор ооруп жакшы пендем деп,
Береке, байлык болгудай.
Бергенге берем деп турат,
Болбосо жуткуч жулкумай.
Бешене жайык адамга,
Бузуку эмес, кымтымай.
Бардыгын берем деп турат,
Башкарса элден кымтыбай.

Жатсаң да, турсаң бир десеңң
Жараткан кудай бул десең.
Жакшына жүрсөң таптаза,
Жарашып көздү ирмесең.
Жашоонун жолу оңолот,
Жаңылбай айтсаң келме сен.
Жалкоолук кылбай түрүнүп,
Жалтанбай иштеп тердесең
Жакшы деп атка коносун,
Жарыгың чачып элге сен.

*6-август 2014-жыл*

## СҮРӨТҮҢДӨН СЕЗДИРИП

Сүрөтүм сүйлөйт күлмүңдөп,
Сүйүнүп, эрке күлдүм деп.
Сагынып мени калганда,
Саамайдан жыттап жүргүн деп.
Сезсеңиз мени түшүнүп,

Селкиңиз болгон гүлмүн деп.
Сапардан кайтып мен келсем,
Салкынын бериң түндүн деп.

Сүрөтүң сезем өзүңдөй,
Сактаймын көзүң, көзүңдөй.
Сагынган менен айла жок,
Сага да, мага сезилбей.
Сылашаар күндү күтөмүн,
Сырдаша калчуу эзилмей.
Самаган жерде жолуксак,
Саратан жайдын кезиндей.
Сакталып менде жүрөсүн,
Сендей жок мага өзүңдөй.

*6-09- 2014-жыл*

## БАЙКАЛБАЙМЫН

*Токомдун 150 жылдыгына карата*

Токтогулду,Токтогул деп айта албаймын,
Током деген, пикиримден кайта албаймын.
Токомдун толгон-токой ырларындай,
Толгонуп, ырларымдан байкалбаймын.

Токомдой, тогуз кайрып,чайканбаймын,
Токомдой Сибирь барып, кайталбаймын.
Толгонуп карагайдын комузунан,
Тоо булбул, торгой ырчы байкалбаймын.

Эркиндик, эгемен деп тайтаңдаймын,
Эски өткөн заманага кайта албаймын.
Эркимче беш каман деп Токтогулдай,
Эбим жок, эптүү ырчы байкалбаймын.

Током деп, араң айтып кайпаңдаймын,
Токомдун ырын ырдап кайкаңдаймын.
Жүз элүү жашы жашка жетсе дагы,
Жүрөгүм сактабайт деп айталбаймын.
Токомдун жүзүн көрүп сүрөтүнөн,
Толуктап ыр жазуучу байкалбаймын.

*19-сентябрь 2014-жыл*

## ӨТКӨН ӨМҮР

Өткөнүнө  өмүрүмдүн ашыгып,
Өкүнөмүн көздү ирмеп жашыгып.
Өмөчөктөп, кетпей турбай отуздан,
Өчүм бардай жүгүрдүмбү шашылып.

Өткөнүн көр, өмүр чиркин  шашылып,
Өкүндүрөт, булкунганы ашынып.
Өтпөй турбай, отуз беште дем алып,
Өдө көздөй, көчкөнүм көр ташынып.

Өлө-тала, чуркап жүрүп шашылып,
Өнөрлөнүп, сумка жонго асынып.
Өгөйлөбөй, кырктын жашын кучактап,
Өпкөлөнбөй тура-турбай басынып.

Өкүнөөрүм, билсем дагы жашырып,
Өзүмдү-өзүм өзгөлөрдөн ашырып.
Өткөрбөстөн кармап турбай темселеп,
Өткөрүпмүн кырк беш жашым качырып.

Өтпөгүн деп, өлгүчөктү басынып,
Өзүм үчүн элүү жашка жашынып.
Эл ортону, эсеп болгон бул жашты,
Эптеп-септеп алып калбай жашырып.

Эссиз кайран, өмүр өтүп кеткенин,
Эптей албай, эми турам жашыгып.

*18-сентябрь 2014-жыл*

## ӨКҮНӨМҮН

Өкүнөмүн, өтө качкан жашыма,
Өткөрүрөөк кайдан келдиң кашыма.
Өзгөчө бир, жан экениң билдирип,
Өткөрсөң дейм, өз башыңы башыма.

Өтө токтоо, көзгө сүйкүм мүнөзүң,
Өтпөй турбай отуз жаштан бир өзүм.
Өзгөчө сен, жан эргитип башкача,
Өкүндүрүп, суктандырып жүрөсүң.

Өйдө карап, тиктегениң күн өзүң,
Өтө шашпай, ченеп-бычып күлөсүң.

Өчпөй турган, Баткениңдин гүлүндөй,
Өзгөчөрөөк, башкачараак мүнөзүң.

Өткүм келет, гүлдөп турган багыңа,
Өскүм келет, бутак болуп шагыңа.
Өткүр кыял, белги койуп алсамбы,
Өзгөчөлөп кудай койгон калыңа.
Өмүрүңдүн жаш кезине туш келип,
Өкүнбөймүн кеткен учур маалыма.

*19-сентябрь 2014-жыл*

## АЛТЫН БЕШИК МЕКТЕБИМ
## ЭЛТР КЕЛИП ТАРТКАНДА

Атыңардан айланайын коллектив,
Алыс болуп жүрсөм дагы мен кетип.
Алганымда гүлүңөрдү колума,
Айга,күнгө калган болдум мен жетип.

Мезгилинде бөлүгү деп үйүмдүн,
Мектебимди кайра көрүп сүйүндүм.
Меенетимдин бар экенин түшүнүп,
Мен силерге таазим кылып ийилдим.

Алтын уям,алтын бешик мектебим,
Абдан келет мен силерден кетпегим.
Алтымыштан аша калган жашымдан,
Аргасыздан сени таштап кеткемин.

Эми мына жетимиш жаш чектемин,
Эстен кетпейт кыйынчылык чеккеним.
Эстеп мени унутпайт деп түшүнүп,
Элим үчүн таштайм барак беттерин.
Эки кылым өтсө дагы кайталап,
Эске алып сактайт окшойт мектебим.

## ЫЙЛАЙТ БЕЛЕМ

*Майрам күндөрдө жоктоп.*

Өксүймүн өзгөчө күн өтүп калса,
Өчкөн от,өзгөрүлүп күйүп жанса.
Өкүнөм өтө кыйын капа болуп,
Өткөндө майрам күндөр болуп канча.

Кыйылып, кыйналамын сени эстеп,
Кымтынып күн өткөрөм эптеп-септеп.

Көчөдө жүргөндөрдүн элестери,
Кызымды көз алдыма элестетет.

Жүрсөң сен,эсен-аман үндөйт белем,
Жаркылдап эл күлгөндөй күлбөйт белем.
Жашырып канча жолу тыйсам дагы,
Жарышып жүрөгүмө тынбайт денем.

Жашооңду колдон келсе кыйбайт элем,
Жашырып башкалардан сыйбайт элем.
Жаркырап элдей болуп жүрө берсең,
Жалдырап, сени таппай ыйлайт белем.

## КЕРЕК

Эркелеп,шайыр гүлгөн күлкү керек,
Эсиңден кетпей турган күнкү керек.
Эстелик, унутулгус боло турган,
Эстүүнүн сактап берген мүлкү керек.

Жаштыктын жарашыктуу көркү керек,
Жатыккан адам заттын эрки керек.
Жадырап, жайнап турган жаш жигитке,
Жолунан күтүп турган селки керек.

Эс менен, акыл менен үмүт керек,
Эси жок, жаман ишти үңүп келет.
Эртеңки жашоо, турмуш өмүрүңө,
Эп келген, көзөмөлдүү үмүт керек.

Жаштыкты жабыркатпай билиш керек,
Жалтанбай  жакшылыкка кириш керек.
Жакшы сөз айткан болсо көсөмдөрдүн,
Жакшылап,кулак төшөп угуш керек.
Жолоочу болсо дагы айткан сөзү,
Жармашып бүт денеңе жугуш керек.

## КАБАГЫҢ

*Айрым аял заттарынан байкалып.*

Кыш чилдедей бүркөлгөндө кабагың,
Кандай болсом, кантип сага жагамын.
Карбаластап алыс качып кете албай
Кадимки эле, алты жашар баламын,

Кар жаагандай карыш түшсө кабагың,
Кара көлдүн суусу болуп,агамын.
Карай албай тирмеңдеген көзүңдү,
Кайпалаңдап жетим өскөн баламын.

Кармаласа идиш-аяк табагын,
Карды ач деп, даяр кылам тамагын.
Катуу басып,добушумду чыгарбай,
Кошоматтап, тиктеп калам кабагын.

Көргүм келбей кееде келет карaанын,
Кыйкырат деп, ченеми араанын.
Көңүл ачып кееде калып сүйүнүп,
Коңшуларга айылчылап барамын.
Кулак,мурдум тынчып калат ошондо,
Кудай жалгап, орундалып талабым.

## ПОЭЗИЯ КЕЧИРГИН

Мен кеч келдим,поэзия түшүнгүн,
Мен өзүңдөн карызмын деп, түшүндүм.
Менде канча аракеттин бардыгын,
Мейли десең сынап билчи күчүмдүн.

Мен жөнөкөй, жөп-жөнөкөй кишиңмин,
Мени сыйлап, мүрөк суусун ичиргин.
Мен өзүңдүн түйшүгүңдү тартайын,
Мендей жанды көтөрмөлөп кечиргин.

Мен өзүңө абдан келет чечилгим,
Мага дайым көңүл буруп чечилгин.
Максатым бар, өзүң менен болушка,
Менден кетсе ката ойду кечиргин.

Мен болойун булбул кушу кечиңдин,
Мен укпайын, сөзүн башка эч кимдин.
Мен өзүңдөн алыс кетпей түбөлүк,
Максатымды толук айтып чечилдим.
Мен өзүңдөн айланчыктап кетпестен,
Менин сага, тууган болуп сезилгим.

## ЖАРАТЫЛЫШ

Жаратылыш -жандуу жана жансыз болуп бөлүнөт,
Жарык чачып, кундузу күн так үстүңөн көрүнөт.
Жатаар мезгил, эс алгыла чарчадыңар дегенсип.
Жылдыз чыгып, тун алмашып караңгылап үңүлөт,

Жаратылыш -сага, мага жакшынакай көрүнөт,
Жашооң үчүн,бул турмуштун  кызыктуусун көрүп өт.
Жарашыктуу мезгилдери, маалы менен алмашып.
Жазга, жайга ,күзгө, кышка төрт мезгилге бөлүнөт.

Жашооң үчүн жаштык кылбай,бешене тер төгүп өт,
Жалкоо болсоң жалчыбайсың,өз абийриң төгүлөт.

Жатып ичеер, наадан го деп,ары-бери өткөндөр,
Жаман айтып,кейип-кепчип ичтеринен сөгүнөт.

Жаратылыш -тирүүлүктүн келип,кетеер төркүнүң,
Жакшы жаша бул өмүрдө баркын билип көркүңүн.
Жашоо сенден өтүп кетсе,бул дүйнөгө кош айтып.
Жүз түнүңө жарашпастыр,жарыкчылык бир күнүң.

## БАКЫЛ БОЛБО

Акты көктү ажырата билип ал,
Аксакалдын качан болсо тилин ал.
Акыл менен ажыратып өзүңө,
Ар кайсыны кармалабай бирин ал.

Отту жаксаң опурулган күлүн ал,
Омкорултуп тамыр үзбөй гүлүн ал.
Окшоштуруп чын жалганды кошпостон,
Ой-пикирин ойлонушуп билип ал.

Аралашып аша кетпей ойлонгун,
Ар бир сөздүн оордун билгин койгондун.
Адам жашы чексиз эмес ченелүү.
Ашыкчасы  зыян болот тойгондун.

Буза тартпа, бузуп жарып эл ичин,
Будуң, чаңдуу түзүп койбой келишим.
Бакыл болбо, көргүң келбей башканы,
Бербейт ошол, өмүр бою жемишин.

## МЕН ТЕҢЕЛБЕЙМ

Мен таарынбайм иттей катуу үргөнгө,
Мен төрөлгөм, асман ачык күндөрдө.
Макулуктай куйсупурдай ойлонбойм,
Мен гана деп, өзүн мактап жүргөнгө.

Мен теңелбейм, басынбаймын кимдерге,
Мееси кургап, көйрөңдөнгөн жиндерге.
Мансап, дүйнө келе калса азыраак,
Мактанбаймын, мен алардай билгенге.

Мен теңелбейм, көңүл бөлбөйм сендейге,
Мен өзүм деп, эл ичинде делдейбе.
Маани билбей көкүрөгүн каккылап,
Максаты жок, учуп жүргөн желдейге.

Мен теңелбейм, өмүр бойу сендейге,
Мышык болуп, оозун ачып кермейге.
Мактанганды, мактаганды көрсөм да,
Маани бербейм, кургак акыл көңдөйгө.
Мен андайды көрүп жүрүп көнгөмүн,
Мен теңелбей, басып кетем көйгөйгө.

## ЖЕТКИРБЕЙ АЛЫС КАЧСАҢ ДА

Тозсоң да  темир кашаалап,
Түбөлүк кимдер жашамак.
Туш болуп, бир күн калаарың,
Теңириң билип жасамак.

Качсаң да токой аралап,
Койбойсун алдап паралап.
Колуна бир күн түшөсүн,
Корксоң да качып талаалап.



Кыз болсоң, кызы болгун Жасминамдай,
Күн чыгып, бүркөлбөстөн чачылгандай.
Кашкайып күлүп турат бажырайып,
Кызарып кызгалдактар ачылгандай.

Кызымдын бешенеси ачык маңдай,
Күздөгү күн бүркөлүп ачылгандай.
Көп ишти, нан жасашты билим алды,
Катарлаш кыздар өңдүү тасыгандай.

Кыйнабай чоң энесин, чоң атасын,
Күттүрбөй оңдоп койот бар катаасын.
Кызымдан көп нерсени үмүт кылам,
Кыйналбай беришет деп эл батаасын.

Көрбөймүн кир болгонун, кир чакасын,
Катуурак аяп басат бут такасын.
Кылдаттык мамилени таамай билип,
Карайт дейм кор кылбастан чоң атасын.

## КҮМӨНДҮҮ ЭМЕС БАРААРЫМ

Көмүскө катпай жамалың,
Көрсөтчү аппак тамагың.
Көп мезгил өтүп кетти го,
Көрсөм деп, сени самадым.

Көрсөтпө бүркөө кабагың,
Канткенде сага жагамын.
Кайрылбай сенин артыңдан,
Кабарлап издеп табамын.

Көрүнбөй көпкө караның,
Көктөмдө жылдыз жанаарым.
Көңүлүм толук ишенет,

Кумарым сенден канаарын.

Көңүл ток, сени табаарым,
Кучактап бекем калаарым.
Колумду артып мойнуна,
Кош жылдыз болуп калаарым.
Күтсөң да мени күтпөсөң,
Күмөндүү эмес бараарым.

## КАЧАН СЕН

Кызгалдак гүлү болуп көрүнөсүн,
Кызарып, күн нуруңдай төгүлөсүн.
Койкойуп басышыңды салыштырсам,
Көктөмдүн көркүн берген өзү сенсин.

Күздөгү гүлкайыр гүл өзү сенсин,
Күттүрбөй качан келип, кезигесин.
Кучактап мен көтөргөн букет болуп,
Качан сен, кадимкиңдей, сезилесин.

Кыпкызыл роза гүлү өзү сенсин,
Күлгүн жаш, кумар жазаар кезинеңсин.
Кучактап колтугуңдан кыскым келет,
Качан сен, баштагыңдай кезигесин.

Кадамжай, Баткен айгүл гүлүнөнсүн,
Күн болуп тийип турат гүлүңдөшүң.
Качанкы өткөндөрдү эске салып,
Кашымда тийип турган гүлүм сенсин.

Кыйналып, кысталсаң да жөн жүрөсүн,
Карекке кадалгансын сен бир өзүң.
Кайрылып, канатыңа катып алып,
Качан сен, көңүл эркин көндүрөсүн.

## КИМ ДЕДИМ

Сени ким дешти билбедим,
Сезбепмин мында келгениң.
Сом берип төлөп койупсун,
Солдойуп туруп билбедим.

Лагманга төлөп акчасын,
Лайликан эмес башкасын.
Апакай жүзүң жайнаган,
Айтчы сен канча жаштасын.

Өзүмдү калып тилдедим,
Өкүнөм таанып билбедим.
Сырт жактан кайра жолугуп,
Саламат эсен кел дедим.

Белет бар, учам сен дедиң,
Зарыга күтөм келгениң.
Кыңкайа карап жүзүңдү,
Кызыгып, бирок билбедим.
Кыйналып түндө уктабай,
Ким экен дедим бул дедим.

*6-апрель 2015-жыл Өзгөн шаары*



Ала-тоонун уулу болот балаңыз,
Алыс калды өткөн күндөр санаңыз.
Алдан-күчтөн тайыдым деп,ойлонбой,
Актандардын уул-кыздарын караңыз.
Алтын адам Чалагыздын күүлөрүн,
Айар тутуп, чертүүгө бек жараңыз.

*13-апрель 2015-жыл*

## КҮТӨ БЕРИП КӨНГӨМҮН

Аскер формаң кийип үйгө келбедиң,
Арман кылам, бир да жолу көрбөдүм.
Акмаралдай перзентим бар деп жүрүп,
Адаштымбы, сенден мурда өлбөдүм.

Сенден калып, кыйын жашоо көргөнүм,
Сезүлүүм бар, тирүү эмес көрдөмүн.
Сенделектеп оорусам да эки жыл,
Сени эстеп, ырга кошту жөндөмүм.

Кантсем дагы көңүл чөгүп, көнгөмүн,
Көрө элекмин төрүн аттап бөлмөңүн.
Кыздарың бар, бирок жаштык кылышат,
Күтөөрүм жок, болбой калдым төрдөгүң.

Карегимдин карасы деп көргөмүн,
Картайганда болоор элең өрнөгүм.
Капа кылып, таштап кеттиң бөлүнүп,
Кыйгым келбей, айткым келбейт көрдөгүм.
Качан болсо бирге болот элесиң,
Карай берип, күтө берип көнгөмүн.

## ШАШПА БАЛАМ КАРЫЙСЫН

Карылар деп, көңүл бөлбөй өтпөгүн,
Кайран жашта, мен да мынча көппөдүм.
Көрүп жүрөм колдоруна тутамдап,
Көчө бойлоп жүргөндөрдүн өпкөнүн.

Карыларга салам айтпай өтпөгүн,
Көп сыйладым аксакал деп көптөрүн.
Кыйыбын таап калбасын деп алдынан,
Качан болсо сылык мүнөз өткөмүн.

Катуу сүйлөп, жол талашпа жүгүрүп,
Керек болсо ийилип өт жүгүнүп.
Коркоңдобой адеп сактап сылык бол,
Ката болбойт койсоң дагы бүгүлүп.

Келе жатса карылыктан күйүгүп,
Кармап жүрсө, оор жеңилин түйүнүп.
Колдон алсаң оор жеңилин тартынбай,
Көпкө чейин эстейт сени сүйүнүп.

Кары сөзүн кабыл алсаң өсөсүн,
Карамалап, тазалап бер көчөсүн.
Карылыкты ойлонгунуң сен дагы,
Келсе мезгил гүлдөй албай өчөсүн.
Карыбайм деп жаңылыштык кетирбе,
Качандыр бир сен да төргө өтөсүн.

## ИЧПЕЙ КОЙСО БОЛБОЙБУ

Ичкен сайын ичкиниңди келтирет,
Имерилтип,дагы куйуп берчи деп.
Ичкилигиң албарстыбы азгырган,
Ише ичине чакыргансып келчи деп.

Иче электе өңү турат жылтырап,
Имерилип, колу башы кылтырап.
Ишесине көзү түшүп, суктанып,
Ичейин деп, акча сунуп кымтылап.

Ичип жүздү, бир азыраак тартынат,
Ичи жылып, кийинкиге талпынат.
Ичкен сайын көз карашы өзгөрүп,
Ийри сүйлөп,ойду кырды тамтырап.

Ийри басып, ар кыл сөздү балдырап,
Ит көздөнүп,тиктеп калат жалдырап.
Ичпей эле койсо эмне болмокчу,
Иштен чыгып,калгычакты дабдырап.
Эптеп-септеп үй ичине барганда,
Эшик төрү казан-аяк калдырап.
Эртесинде эске келип өкүнөт,
Эмне болду деген болуп, далдырап.



Араңдан отуз бешти ченегенсип,
Алыптыр шашкалактап, ажал палбан.

Ал кезде дарыгер жок абайлаган,
Ажырап, Ыссык-Көлүң карайлаган.
Алыкул акыным деп күйүп,бышып,
Ак толкун куткара албай бул айладан.
Аа бирок,жашай турган ыры менен,
Акындын перзенти көп далайлаган.

## АЛЫКУЛ

*Акындын 100 жылдыгына карата.*

Шарпылдап доош чыгарган,
Көлүң калды Алыкул.
Жалгыз аяк сен баскан,
Жолуң калды Алыкул.

Бетегеси келишкен,
Жериң калды Алыкул.
Бир өзүңдөн ажырап,
Элиң калды Алыкул.

Бопбоз болуп мостойуп,
Үйүң калды Алыкул.
Божурашып сүйлөшпөй,
Сүйүүң калды Алыкул.

Асман тиреп мелжеген,
Кырың калды Алыкул.
Ачуу ширин аралаш,
Ырың калды Алыкул.

Жагылбаган очокто,
Көмүр калды Алыкул.

Жүздү көздөй жетпеген,
Өмүр калды Алыкул.

Коңшуң берчүү бышырып,
Ашың калды Алыкул.
Отуз бештен кийинки,
Жашың калды Алыкул.

Кагаз бети чийилбей,
Ырлар калды Алыкул.
Кабары жок айтылбай,
Сырлар калды Алыкул.

## НЕГЕ КАССЫН

Бул дүйнө, бирде бийик, бирде пассын,
Бирикпей, бириң өрдөк, бириң казсын.
Бактыңа келечегиң кандай болот,
Бирде соо, бирде тойуп өтө массын.

Бириңин чачың кара, бириң тазсың,
Бириң чал, бириң  жигит азыр жашсын.
Бетке айтпай жакшылыкты, жамандыкты,
Бей маани болуп неге, неге кассын.

Бириң кум, бириң каткан кара ташсын,
Бириңер акылы бар, өткүр башсын.
Бир тууган болгон менен бир атадан,
Билбеймин бир бириңе неге кассын.

Бириңин бойуң бийик, бириң пассын.
Бириңер өтө тойуп, бириң ачсын.
Беш манжа бап-барабар тегиз болбой,
Билгизбей бир-бириңе  өтө кассын.
Биригип ынтымактуу жашайлычы,
Баары бир, бул дүйөдөн өтөөр башсын.

## ЭМИ КӨНБӨЙТ

Ак элең, аппак асман булутундай,
Ар дайым жүрсөң дагы унутулбай.
Ашыктык сүзмө бойдон калып кетти,
Аптапка алып чыгып курутулбай.

Ашыктык муздаса да жылытылбай,
Артыңдан ээрчий бердим унута албай.
Алыска кетип калдың башка менен,
Артыңды карабастан колуң сунбай.

Артыңдан барганым жок Болот болуп,
Айлыбыз болсо дагы чоң ортолук.
Ак мөөрдөй Жантай чалга тийип кеттиң,
Армандуу күйсөм дагы чок от болуп.

Ак жүзүң кара болсо кимди ким дейт,
Артымдан асылсаң да көргүм келбейт.
Ашыктык калып калды унутулуп,
Алдаган, алдамчыны эми көрбөйт.
Арадан көп иштериң өтүп кетти,
Ары жок махабатка эч ким көнбөйт.

## МЕНИ ТАШТАП

*Жетпей калган жигиттин арманы.*

Балалык, бир келесин, бир кетесин,
Биле жүр кимге кантип эркелешиң.
Баркына жете бербей тандаганың,
Байкаймын уруп, согуп жетелешин.

Байкабай жүргөн болдуң жүрөгүңдү,
Башкача ойлогонсун, тилегиңди.

Баш кошуп алсак деген сөздү укпай,
Башкага карматкансын билегиңди.

Балалуу болсоң дагы көрүп жүрөм,
Байкатпай жүрөгүмдөн сезип билем.
Башында, сен ойлогон жашоо болбой,
Бактысыз жашоо сага болду белен.

Баары бир баштагыңдай айай берем,
Башкача күткөн эле, үмүт деген.
Башканын туткунунда болсоң дагы,
Байкатпай балалыгың күтүп келем.
Бактылуу болооруңа көзүм жетпей,
Баягы  өмүр күткөн алкаш менен.

## СЕН ЖАРЫКТЫК

Баркың билип, кадарыңа жеттимби,
Байкабастан катаачылык кеттимби.
Болгон  кезде көтөрүлүп ашыкча,
Бой көтөрүп, болбос шапар тептимби.

Бура тартып, көрбөгөндөй өттүмбү,
Башкалардын колун кармап өптүмбү.
Барбалактап, баш бербестен өзгөчө,
Баркың билбей, бой көтөрүп көптүмбү.

Бирге жашап, өткөрсөм да көп күндү,
Баштан ылдый көп өткөрдүм өткүндү.
Бирде жеңил, бирде катуу мамиле,
Баарын көрдүм мокок, курчун өткүрдү.

Басып көрдүм, түзөң жерди, үңкүрдү,
Баткактарды, өйдө-ылдый чуңкурду.

Бөрүсүн да, аюсун да тааныдым,
Белестеги белги берген түлкүңдү.

Баарын мага сен көрсөттүң жарыктык,
Береер кезим келди кайрып мүлкүмдү.
Баары өтүп баары калып артымда,
Берип  кетем кошуп таштап күлкүмдү.

## КАЙРАДАН ОҢДОП ЖАШАТСА

Өлчөй албайм, өмүр чегин өтөөсүн,
Өчөшкөндөй неге ылдам өтөсүн.
Өтсө дагы, кетсе дагы бул өмүр,
Өзгөрүлтүп кайрып берсең экөөсүн.

Бирин өттүм арак менен достошуп,
Бирге жашап, бөлүнбөстөн баш кошуп.
Билип, билбей кандай жашоо болгонун,
Барктай албай, кала бердим коштошуп.

Бирин өттүм куйсупурлук жол менен,
Билгеним бар, билбегеним миңдеген.
Барып алып, көрүп алып тозокту,
Бейиш төрүн көрбөгөнгө жинденем.

Бирин өттүм уурулукту тутунуп,
Бекер акча жеген сайын кутуруп.
Бекинсем да, жашынсам да ал жакта,
Бир Кудайга колго түштүм тутулуп.

Бирин өттүм жаман иштин жолунда,
Бычак кармап, мылтык кармап колумда.
Бараар менен чыккыс кылып камады,
Барса келбес, калдым темир торунда.

Өмүр берсе кайра оңдоп жашатуу,
Өлсөм дагы кылбайт элем таш атуу.
Кой оозунан чөп албаган жан болуп,
Калаар элем, калыс турмуш жасатуу.
Калыс болуп калк ичине дайыма,
Кылбас элем кыжырлынтып жадатуу.

## ИШТЕШ КЕРЕК

Иштеш керек, аппак кагаз бетиндей,
Иштеш керек, катаачылык кетирбей.
Ийри жолго имерилип түшпөстөн,
Из жашырбай, ачык жүрүп бекинбей.

Байкаш керек, жакшы менен жаманды,
Байкаш керек, Асан менен Аманды.
Баркын билип, ажыратып аныктап,
Беде менен кургап калган саманды.

Билиш керек, аппак менен каранын,
Билиш керек, көрөөр замат караанын.
Барбы жокпу, чын жалганын аныктап,
Байкай билип, чоң кичине бараанын.

Иштеш керек , чаң жуктурбай өзүңө,
Иштеш керек, көрүнүп эл көзүнө.
Ийменбестен, тайманбастан адилет,
Ийрилердин аралашпай сөзүнө.

## ӨДӨЛҮШ ЖОЛДО ӨРӨПКҮП
*ЭЛТРге баратып.*

Өпкөдөнбү, жүрөктөнбү билбеймин,
Өзүмдү-өзүм өйдө бас деп, тилдеймин.
Өткөн жаш кез, көз алдыма элестеп,
Өкүнгөндөн ким болдуң сен, ким деймин.
Өтүп жашың, картайыпсын дегенге,
Өтө жаман, кабыл алып кирдеймин.

Өдөлүштө өрөпкүпмүн билбеймин,
Өткөндү эстеп, капалансам тим деймин.
Өпкө, жүрөк таза кезде жүгүрүп,
Өтчү элем го, мындай жолдун миңдейин.
Өдөлөнүп, чыгып кетпей токтосоң,
Өмүр өтүп картайыпсын бил деймин.

Өдөлүшкө баспай жүргүн бил деймин,
Өкүнүчтүү, азыр сени ким деймин.
Өмөчөктөп жаштыгымды кетирбей,
Өткөргөнгө өзүмдү-өзүм тилдеймин.
Өткөрүпсүн кыйла жашты дегенден,
Өлсөм дагы айтканына кирбеймин.

*3-март 2015-жыл Новои парк-ЭЛТР*

## ЖАЗДЫ КҮТӨМ

Калганданбы жаз айында төрөлүп,
Калган мезгил, ак бешикке бөлөнүп.
Калсам дагы жетимишти аркалап,
Күтөм жазды, кемпириме жөлөнүп.

Кышты-кыштай жазды эңсеп шашылам,
Калсам керек эңсөө тилеп жашыман.

Күткүм келип, күтө берем март айын,
Канча мезгил өтсө дагы башыман.

Кандай сонун март айында төрөлгөн,
Күтүп алыш, туулган күндү жөрөлгөм.
Кошуп ырга жазып жаткан себебим,
Күндөн күнгө өсүп барат көрөнгөм.

Кучак жайып жаз мезгилин күтөмүн,
Көп жумушту ушул айда бүтөмүн.
Карбаластап, калып калбай алаксып,
Кандай ишке, кантсем дагы түтөмүн.
Качан гана күнүм бүтсө, ай бүтсө,
Кудай алган ошол жакка кетемин.

## АЛЫМЖАН ИНИМ ЖАРАЙСЫН

*ЭЛТРдин журналисти, алтын аяктын автору*

Алымжан иним келет деп,
Айтылган жерди билет деп.
Алаксып күтүп отурам,
Ал келсе тамак желет деп.

Аябай күтүп жатамын,
Абройу бардай атамын.
Айбаттуу сүрдүү сүрөтүн,
Ар дайым эске катамын.

Ачылып сүйлөйт келгенде,
Аратыр экен билгенге.
Автору болуп аяктын,
Алтынын сузуп бергенге.

Ашыгып барып жер-жерге,
Атайлап тартып келгенге.



Туткасын бекем кармап, токсон жашка,
Тулпарың минип алып гүрөң кашка.
Тоготпой өмүр улап, жашай бергин,
Толгондо жүз жашыңа анда башка.

Топ бузган, тоо булбулу жоргодонсун,
Төшүңдү окко тосуп коргогонсун.
Токсонду тоготпостон, жолго салып,
Тутууга жүздөй жашты болжогонсун.

Тартсам дейм, авакемдин жол жобосун,
Таарынтпай, кантип уулун колдобосун.
Тартынбай акын бол деп айтты эле,
Тойумда тилек кылып, Иран досум.
Тоорулуп бата тилеп, күтүп турам,
Токсонго чыккан авам колдомосун.

## КҮТӨ ТУРГУН

Жүрсө керек кызым аткан таңы жок,
Жүрөгүңдүн согуп турган жаны жок.
Жатып калдың тереңинде чукурдун,
Жарашкандай келген учур, маалы жок.

Жата берип жаткан жамбаш талыды,
Жандай көргөн, атакең да карыды.
Же кызыма караңгы эмес, жап жарык,
Жаннат төрдүн тийсе керек жарыгы.

Жактырдыңбы кызым ошол жагыңды,
Жарым жашап, бере салдың жаныңды.
Жүрөм балам, күйгөн чогум басылбай,
Жолун таппай өчүрбөдүң жалынды.

Жап-жаш бойдон отуз жети чагыңда,
Жүзүм, алмаң эми бышаар багыңда.
Жүрө турбай, жүрүп кеттиң күтпөстөн,
Же Тенеңим, барбы экен ал жагыңда.

Жүдөп кетем түндүн аппак таңында,
Жүргүм келет сенин барып жаныңда.
Жаннат бер деп, суранаарым Кудайдан,
Жүрсөм дагы жүрөк күйүп жалында.
Жетип барам күтө тургун азыраак,
Жашоом бүтүп, кудай айткан маалында.

## БАРААР ЖЕРИҢ БИЛИП КОЙ

Бапылдайсын, капылдайсын чеги жок,
Билбейсинби, бул тил деген сөөгү жок.
Байкап көрсөң андан көрө үңүлүп,
Бабалардын, абалардын көбү жок.

Бастың жолду, бирок калган изиң жок,
Байкай алган, жүрөгүңдө сезим жок.
Баркы-бааңды билип жүрсөң болбойбу,
Басып өткөн, жаштык кыял кезиң жок.

Барсаң дагы сексен жашты кучактап,
Барпылдайсын жаш балдарды ушактап.
Бараар жериң ойго салып, ойлонбой,
Басам дейсин, качам дейсин үч аттап.

Балалыгың калган небак бышактап,
Болду токтот жүрө бербей ушактап.
Бараар жериң эки метр чукурду,
Билсең боло, калаарыңды кучактап.

## СҮЙҮҮ МЕНЕН ЧАЙКАЙЛЫ

*Аялдар күнүнө карата*

Жакшы аялдар, жарын сүйүп ардактайт,
Жат адамга колу, бутун карматпайт.
Жаман эркек, жарын сыйлаш ордуна,
Жата калып, арак ичип дардактайт.

Жакшы аялдар, үйүн тутат таптаза,
Жүрөк үшүп, көздөн жашы акпаса.
Жаман эркек кадырына жетпестен,
Жакшылыгын билбей сөгүп, такмаза.

Жакшы аялдар, балдарым деп жүгүрөт,
Жарын сүйүп, эргип сыйлап жүгүнөт.
Жаман эркек, сыйды билбей умтулуп,
Жөн жүрбөстөн, ооп жыгылып сөгүнөт.

Жакшы аялдар, дос тууганды ашырат,
Жараштырып, үй-бүлөөсүн асырап.
Жаман эркек, күндө келет мас болуп,
Жарын көздөп, муш көтөрүп ашыгат.

Жакшы аялдын жакшылыгын байкайлы,
Жаман жолдон кел эркектер кайтайллы.
Жолдон чыып арак менен достошпой,
Жарды сыйлап, сылык сөздөн айтайлы.
Жаман сүйлөп, өчүрбөстөн жүрөгүн,
Жан эргиткен сүйүү менен чайкайлы.

## КӨКҮРӨКТӨ ТАГЫМ БАР

Кудай берген, кол жетпеген багым бар,
Куйсупурду көрө албаган жагым бар.
Көргүм келбей, жүрөгүмдө сакталган,
Көкүрөктө көөнөрбөгөн тагым бар.

Кудай берген, кубанаарлык бактым бар,
Көрө албасты, көз от менен аткым бар.
Картайбастан кызмат кылып элиме,
Кылым жашап, ыракат сый таткым бар.

Кудай берген, бийик жүргөн тактым бар,
Караөзгөйдү отун кылып жаккым бар.
Калыс сүйлөп, жаш карысын дебестен,
Карылыктан ыраазылык тапкым бар.

Кудай берген, сый урматка баткым бар,
Кара ниетти так капталга чапкым бар.
Калк ичинде каракчылык кылганды,
Калтырбастан, бир чекеден аткым бар.
Кыргызыма адал эмгек кылганга,
Колдон келсе баатыр орден таккым бар.

## ТАКЫР ТОЙБОГОМ

Кайда экен деп, ойлоном,
Кабар берип, кой дегем.
Кат, кабар жок табылбай,
Кыжалаат жүрөм ой менен.

Карааның калган тойбогон,
Канчалап бирге ойногом.
Коштошоор күнү кыйа албай,
Кабарың берип кой дегем.

Көп жүрүп, бирге ойногом,
Күндөргө көөнүм тойбогон.
Көздөрдөн аккан жашыңа,
Кол тийип, аарчып койбогом.

Күткөн иш, калды ойлогон,
Кол кармап, басып ойногон.
Кайрылып келбейт  кайгырба,
Капа этип, мен да ойлоном.
Кара көз, аппак сүйүүңө,
Карегим эргип тойбогон.

## АСМАНЫМ

Билем сени, бийикте сенсин асманым,
Бирде бүркөп, бирде кабак ачканың.
Булуттарың билдирген өңдүү сезилет,
Боз жорго сындуу, өзгөрүп ылдам басканың.

Көрүп турам, көктөмдө сенсин асманым,
Көркөмүң берип, көгөргөн түстү чачканың.
Көп мезгил өтүп кетсе да такыр оордуңдан,
Козголбой такыр кадамың шилтеп баспадың.

Кээ күндө келет, кабагың бүркөп ачпагың,
Кетти го менин өмүргө шерик жаш чагым.
Кыйылып кыйла күндөрүм өтүп сезилет,
Коштошоор болуп, качандыр бир күн
асманым.

Кыйналам эми, келбестен сени таштагым,
Кыйылып турам, калгандай бир аз баш
багым.
Карманып жүрүп, жетимиш жылды өткөрүп,
Кайрысаң келет, өткөндү эстеп баштагым.

Кадырың билип, кетпесем деймин ойлонуп,
Көз албай тиктеп, кыйа албай турам асманым.

## МЕНМИН ДЕП

Сапарга чыксам узатып, койсоң күлмүңдөп,
Сага мен, жалгыз сирендей болгон гүлмүн деп.
Саамайдан сылап, кош айтып кетсем жарашат,
Сен үчүн жарың, сагынта турган менмин деп.

Салкынга койбой, саратан ыссык күнмүн деп,
Сагынып тоссоң, алдыман чыгып күлмүңдөп.
Суктанып мага кумарды жазып кучактап,
Суусардай сулуу, сулууң мен болом билгин деп.

Саамайдан сылап, эрчитип мени жүргүн деп,
Соолубас, өчпөс Баткендик Айгүл гүлмүн деп.
Сооротуп жүрсөң көңүлүм тартып өзүңө,
Сакталат сүйүүм, зарыга күтүп күлмүңдөп.

Сагынган кезди, самаган жерди билгин деп,
Сакталып жүрүп, салынган жолук белгим деп.
Суйкайып турган жүзүмдү сага арнаймын,
Суктанып мага, келээриң билем келгин деп.
Сулуумсун дейсин, сугуңду артып өзүмө,
Суратпай арнайм, собуңа калаар менмин деп.


Чалагыз Исабаевдин
75 жылдыгына карата



Кайра келбей кала турган өңдөнүп,
Кете бердиң айтпай, дебей дартыңды.

Көкүрөгүм тура албады шоктонбой,
Кайран жүрөк дүкүлдөдү токтолбой.
Капилетти сездиришип, билгизип,
Келсем үйгө, чогулуптур топтолмой.
Көмкөрөмдөн жыгылганым билемин,
Кайран Чакем, калдыңбы деп, жоктолмой.
Карлыгачым таштап кетсе түбөлүк,
Кантмек элем, күйүп,жанып чок болбой.

## СЕНДЕН БАШКА БИЛБЕДИМ

Чырайыңды бир башкача көргөнмүн,
Чындап сүйүп калганыма көнгөнмүн.
Чыдай албай калсам дагы берилип,
Чын сырымды айтканга жок жөндөмүм.

Сулуу го деп, көңүлүмдү бөлгөмүн,
Суйкайганды сенден башка көрбөдүм.
Саламдашып бир бололу деп айтсам,
Сапар тартып, алыстадың көнбөдүң.

Издеп сени, нечен ирет келгенмин,
Ичим күйүп турсам мени билбедиң.
Имерилип кылчактадым артыңан,
Ишим бар деп, айтканыма кирбедиң.

Көңүл бөлүп, мындай сулуу көрбөдүм,
Капа болуп өзүмдү-өзүм тилдедим.
Карагаттай көзүнө көз окшобойт,
Карап жүрүп, сенден башка билбедим.
Күндөр өтүп кетсе дагы унутпай,
Кадап сага жүрөгүмдөн бергемин.

## ООРУП КАЛСАМ

Сүйөм деп айтып жүрөм, жетеминби,
Суктанып, сага ашык экенимди.
Суусаган суусунумду кандыра албай,
Сүйүүмө кучак артпай кетеминби.

Сүйүүм бар, бирок сага жетеминби,
Сүйүүмдүн бир сен үчүн бекемимди.
Сакталган эч ким билбес махабатка,
Саргарып, жолуга албай кетеминби.

Сеңселтип, кармай албай этегиңди,
Сырымды ырдап, жазып кетеминби.
Сагынып бир өзүңө жетпей калып,
Сен деген, арман менен өтөмүнбү.

Сеземин, шартка карап күтөмүнбү,
Сүйүүмдү ырдай берип, бүтөмүнбү.
Сыркоолоп калаганымда коркуп кетем,
Санааркап бир сен үчүн түтөмүнбү.
Сабырсыз ажал кокус келип калса,
Сандалып сени таштап кетеминби.

## ЭГЕР БИЛСЕҢ

Секиндеп басып калам сени көрсөм,
Селким деп айткым келет эгер көнсөң.
Сүйүнтүп, мени тиктеп койгонуңа,
Салмактап бере албадым такыр өлчөм.

Сагынам, күндөр өтүп сени көрсөм,
Саамайдан жыттайынчы эгер көнсөң.
Суктанып чырайыңа тойбой жүрүп,
Сообу жок каласын го, бир күн өлсөм.

Сакадай бойуң алтын эгер билсең,
Санатпай, күн өткөрбөй күндө келсем.
Сабырым канаат кылбай күчөп кетсе,
Сакталган гүлүң үзүп мага берсең.
Салкындап бирге болуп күлүп жайнап,
Сапарда өзүм менен бирге жүрсөң.

## АЛТЫМЫШ ЖАШ

*Абдыманап Нышановго*

Алтымыш жаш, анча картаң жаш эмес,
Абдыманап бийик жигит, пас эмес.
Аралатып салыштарсаң элдерге,
Акыл эстүү, арак ичпейт мас эмес.

Алтымыш жаш, ала-шалбырт жаз эмес,
Ак шумкарсын, өрдөк эмес, каз эмес.
Аппак жүзүң өзгөрүлбөй туптунук,
Абдыманап, капкара чач, таз эмес.

Алтымыш жаш, жамгыр төккөн күз эмес,
Ак жүзүңдөн келип турат түз элес.
Ашып турган чыгармачыл мезгилде,
Атың-чыккан ырларың көп жүз эмес.

Алтымыш жаш, алсыраган кез эмес,
Абдыманап алтын адам,жез эмес.
Адам менен сүйлөшкөндө байкайсын,
Алпырылып, шашкалактап тез эмес.
Алды жакта күтүп турган өнөргө,
Атак, даңкың келе берсин тизелеш.

*15-апрель 2015-жыл.*

## КАРАП БИР КОЙЧУ ЖЫЛМАЙЫП

Калса да өмүр улгайып,
Калды окшойт сага ылайык.
Картайдың мени дебесең,
Карап бир койчу жылмайып.

Көрбөчү менден бир да айып,
Калыптыр дебей улгайып.
Кайратым кетип бүтө элек,
Карап кой мени жылмайып.

Көп жүрдүк минип жол кайык,
Көрүнбөй калдың сен кайып.
Көрүшпөй күндөр көп болду,
Келип кой кайтып кылчайып.

Калбадым карып картайып,
Кетпеймин али жан тайып.
Карекке карек кадап көр,
Кадимки кездей жүз чайып.
Кайрылып сурайм кечирим,
Кетсе да менден биртке айып.

## КЕЛГИЛЕ

*Неберелериме*

Кана мында неберелер келгиле,
Катар чечип, кийимдериң илгиле.
Кандай кылып жасалганды үйрөнүп,
Кыйнабастан массаж жасап билгиле.

Кана Атабай, Байым, Арстан келгиле,
Конфет чачам талашпастан тергиле.

Кадырына чоң атанын түшүнүп,
Кыска өмүр калгандыгын билгиле.

Алымбайым, Нурсултаным келгиле,
Алын сурап чоң атанын билгиле.
Алтымыштан ашып кеткен өмүрүн,
Абдан сонун урмат кылып белгиле.

Айбек балам, Темирланым келгиле,
Алдыңарда кыйын иш бар жеңгиле.
Алысыраак болуп турат Расмирим,
Ага дагы кезек келет бергиле.
Аз калганын чоң атанын өмүрүн,
Аяй карап, этияттап билгиле.

## ПРЕЗИДЕНТАЦИЯ

*Конкруска карата*

Тургунова Сайрагүлмүн биолог,
Турмуш жолун анча толук биле элек.
Талыкпаган аракетим уланып,
Төрт жыл эмес, үч жылга да келе элек.

Байымбетов мектебинен келгемин,
Башкаларга, кыйындарга тең келдим.
Бүгүнкү күн финал болгон жарышта,
Бир Кудайым, күч кубат бер, дем бергин.

Көрүп турам көп кыйндар келгенин,
Ким болсо да көрсөтөт го билгенин.
Калыстар бар таразадай так болгон,
Капа кылбай баалайт го дейм эмгегим.

Жаш болсом да жеңееериме ишенем,
Жакшы үмүттү күтүп турат бешенем.

Жаратканым буйруп койсо эгерде,
Жыргап тамак ичсем деймин кесемен.
Жандай көргөн мугалимдик кесипти,
Жактырамын башкалардан эсе мен.

## АЯЛ ЗАТ

Аял зат, кандайсыңар биле албаймын,
Алиге көңүл ачып, күлө албаймын.
Алаарда айга, күнгө теңесем да,
Азыр не андай болуп жүрө албаймын.

Аял зат, аял дейбиз, аяр дейбиз,
Ар дайым жакшылыкка даяр дейбиз.
Алсырап алдан, күчтөн тайган кезде,
Артымдан жөлөк койуп, тайаар дейбиз.

Ар дайым ушул кыял болоор дегем,
Ак кептер учуп келип коноор дегем.
Ашыкча кыял жорук пайда болуп,
Атырдай жытың кетип солоор белең.

Аялдар, айрымдарың кандайсыңар,
Ашынып, ар кыл өнөр тандайсыңар.
Алтынды алмаштырып, күмүш менен,
Ачынып алымсынбай жалмайсыңар.
Артынан ээрчип жүрүп жеткениңе,
Аа качан сый-сыпатты арнайсыңар.

## УНУТПАЙМ

Унутпай, кызым сени кыйналамын,
Уу жуткан адам болуп, ыйлагамын.
Ушунча күндөр өтүп кетсе дагы,
Билбедиң,көз жашымды тыйбаганым.

Унутпай, ырлар жазып жыйнагамын,
Урматтап, кызым сени сыйлагамын.
Утурлап барсам чыкпай баш көтөрүп,
Билбеймин,неге күтүп туйбаганың.

Жүрөмүн унута албай ичтен сызып,
Жабыркап капа болуп, өңдөн азып.
Жаныңа коңшу болуп алсам деймин,
Жакындап көчүп барып, чуңкур казып.
Жүрөгүм сен деп, согуп кыйналса да,
Жүрөмүн эл катары жерди басып.

*3-февраль 2015-жыл*



Мамлекет баалап эмгегин,
Маанилүү иштеп келгенин.
Макташып эли жүрүшөт,
Мектепке атын бергенин.

Мыктысы делип жергеңин,
Машина сыйлык жеңгениң.
Муну да айтып жүрүшөт,
Мактоого салып элдериң.

Жумакем багып жүгөрү,
Жалтанбай басып жүрөбү.
Жетимиш ашып кетсе да,
Жаш бойдон экен жүрөгү.

Эрмектеп он бир баласын,
Элестеп эгин талаасын.
Эркелеп турса небере,
Эс алып жыргап каласын.
Эрикпей өмүр сүрө бер,
Эсен бол! Жүзгө барасын.

## КАЙРАН ГАНА ШУМКАРЫМ!

*Досум Мамаштин элесине.*

Кайран бир досум Шумкарым!
Кыйкырган доошту укпадың.
Кылчайып карап койбостон,
Кыйналдың беле, уктадың.

Кайрылып,качып чыкпадың,
Катуулап,катуу уктадың.
Кырлары бийик тоолордон,
Көрүнбөй калды учканың.

Качтыбы колдон тулпарың,
Кайгырттың тууган,дос жарың.
Көрөөрүң мезгил келгенде,
Каякка кеттиң Шумкарым?

Кыймылсыз калып буттарың,
Качканда кетип тулпарың.
Катарда басып жүрбөстөн,
Каякка кеттиң Шумкарым.
Капилет келген өлүмдөн,
Келбептир досум куткарым.

## БЫШКАН КЕЗИН ЖҮЗҮМДҮ

Жеткирем деп, мото менен алыска,
Жолдон буруп, бир эс алып калышка.
Жогорулап өрүк бакты көздөсөм,
Жок дебедиң, маакул болдуң барышка.

Карагаттай көзүңө көз такалды,
Кучак жайып,кармаладың жакамды.
Күткөн күндөр келип турган убакта,
Кетенчиктеп, таштап койуп качамбы.

Кусалыктын куткарган бир күн өттү,
Курч мезгилим,аянбаптыр жүрөктү.
Кайра,качан жолугушам деген ой,
Көпкө чейин, капаланттып жүдөттү.

Көрбөй жүрөм ошол бойдон өзүңдү,
Көп күнөөлүү сезип жүрөм өзүмдү.
Кайра качан көрөмүнбү билбеймин,
Карааныңды,карагаттай көзүңдү.

Көп жыл өттү, укпай калдым сөзүңдү,
Кайра-кайра элестетем жүзүңдү.
Келсе кана ошол мезгил кайрылып,
Көрсөткөнүң бышкан кезин жүзүмдү.
Көрүшө албай,күкүк менен сайнектей,
Карааныбыз ошол бойдон үзүлдү.

## ЖИЙДЕНИН

Жийденин бурагына тойбой жүрөм,
Жытынан жыттагымды койбой жүрөм.
Жаштыгым,балалыгым өтсө дагы,
Жан жыргап, жан эргитип ойной билем.

Жийдемде жаз айында төрөлгөмүн,
Жумшактап, ак бешикке бөлөнгөмүн.
Жарашып жаз айынын мезгилине,
Жаштыктын башталганы көрөнгөмүн.

Жигиттик сынга толуп көрүнгөмүн,
Жамбынын короосуна бөлүнгөнмүн.
Жамалы кезегинде жарык чачкан,
Жыттанган кыз буратын көбүн көрдүм.

Жийденин бурагындай төгүлгөнмүн,
Жибектей созулсам деп көңүлдөндүм.
Жытынан жыттагылап адашпастан,
Жайдары, жакшылардан бөлүнбөдүм.

Жийдемин жытын эмес, өзүн көргүн,
Жеегиндей сезилесин Ыссык-Көлдүн.
Жактырып жата калып, чын жүрөктөн,
Жогуна мындай жер деп көңүл бөлгүн.
Жаштыгым калса дагы алыс жакта,
Жийденин дал өзүнүн төрүндөмүн.

## КАЙТЫП КЕЛГЕН ЖОК

Жалтактап, көңүл бурган жок,
Жарыгын чачып турган жок.
Жаштыктын жаштык күндөрү,
Жалынсам колун сунган жок.

Балалык бала кездегим,
Башкача  ойлоп сезгемин.
Башпагып сени сагынып,
Башаттан келет издегим.

Балпаңдап баскан кездерим,
Бат эле өттүң,тездедиң.
Башкача күндөр экенин,
Балалык кылдым сезбедим.

Жарыгын чачкан жаштыгым,
Жоругу башка мастыгым.
Жар-жарды билбей теминип,
Жалтанбай түптүз басчуумун.
Жанынан кетпей гүлдөрдүн,
Жалдырап,өңдөн азчуумун.

Кадырым менин  билбедиң,
Качаңкы элең, ким дедиң.
Какшансам дагы баш ийип,
Көңүлгө алып келбедиң.
Колумдан келбей эч нерсе,
Кайгырып сени тилдедим.

## КӨРГӨН ЖОК

Боору таш, кайран бойдок кез,
Боортоктоп жүрүп өттүң тез.
Баш бербей кетип жоголдуң,
Багынып укпай кеттиң  сөз.

Кадырым менин билбедиң,
Кош айтып,өзүң бил дедиң.
Кайрылып келиш оордуна,
Кайтарып сөздү тилдедиң.

Жигиттик дедим үмүтүм,
Жол бербей кыйнап жүгүрттүң.
Жакындап басып келбестен,
Жактырбай такыр түңүлттүң.

Жакшы сөз айтсам билген жок,
Жалынсам жообун берген жок.
Жаштыгым абдан өкүнтүп,
Жаныма басып келген жок.

Аманат берсем өнгөн жок,
Абайлап көңүл бөлгөн жок.
Айлансам дагы жаштыгым,
Ансайын качып көнгөн жок.
Айрылып кайран жаштыктан,
Айлантып эч ким көргөн жок.

## КЕЛЕТ ДА СЕНИН БАШЫҢА

Укканың келет башыңа,
Көргөнүң келет кашыңа.
Көңүлгө алып, түйүп жүр,
Картайсаң келет жашыңа.

Ак кирет кара чачыңа,
Жармашып кашың кашыңа.
Жаркылдай албай каласын,
Карылык түшүп башыңа.

Кетпейсин күчөп ашына,
Каласын баспай шашыла.
Карылык келсе көрүнөө,
Качканың бекер жашына.

Жашыңда берсин меенетти,
Карысаң берсин дөөлөттү.
Кабарлап сага билгизет,
Калганы азын мөөнөттү.
Кылчайып карап билип жүр,
Картайган башка бөлөктү.

## КОЙ ЖЫЛЫНДА

Бүгүн эмес эртең келет кой жылы,
Болот быйыл берекелүү той жылы.
Бири-бирин түшүнүшүп,кыргызым,
Бир тилекти көздөй турган ой жылы.

Койдой болуп жоош болот го, жылыбыз,
Кадам шилтеп алга арбып жылуубуз.
Кыргыз жери, кыргыз эли түбөлүк,
Келишимдүү меймандоспуз сулуубуз.

Кой деген мал, башка малдан ток болот,
Кошкуруктар жылкы жылда жок болот.
Көчө тосуп, кыйкыргандар түшүнүп,
Кол көтөргөн, бузукулар токтолот.

Кой жылынын жакшы жагы билинип,
Короо, короо койдой болуп биригип.
Көзөмөлсүз бажы жолу ачылып,
Коңшуларга өтмөй болдук жүгүрүп.
Кадимки эле эгиз козу өңдөнүп,
Келечекке үмүт кылып сүйүнүп.

*31-декабрь 2014-жыл*

## МЕН ЭМИ

Мен эми ырлар жазып калтырамын,
Маарага жетпесем да талпынамын.
Маанилүү болсо экен деп ырларымды,
Максатым,иргеп-иргеп калпыгамын.

Мен жазып , түрүп алып артынамын,
Мен деген, акындардын артынанмын.
Менменсип китеп жазган киши болбой,
Менмин деп, айткан сөздөн тартынамын.

Мен деген, кыргыз деген калкынанмын,
Мен өзүм билгенимди калтырамын.
Мекеним кыргызымдын Ала-Тоосу,
Манастын чөбөрөсү алпынанмын.

Мен деле адам болуп талпынамын,
Мен дагы ырчылардай жалпыдамын.
Меенетти эл катары жасап көрүп,
Менимче аз да болсо калпып алдым.
Мен өзү бирөөлөрдөй көздү артып,
Меенетин келгим келбейт тартып алгым.

## ТАМАШАЛУУ ЫРЛАР

Торпок дебе абдан жаман түшүнүк,
Төмөн кылып айткан сөз бул түшүрүп.
Тайтаңдаган уйга теңеп жатпайбы,
Тойгозгондой уйдун сүтүн ичирип.
Торпок болуп, такыр досум көрбөгүн,
Тоголонуп, топ ичинде кичирип.

Чочко дебе, чоң мурунга теңебе,
Шек  келтирип төрөп койгон энеге.
Топтоголок топтой кылып көрсөтүп,
Тоголотуп форма түзүп денеге.
Тааныгандар айтып жүрсө болобу,
Тууган-урук калып катуу жемеге.

Эшек дебе суранамын деги эле,
Таяк менен ура берип денеме.
Темселетип, басканыма чыдабай,
Тарсылдатып койосун го эми эле.
Түшүнөмүн сапатымды айтканың,
Төмөндөтүп, кадырымды эң эле.

Кобра дебе, мени койуп жемеге,
Сойлоп жүргөн жылаандарга теңебе.
Сыр билдирбей,чагып койот ишенбейм,
Салыштырба солкулдаган жеңеге.

Соруп койот ал күчүмдү кетирип,
Түшсөк дагы бирге болуп кемеге.
Тосо калып, уусун чачса кыйналам,
Толорсукка зыян кылып денеге.

Эчки дебе, теңеп түгөт немеге,
Талаштырып, тартыштырып кенеге.
Таштан ташка секирбейин жүгүрүп,

Жеңил деген ат койушат жөн эле.
Жүргөнүм оң андан көрө тизилип,
Жатсам дагы, байлангандай желеге.

Таш десең да айтканыңа макулмун,
Бакасы жок айтсаң мейли акылдуум.
Ташбакадай тартаңдатып ойлосоң,
Суранамын жарга таштап койбосоң.
Сүдүрөтүп минип алып өзүмдү,
Каалагандай ары-бери ойносоң.

## МЕНИН ОЙУМ

Карысаң да, карыбаган сөздүү бол,
Көрө билген, жарык маанай көздүү бол.
Кара көңүл, бузук кыял болбостон,
Калк жактырып, сүйө турган жүздүү бол.

Картайсаң да, калк аралап таза бол,
Кадырына бала сүйүп маза бол.
Кадыр-баркың өмүр бойу сакталып,
Кудай буйруп, узак жашап каза бол.

Кадыр калат, баркың калат артыңда,
Камкор болуп, берешен бол тартынба.
Кайра келбейт, күч-кубаттуу жаштыгың,
Кайгырсаң да, кайтып бербейт алтынга.

Жаштыгыңды жаз гүлүндөй пайдалан,
Жалынсаң да, таба албайсын кайрадан.
Жанып өткөн кайран мезгил балалык,
Жүргөн мезгил, булбул болуп сайраган.
Жүзгө чыгып жашаса да, көрбөдүм,
Жаш кезиндей жалын болуп жайнаган.



**КӨҢҮЛ АЙТУУ**

Гүлзарыңды тебелеттиң сен неге,
Кыйын болду, Шахра сендей энеге.
Күтүлбөгөн иш болду деп, кайгырып,
Көңүл айтып, калды окшойт эл деле.

Гүлзатыңдын oорду кара жер беле,
Капилеттен кандай болду бул неге.
Кечее күнү көргөн элек теледен,
Кабар угуп капаландык биз деле.

Гүлзат кызың, ушул ишке тең беле,
Калгандырсын Шахра балам сенделе.
Кудай колдоп, байкай албай калганда,
Кучак ачпай турса болмок жер деле.

Гүлзат кызга кайгырбасын ким деле,
Кайрымы жок ажалсын сен жинди эле.
Койо турбай, эч болбосо элүүгө,
Кырк бир жашты болжогонуң эмнеге.
Капилеттен кызын колдон жулдурган,
Кыйын болду Шахра сендей энеге.



## НЕБЕРЕМДИ МОСКВАГА УЗАТЫП

Калбайын мен, эстен чыгып унутта,
Кайда жүрсөң таятаңды унутпа.
Кайра келем, күтө тур деп жөнөдүң,
Калаа башка, эли башка улутка.

Кыйылсам да кол булгалап каламын,
Кыялдары көздөн кетпей баламын.
Кыйналсам да, бөлүнөөрдө кучактап,
Кайра-кайра айта бердим саламым.

Качан болсо кол булгалап каламын,
Көпкө чейин ачылбастан кабагым.

Калган үйдө кошо чыкпай байбичем,
Калдыратып, казан-аяк табагын.

Карыганда жүрсөк деймин бөлүнбөй,
Кыйыны жок, кыйналган ой көңүлдөй.
Колду булгап, көздөн жашты чыгарып,
Калгычакты учак көзгө көрүнбөй.
Канаат кылып, качан келет деп койуп,
Кабыл алып, жашоо экенин бөлүнмөй.

*5-январь 2015-жыл.*

## ТАҢ КАЛДЫМ

Тизмелеп, тиги-муну көрүп жүрөм,
Тагдырдын жазганына көнүп жүрөм.
Тарсылдап таң калтырып жүрсө дагы,
Тар жолдо калгандарын билип жүрөм.

Тың чыгып, чоң кызматты аркалаган,
Тынчытып, көп иштерди талкалаган.
Тирелип кызмат абал колдо кезде,
Таанбай адам затын, чалкалаган.

Тоо болуп өзүн башка сезип жүргөн,
Тууганды тууган кылбай безип жүргөн.
Турмушум ушул бойдон өтөт го деп,
Таанытып өзүн сезчүү бийик күндөн.

Тайтаңдап түз баскысы келбей жүргөн,
Таамайлап көрбөйүн деп, көздү сүзгөн.
Тоготпой анча мынча адамдарды,
Туткандай өзүм болуп өзгөлөрдөн.

Тааныган бир адамды эки жүздөн,
Тууганы,башкалары күдөр үзгөн.

Талпынып учкан куштай, бүркүт болуп,
Таптакыр таанымаксан болгон бизден.

Тааныпбай калчы эле сезип чоочун,
Термелип зорго сунуп, колдун учун.
Туш кылып барып калсаң кокусунан,
Тигиге отургун деп үйдүн бурчун.
Табыштап, көңүлү жок кабыл алып,
Таанытып билгизгендей амал курчун!

Тагдырга тан бересин көрүп туруп,
Тааныдым ал адамды көңүл буруп.
Тарсылдап жүргөн мезгил кеткендиги,
Тарыхка жазылбаптыр унутулуп.

Тайраңдап, келчүү убак алмашылып,
Тар жерде калган экен көңдөй куруп.
Таң калдым турмуш деген өзгөргөндө,
Талпайып калыптыр го бутту сунуп.

## ТАШТАП КАЧКАН АТА ЖУРТТУ

Өткүчө, билип сакта өмүрүңдү,
Өзгөдөн бийик тутпа көңүлүңдү.
Өзгөчө эртели кеч эстей жүргүн,
Өңүттөп ээрчип жүрчүү өлүмүңдү.

Өзгөгө көрсөтө жүр кеңириңди,
Өзгөчө таанып билип, теңириңди.
Өзгөнүн алтынына алмаштырба,
Өзүңдүн колдо болгон темириңди.

Өзүңө так аткаргын жумушуңду,
Өткөрбө арак менен турмушуңду.

Өзгөнүн жаңысына алмаштырба,
Өтө эле эскирсе да  курмушуңду.

Өзгөчө суна билгин кол учуңду,
Өрнөктүү жакшы адамдай болушуңду.
Өзгөртүп кетемин деп ойлонбогун,
Өткөрүп сата калып конушуңду.

Өзүңдү, сактай билгин колу, бутту,
Өзүндөй ардактагын ыйык кутту.
Өмүрү жалчып кетпейт бул жашоодо,
Өзгөчө таштай качкан ата журтту.
Өдөлөп кете албайт бөтөн жерде,
Өткөрүп турмуш болуп жутту-жутту.

## ЧОҢ КИШИГЕ

Кылсаң да ким бирөөгө жакшылыкты,
Кезинде кармап жүрүп башчылыкты,
Күрүлдөп турган кезде кылганыңды,
Кайтарып, бер дегениң жакшылыкпы.

Кезинде мен дегениң, мен дебегин,
Көпчүлүк көп жактырбайт, сен дегениң.
Кайтар деп, айта көрбө адам болсоң,
Кадырлап бир кезекте аш жегениң.

Калыс деп, айткан сөзүм бул дегеним,
Көз менен көрүп туруп мен себебин.
Качандыр кылганыңды сураганың,
Катаадыр кайтарып бер, сен дегениң.

Кылсаң да жакшылыкты бир ишиңде,
Кыйынсып мактанбагын эл ичинде.
Кааласаң каалабасаң айткан сөзүм,

Какшанып мактанганы чоң кишиге.
Кайталап айта берсе тууру келбес,
Кайрылып жардам берген бир ишине.

## ЖЕК КӨРӨМ

Өтө аша мактангандьы жек көрөм,
Өзгөрүлтүп мактагандьы көп көрөм.
Өзгөртпөстөн, өзүн тартып сүрөттөп,
Өз түсүндө берген жакты эп көрөм.

Өзү барда, көзү барда өрмөлөп,
Өтө жактап, өпкө кагып жөрмөлөп.
Өлүк жанды, тиригине айлантып,
Өзүн кыстап, өзгөрүлтүп бөлмөлөп.
Өтүктөрүн, буту колун мактаган,
Өздүк кылып мактагандьы көп көрөм.
Өңү турса каралыгын ак дебей,
Өз түсүндө атагандьы эп көрөм.

Өзүн көрбөй, көзүн көрбөй сыртынан,
Өтө ашып, жаман айтып чымчыган.
Өйдө болуп, түз басса да бурмалап,
Өзгөрүлтүп, айтып чыкса сылтыган.
Өкүндүрөт өрдөктү каз дегендер,
Өлгүчөктү өнөр кылып кымтыган.
Ошолорду ошондойду көп көрөм,
Окшоштурбай омкоргонду жек көрөм.
Ой-кырынча жасалмалап өзгөртпөй,
Оңдоп, түзөп бурбагандьы эп көрөм.
Ойлонгула, ойлогула туугандар,
Оңолгула, түздөнгүлө деп көрөм.

## БҮТ ӨМҮРҮМ АРНАЙМЫН

Силерден мен, муздаса да денени,
Сактап алам, сактоочум бар мен эми.
Сыйлай турган, коргой турган балдарым,
Саздап берди түбөлүктүү кемени.

Заарларга зарыкпаймын мен эми,
Заманаңы кудай куруп бергени.
Заңгыраган үйгө кирип отурам,
Зап келишет,сатпайм туулган жергеми.

Бассам, турсам сыйды көрүп жүрөмүн,
Балдарым бар, ошол менин жүрөгүм.
Башкалардай таштап качып жеримден,
Бөтөн элде келбейт менин түнөгүм.

Баш калкалап башка жерге барбаймын,
Бабалардын, ата журтун кармаймын.
Бактылуумун урмат көрүп элимден,
Бүт өмүрүм өз элиме арнаймын.

## ЖЕТЕЛЕНБЕ

Солдат болбо, ким бирөөгө алданып,
Себеп издеп, жамандыкты карманып.
Сөгүнгөнүң, жаман сөздү айтканың,
Сезе билгин, ошонуңа таң калып.

Желдет болбо, сен бирөөгө жалданып,
Жеекте турат оозу-мурдун жалманып.
Жарайсын деп, түртүп койуп өзүңдү,
Жакшы жумуш кылган өңдүү жанданып.

Ит болбогун шилтеп койсо үргүзүп,
Ишенимдүү дос экенин билгизип.
Ит ичпеген ичкиликке тойгузуп,
Шилтеп койот, чогулганга киргизип.

Кыйкыргансын кирген тоодой өкүрүп,
Калаарыңды кийин билбей өкүнүп.
Качандыр бир кайгырганың жарабайт,
Калган менен кечириң деп өтүнүп.

Жетеленбе бирөө оозун карабай,
Жейсин бир күн чай ордуна кара май.
Жамандыкты кылсаң эгер бирөөгө,
Жардан учуп, эч нерсеге жарабай.
Жердешиң да, тууганың да кечирбейт,
Жүрөктөгү жүргөн оору тарабай.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Кетсем да башка жакка келгим келет,
Кабарын өз элимде билгим келет.
Карааанын кагаз бетке тартып алып,
Калдайтып көтөрүнүп жүргүм келет.

Туулган жер, киндик каным тамган жерим,
Тоо-тоолоп ойноп кумар канган жерим.
Турпатың алмаштырбайм алтынга да,
Токойлуу, байлыгың мол балбан жерим.

Таш кенен, ашы кенен туулган жерим,
Туш-тушуң токой менен буулган жерим.
Тосмоңдой Тогуз-Булак дары суусу,
Тосмолоп күтүп алат тууган элим.

Жийделүү жерим болот билесиңер,
Жер жайнайт, дары чөбүн тересиңер.
Жеңилдеп каласыңар, суусун ичип,
Жыл сайын кынык алып, келесиңер.

Жайыттап жаштар атын камчылашат,
Жаз жамгыр мезгилинде тамчылашат.
Жактырбай туулган жерин таштап кеткен,
Жетинип, өз жериндей жалчыбашат.
Жеримди алмаштырбай башкаларга,
Жүрөмүн сезими бар, алтын башат.

## ТЕҢИМ МЕНЕН

Кааласаң каалабасаң ырдай берем,
Каршылык көрсөткөнгө сынбай келем.
Картайып калсам дагы азыр мына,
Көргөндү, көргөнүмдөй сындай берем.

Кадимки түп-түз өскөн шыңгай элем,
Кайраттуу мен да болуп тынбай келем.
Кажыбас адам бол деп, тарбиялап,
Кайталап айта берчүү Жамбы энем.

Күчтүүрөөк болгон элем, деги сенен,
Калтырбай жумуш кылып, ченелбеген.
Катардан калбайын деп, намызданып,
Кыялым кармачы элем ченем менен.

Калганын билип турам, сенен менен,
Кетти го өмүр өтүп ченелбеген.
Кайрылбай калган жагым эстеп турам,
Кайран жаш алдап мени келем деген.
Картайып алдан-күчтөн тайгычакты,
Калып-кал, ойноп-күлүп кенен-кенен.

Кайрадан кубат алып жүргүм келет,
Качанкы курбу-курдаш теңим менен.




**СЕН ЖАНЫБЕК**

Кошулуп, кошаматтап күлөмүн де,
Колуктум айтканындай жүрөмүн де.
Колумдан келбей калды бир топ жумуш,
Кошамат кылып жүрөт жүрөгүм де.

Кошулуп, кошо басып жүрөмүн де,
Кошомат корсулдашып күлөмүн де.
Кыздарым атакелеп сыйлап турса,
Кыймылдап сого берет жүрөгүм де.

Картайбай, кайрат күчтө жүрөмүн де,
Кадимки элдей турмуш сүрөмүн де.
Катарлаш кошо басса уул балдарым,
Кемсинбей кармап жүргөн жүрөгүм де.
Көп жашап, көптү көрдүм билемин де,
Кудайдан берди менин тилегим де.

Курдаштай өсүп турган балдарыңды,
Кадимки өзүмкүндөй билегим де.

Койкоңдоп жүрөт менин чүрөгүм де,
Кылымдап жашка жетет жүрөгүм де.
Калкыма кадыр-баркым болуп турса,
Күткөнүм ошол болчуу тилегим де.

## АПАМ ЖОКТОП

*Айдай, Айгерим кыздарынын арманы*

Апа десем, айды карап үңүлөм,
Алгым келип, көтөргөн оор жүгүнөн.
Апам барда арманы жок өсмөкмүн,
Апам жок деп суу чыбыктай бүгүлөм.

Апа десем, күндү тиктеп үңүлөм,
Алыс кетпей, чырмаламын сүйүнөм.
Апам кетип, кетип калса бир жакка,
Алдан тайып, жалбырактай күбүлөм.

Апа десем, гүлгө теңеп үңүлөм,
Айланчыктап, алыстабай түбүнөн.
Атыр жытын жыттап-жыттап кайталап,
Аймап-аймап өпкүлөймүн гүлүнөн.

Апам жокто соолугандай күбүлөм,
Айым жок деп, күнүм жок деп түңүлөм.
Арман кылып, аярланып жыты жок,
Айланчыктап таппай кетем түбүнөн.

Айла таппай, ары-бери жүгүрөм,
Атыр жыты чыкпай калды бүрүнөн.
Айды көрүп, күндү көрүп турсам да,
Апам жок деп, сүрөтүнөн түңүлөм.

Адырдагы эстелигин кучактап,
Алсыз барып, арман кылып жүгүнөм.

## НЕ БОЛДУҢ ДЕП ОЙЛОНОМ

Көпкө тиктеп сүрөтүңдү, ойлоном,
Калтырган деп, кандай максат ой менен.
Келгичекти алыс жерден унутпай,
Кабар алып, көңүл улап кой деген.

Качан болсок көрүшчү элек жылмайып,
Калчы элең го, калыпсыз деп улгайып.
Кучак жайып анткен менен утурлап,
Кол алышып кетирбестен, бир да айып.

Каалайт элең, самайт элең , көп нерсе,
Кары жашың эгер менде деп келсе.
Кошо жашап калбайт белек экөөбүз,
Колтукташып тагдыр бизге эп келсе.

Көп ойлорду мен да айтып жүргөмүн,
Көңүлүңдүн түз экенин билгемин.
Кайрып мага отуз жашты буйурса,
Куп имерип, таштамакмын илмегим.

Ким жаратат кыялдарды ойлогон,
Карааның бар адам заты тойбогон.
Кайра келсем сүйлөшөбүз дечи элең,
Кабары жок не болду деп ойлогом.
Кадырыңды кайдыгерге калтырбай,
Качан болсо каршы болуп койбогом.
Кандай болду келген менен көрүнбөй,
Капа болуп жүргөн кезим ойдо мен.

## ТҮБӨЛҮКӨ БАРАСЫН

Көздөр калат, качандыр бир жумулуп,
Капкараңгы жерде калып думугуп.
Кошок айтып катын-балаң калышат,
Көкүрөктөр кароолонуп буулугуп.

Кайтып артка чыккандар жок суурулуп,
Калса керек, бети-башы туурулуп.
Кайра баштан оңдоп, түзөп жаңылап,
Келгендер жок, эки жолу жуурулуп.

Күндөр өттү, жылдар өттү билинбей,
Күүлөт өмүр, кызгалдактын гүлүндөй.
Кылым жашка жетсең дагы адамзат,
Катарынан калмак беле бүгүлбөй.

Күндү санап, жылды санап өмүрүң,
Күн тийгендей ачып сакта көңүлүң.
Күздү күздөй, жайды жайлай өткөрүп,
Күйүп бүтөт  түтөп-түтөп көмүрүң.
Конок болбой түбөлүккө барасын,
Кайтып келбес оорунуна төрүнүн.

## КУБАТ БОЛУП БАЛДАРЫҢ

Көргүм келет, кырчын жашта кездегиң,
Кыймылыңды бир башкача сезгемин.
Карагаттай көздөрүңө кызыгып,
Көңүлдөнүп жаш жүрөктү эзгемин.

Көргүм келет, кыз кездеги чачыңды,
Келтирбестен сүйлөйт элең ачууңду.
Качан болсо көз алдыма тартамын,
Күн нурундай жарык берип чачууңду.

Көргүм келип, кыйгач ийме кашыңды,
Көңүл тартпай, ичпей калчуум ашыңды.
Күндөр өтүп кеткен менен алыстап,
Келсе деймин отуздагы жашыңды.

Көргүм келет, оймоңдогон оозуңду,
Көрүнүктүү элден сулуу коозуңду.
Кайтып келсем жыпарыңды жыттатып,
Күтүп алчуу жол алдыман тосууңду.

Көргүм келет, жылдыз жанган жүзүңдү,
Кыш айланган, жаз айланган күзүңдү.
Көрсөм дагы, көргүм келет кайталап,
Келиндерден, кыздарыңдан үзүрдү.
Кубатыма кубат кошуп балдарың,
Калк ичинде жакшы турмуш түзүлдү.
Кышы дебей, жайы дебей дайыма,
Келтиришет мен жактырган жүзүмдү.

## СЕНДЕН КЕЛЕТ

Сезбегендей, мага көңүл бөлбөдүң,
Сен билбедиң, менин жакшы көргөнүм.
Сабырым суз көңүл айнып отурсам,
Сагаладың саатын сурап өзгөнүн.
Салкын карап басып кетти баары бир,
Сезип койбой, угуп койбой сөздөрүң.

Сезген болот, сезимдүү деп өздөрүн,
Серпип койуп, кыйын болуп көздөрүн.
Сактап жүрөт сенден өткөн сулууну,
Саамайына чаң жугузбай Өзгөнүм.
Сынасаң да мени жакшы көрөсүн,
Салкыныраак сүйлөсөң да сөздөрүң.

Сермелесин сөзүн угуп өзгөнүн,
Суктандырат суулулугу көздөрүң.
Сагынганда барып калсам жаныңа,
Сактай бербей, көңүлүңдү түздөгүн.
Сезген менен сен өзүңдү башкача,
Сенден келет үмүтүмдү үзбөгүм.

## СЕН КУДАЙ

Бирин бийик, бирин пас,
Жаратыпсын сен кудай.
Бир-бирине жаман көз,
Каратыпсын сен кудай.

Бирин кедей, бирин бай,
Жаратыпсын сен кудай.
Бир-бирине жамандык,
Санатыпсын сен кудай.

Бирин таза, бирин мас,
Жаратыпсын сен кудай.
Перзент бербей бирөөнө,
Саматыпсын сен кудай.

Бирин максат, ойуна,
Жеткирипсин сен кудай.
Жараштырып акыл эс,
Келтирипсин сен кудай.

Бирин кара, бирин ак,
Жаратыпсын сен кудай.
Бардыгына күн нурун,
Таратыпсын сен кудай.

Берекелүү ырыскы,
Жем берипсин сен кудай.
Басканына күч-кубат,
Дем берипсин сен кудай.

Мээнет кылып иштешке,
Жер берипсин сен кудай.
Алакчылап, бөлбөстөн,
Тең берипсин сен кудай.

Суусалыкка жутсун деп,
Суу берипсин сен кудай.
Анча-мынча чырлатып,
Чуу берипсин сен кудай.

Жашоосуна керек деп,
Мал берипсин сен кудай.
Карылыкты билсин деп,
Чал берипсин сен кудай.

Айлананы көгөртүп,
Чөп берипсин сен кудай.
Тоо, ташыңды ченемсиз,
Көп берипсин сен кудай.

Издеп жүрүп тапсын деп,
Кен берипсин сен кудай.
Калкың тегиз алсын деп,
Тең берипсин сен кудай.

## БАШЫҢА КЕЛЕТ ШАШЫЛБА

*Сөзүңө жооп*

Сен болуп кал, сенделген чоң кошокчу,
Сага сунам, октоп алып, бош окту.
Самасаң сен,самай бергин отуруп,
Саргаргыча айткыч болуп кошокту.

Сен ала бер, кошокчулук өнөрдү,
Сен болбойсун,сенде болбойт көрөңгү.
Сыйпалабай, сыйың менен билип ал,
Сыртың салбай акын болгон төрөңдү.

Кудай бар го, көрүп турам шашпагын,
Көп сынтакпа, көркүн бузуп башканын.
Карап турам, көрүп турам ошондо,
Карбаластап кутула албай качканың.

Сен бирөөгө кара санап бакырба,
Сага берсин, сендей бузук бакылга.
Сабыр кылып күтө тургун азыраак,
Келгичекти кошокчулук шашылба.
Сезбей жүрсөң сездиргидей кудай бар,
Жакшы,жаман ар бир адам башында.

## ЭКӨӨБҮЗ ТИККЕН АРЧАНЫ

Түшүмдө дайым, түңүлттүрбөйсүн келесин,
Түпкүрүндө, мен унута албайм элесин.
Түбөлүк мага өмүрлүк жарым болбостон,
Талпынып көлгө, тартылып кеткен кемесин.
Тагдырлар коошпой, жолубуз калган тосулуп,
Торума түшпөй, үзүлүп кеткен желесин.
Турмуштун көрбөй ачуусу менен таттуусун,

Тарта албай калдык жашоонун бирге жебесин.
Сага мен агай, сүрөт сен  элең тартылган,
Сукталып сага, өзүңө өзүм тартылгам.
Суйкайып бассаң, сугумду артып тойбостон,
Суусачы элем,суусунум канбай артыңдан.
Сулуусу элең, сан жеткис кыздар ичинен,
Сендейди издеп, таппагам кыргыз калкымдан.
Сезимдер артып, көңүлдөр абдан берилип,
Сонуркап жыттап, калчы элем аппак алкымдан.

Тоскоолдук тосту, тилектер ишке ашпады,
Тобокел дедим, өмүрлүк кылдым башканы.
Тагдырга айла, таба албай калып экөөбүз,
Тектирден ары, аша албай калдык асканы.
Тапсам да шерик, окшошпойт сенин өзүңө,
Түзөлүп сендей, койкойуп сулуу басканы.
Түбөлүк эстеп, унута албай мен жүрөм,
Тилектеш болуп, экөөбүз тиккен арчаны.

## ТУРУП КЕТЧИ ИБРАИМ

*Үн кошуу*

Кайгыланган кандай болду замана,
Кайгы түшүп бешиктеги балага.
Карашат деп, таштап кетип энеси,
Күткөн беле түшөмүн деп санаага.

Жүрсө ишенип, ата энеси талаада,
Жаман болду эки жашар балага.
Жүрөгү жок, меерими жок тууганын,
Жок кылалы кармап турбай калаага.

Көкүрөгү таза эмес, карага,
Көпчүлүк эл, түз көз менен караба.
Көрүнбөгөн жерге таштап койолу,
Калк аралап жүрбөсүн деп арада.
Жашоосун бер, сен аянбай кудайым,
Жата бербей туруп кетчи  Ибраим.
Жаныңдагы дарыгерлер жүгүрүп,
Жакшы кылып, айыктырсын ылайым.
Жасаган ит, өлүп өлбөй түрмөдө,
Жакшылыктын түк көрбөсүн убайын.

## ТОКТОБЕК СЕН

Токтобек, токтоо бербей көздөн жашың,
Толгонуп, толуп ташып, серпип кашың.
Туруштук бере албай, эргигениң,
Теледен көргөн элем ыр ырдашың.

Асандын ак булутун ыргаганың,
Аянбай келиштирип, ырдаганың!
Ак булут алып сезим, көрүп турду,
Агызып көз жашыңды тынбаганың.

Ал ырды абдан сонун сен ырдадың,
Ашырып Асандан да, ыр ыргагын.
Айта албай кеткен окшойт оо дүйнөгө,
Армандуу тиштегилеп баш бармагын.

Ачыктап айтпаганын чын жалганын,
Асандын ак булуттуу чоң арманын.
Аныктап өз элине жеткирипсин,
Астайдил түшүндүрүп,сен калганын.

## КӨЗҮМДӨН КЕТПЕЙ КЫЙНАЛАМ

*Капилет кеткен кызыма.*

Көбүнчө мени сыйлаган,
Көзүмдөн кетпей кыйналам.
Көтөрүп жүрчүү кезими,
Көп эстеп, кызым кыйналам.

Көздөрүң турчуу туйлаган,
Көбүнчө мени сыйлаган.
Көп өтпөй жумуш бүткөрүп,
Калтырбай үй-жай жыйнаган.

Көрөөгөч элең кыйладан,
Көзгө айтып, сөздү тыйбаган.
Келиним болсо дешчи эле,
Көздөрү түшүп кыйла адам.

Кызымды эстеп кыйналам,
Көп урмат, сыйды жыйнаган.
Кызматын кылып отуруп,
Караңгы не деп туйлаган.
Капилет болуп заматта,
Кеткенде кызым ыйлагам.
Кызынан калып айрылып,
Калбасын мендей ыйлаган.
Карааны калып эсимде,
Көзүмдөн кетпей кыйналам.

## БОЛДУҢ НЕГЕ

Сен мынча бакыл болуп жаралгансын,
Сеземин, кыялдарын кары, жаштын.
Саамайың аппак түстүү болгучакты,
Салкындап дайым мага саламдаштың.

Мынчалык кыйналгандай көрө албассың,
Мендей сен, өмүр жолун кыйла бастың.
Мени сен тууган катар көргүң келбей,
Мага сен, санап ойдо кыйла кассың.

Мынча не ичиң тарыйт каш кабагы,
Мен теңдүү, алтымыштан ашса дагы.
Мен мейман, сен да мейман бул дүйнөгө,
Мени алат, аны да алат качса дагы.

Болгон бар, ар пейилдүү адам затта,
Башкага көпкө жүрдүң каралап да.
Бир тууган божурашып сүйлөшпөсө,
Бөлүнүү бара-бара таралат да.
Бул жашоо жарыгына адам заты,
Бир келип, кете турган жаралат да .

## ӨЗГӨНДҮН ӨЗГӨН НУРУНДАЙ
## «ӨЗГӨН НУРУ» ГЕЗИТИНИН ГИМНИ

Сөзү: Жаныбек Мырзаибраимовдуку
Обону: Аликбек Балбаковдуку

Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өспүрүм өскөн кулундай.
Өрүшүң өсүп турганда,
Өркүндө артка бурулбай.

Кайырма
Бийик бол, Памир тоосундай,
Булактын дары суусундай.
Көкөлөп бийик уча бер,
Көлүмдүн аппак куусундай.

Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өзгөрүү мезгил курулмай.
Өзгөчө жазсын калемиң,
Өзгөртүп түсүн сулуулай.
Кайырма
Бийик бол, Памир тоосундай,
Булактын дары суусундай.
Көкөлөп бийик уча бер,
Көлүмдүн аппак куусундай.

Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өткөрүп жашты кылымдай.
Өлкөңө тийсин керегиң,
Өчпөгөн күндүн нурундай.
Кайырма:

## ЖАКТЫРБАЙМ МЕНМИН ДЕГЕНДИ

Жактырбайм, кылган ишин мактангынды,
Жалганды сүйлөп койуп, актангынды.
Жактырбайм көлөкөлөп башкаларга,
Жанбаштап печкесине кактагынды.

Жактырбайм, кошоматтап сүйлөгөндү,
Жан күйүп, сындап койсоң сүйбөгөндү.
Жактырбайм, жаккан отко түшсө дагы,
Жалынга куйкаланып күйбөгөндү.

Жактырбайм, мен элемин менмин десе,
Жок жерден мактаганы он беш эсе.
Жарылдап башкаларга кезек бербей,
Жамаатта кармап алып катар кесе.

Жактырбайм мен дегенин айта берсе,
Жанына кандай адам ким да келсе.
Жактырбайм конок бербей мактанганын,
Жоготсо бул өнөрүн тилге кирсе.

Мындайлар мактангандан уялышпайт,
Менчилеп бирин-бири кыялышпайт.
Мен деген сөзүн койуп кат башында,
Менмин деп, мен дегенин тыялышпайт.

## АБДИРАИМ ДЕП ЖҮРҮП

*Атаман калган эскерүү.*

Айтчуу болчуу атам такыр унутпай,
Алыс жерден көргөм өңдүү булуттай.
Агаа десем,доошум угуп кылчайса,
Айдап кетти командири бурултпай.

Кете берди катарда түз кебелбей,
Келдиңби деп, сен да мында дегендей.
Кыргын согуш кантеер экен дедиби,
Кылчайбады кыямат ой жегендей.

Армияга бир жыл мурда жөнөткөм,
Абдан сыйлап жүрчүү элем, бөлөктөн.
Абдираим,Мырзаибраим бир тууган,
Атам бизди удаалаштар деп өткөн.

Көпкө күттүм көрөмбү деп кайрадан,
Көп күн өттү, окко учуп кыйла адам.
Кыргын согуш, кырып койгон окшойбу,
Кайра кайтып келбегенге кыйналам.

Атам келген согуш бүтүп калганда,
Аяк бутка ок чачырап жанганда.
Айта берчүү унута албай агасын,
Алаксыбай, эстей берип армандa.
Алыс жерде калды го деп муңайып,
Алым жок деп, издеп аны барганга.
Айла таппай, өмүр бойу кайгырды,
Агасынан дареги жок калганга.

## АКЫРКЫ АЙТКАН АРМАНЫМ

Алты мүчөм аман болбой калганын,
Айтып кетем акыркы ирет арманым.
Алтын кызым, Венерамы көп көрүп,
Ала качып, жан алгыч сен жалмадың.

Артып келет, өмүр өтөп арманым,
Андан мурун неге мени албадың.
Аттиң кылып, көп нерсени ойлонуп,
Алым жетпей тиштеп калам бармагым.

Атаң барса сөз сүйлөбөй калганың,
Амал таппай чоктой ысып жангамын.
Ары чуркап, бери чуркап тытынып,
Аттиң кызым, тийбей калды жардамым.

Ашыгыраак көргөм өлчөп салмагың,
Арт жагыңда айып болду калганым.
Амалым жок ар кыл түйшүк тартсам да,
Аалам, дүйнө көрсөттү чын жалганын.
Алтымыштан ашып кеткен кезимде,
Акыркы ирет айткан болдум арманым.

## БЕРСЕ ДЕЙМИН

Баткен жерде өрүк бышат алмадай,
Батына албай жүргөн кезим кармабай.
Бышкан кезин ар бир жылы көрсөм да,
Багын ээлеп, кала элекмин арман ай.

Баткендиктин өрүктөрү тандамай,
Бирден эмес, кошмок турат жандамай.
Бышмак тургай калса дагы как болуп,
Батына албай али жүрөм кармабай.

Баткен жерден кыздар чыгат шамдагай,
Бала-чака бирдей өсүп шайма-шай.
Бир гана тоо өсө турган Айгүлгө,
Баткен жери ылайыктуу жайма-жай.

Баткен жердин кыздары бар Айнурдай,
Бактылуу жер, жүрө турган кайгырбай.
Бара-бара жакындашып бир болуп,
Бирге дайым бөлүнбөйлү айрылбай.

Бешенеси жарык чачкан бирөөнү,
Бассак,турсак кошсо экен дейм тайдырбай.

## АЧПАСТАН СЫРДУУ КАПКАГЫН

Алып барып четке аппагым,
Ал жайын билип жаткамын.
Артсаң да колуң мойнума,
Ашыктык даамын татпадым.

Ачпастан сырдын капкагын,
Арнабай сенден каткамын.
Арага жолтоо болгону,
Алыска кетип жатканың.

Арманың уккам айтканың,
Адырдан бери кайткамын.
Арасат бизге дегеним,
Акылың жетик байкагын.

Айткамын сага аппагым,
Абдан сен мага жакканың.
Ал жерде турган билинип,
Апкаарып сүрдөп жатканың.
Акыркы сөздөр айтылып,
Аман бол дедим,тапканым.
Алыска кеттиң эртеси,
Ачпастан сырдын капкагын.

## АТЫМ КЫРГЫЗ

Атым кыргыз, бүт ааламга таралган,
Атам Манас, каным бирге жаралган.
Асманым бар түндүгү чоң кеңири,
Ала-Тоом бар, менчик болуп саналган.

Түндүгүм бар, түштүгүм бар таралган,
Түгөнбөгөн байлыгым бар жаралган.
Турпатым бар төп келишкен өзүмө,
Туулган жерим, сулуу мендей адамдан.

Атым кыргыз адаммын мен жаралган,
Алтыным бар, көмүрүм бар карарган.
Ала-Тоонун чокуларын кыдырып,
Аянбастан кыргыздарым баралган.

Улутум бар кыргызчалап сүйлөгөн,
Унутпастан өз тилиңди сүй деген.
Учур келди, эгемени жарашып,
Улуулукка, сулуулукка үндөгөн.
Урмат кылып кыргызымды дайыма,
Умтуламын ыр чыгарып күндө мен.

*27-январь 2014-жыл*

## ЖҮРӨКТӨН ЖАНГАН АЛКЫШЫМ.

*Медицина илиминин кандидаты*
*Раиса Исмаиловнага.*

Мүмкүн мен жетпес белем жетимишке,
Мага сиз, жар дам берип жетилишке.
Мандайдан чыга калып, айдай болүп,
Мен үчүн жолуктуңуз кесилиште.

Өмүрүм аз калган да чечилишке,
Өкүнүп жер издегем бекинишке.
Өзөрүп өмүр өтөөр мезгилимде,
Өзүңүз жолуктуңуз кесилиште.

Жайдары, кир жатпаган ичиңизде,
Жаратып сизди Кудай татаал ишке.
Жан үрөп, адам үчүн тыным албай,
Жардамды аянбайсыз келтиришке.

Жакшынын жакшы жагы калды эсте,
Жашыма жашты улап жетимишке.
Жан алгыч, колун сунуп турган кезде,
Жолүн таап, ыраа көрбөй кетиришке.
Жүрөмүн тилеп сизге бир кудайдан,
Жүз жашты сизге берип жеткиришке.

## КЕТКИМ КЕЛБЕЙТ

Көзүң неге жалт-жалт карап уялат,
Кошо басып, жүрбөсөм да уялап.
Конушуңа конбосом да акыры,
Кошо басып, жүрсөкбү дейм кыямат.

Көп тиктейсин, алыс жерден билгизбей,
Корккон болуп, конушуңа киргизбей.
Колдорунду кармаласам тартынып,
Койуңуз деп, ала качып тийгизбей.

Кучак жайып, журөсүн сен сүйгүзбөй,
Келсең боло жүрөгүмдү күйгүзбөй.
Кара көзүң тиктегенин байкасам,
Караңгылык жарып кеткен күндүздөй.


Кее бирөөлөр, болсо керек сиз биздей,
Карааныңды көрсөт мага билгизбей.
Кыраан бүркүт болсом дагы өзүңө,
Кетким келбейт бир чеңгелим тийгизбей.

## КӨКҮРӨКТӨ ТАГЫМ БАР

Кудай берген, кол жетпеген багым бар,
Куйсупурду көрө албаган жагым бар,
Көргүм келбей, жүрөгүмдө сакталган,
Көкүрөктө көөнөрбөгөн тагым бар.
Кудай берген, кубанаарлык бактым бар,
Көрө албасты, көз от менен аткым бар.
Картайбастан кызмат кылып элиме,
Кылым, ыракат сый таткым бар.

Кудай берген, бийик жүргөн тактым бар,
Караөзгөйдү отун кылып жаккым бар.
Калыс сүйлөп, жаш карысын дебестен,
Кар ыраазылык тапкым бар.

Кудай берген, сый урматка баткым бар,
Кара ниетти так капталга чапкым бар.
Калк ичинде каракчылык кылганды,
Калтырбастан, бир чекеден аткым бар.
Кыргызыма адал эмгек кылганга,
Колдон келсе баатыр орден таккым бар.



## АЛЫМЫМ

Алымдын аты деген Аалым болот,
Алымым амаи жүрүп жүзгө толот.
Аккуулар учкан меыен бийик-бийик,
Адашпай уясына кайра конот.

Алым-бул акылмандын аты болот,
Атаган неберемди өзүм жороп.
Атына заты келип жарашсын деп,
Абайлап багып жүрөм, божомолдо,

Алымды өзүмө деп калдым ороп,
Ар кандай тоскоолдуктун алдын тороп.
Алыска жибербестен кармап жүрөм,
Аксакал, мендей бол деп жоромолоп.

Атактуу адам бол дейм, ишке жарап,
Астыртан байкоо салып көзүн карап.

Ата-энең күткөнүндөй келечекке,
Азыркы койгон максат эң чоң талап.
Ал күчтөн калганымда карайт го деп,
Алымдан жүргөнүм бар күндө самап.



**КҮТСӨҢ КЕРЕК**

*Кызым Венерага арналат.*
*1971-26-ноябрь.2000-5- февраль.*

Күтсөң керек, эрте менен кечинде,
Кызым сенсиң, көкүрөктө, эсимде.
Кайтып келгис жерге кеттиң Чолпонум,
Күн көрбөстөн, кырчын жаштык кезиңде.

Күтсөң керек, эрте таңда бешимде,
Кантип кызым келген элең чечимге.
Келбей турган жерге бараар болгондо,
Кызым сенин, болбодукпу эсиңде.

Калса керек атаң бары эсиңде,
Кыймыл жасап, көз ачпадың эч кимге.
Карап туруп, колубуздан алдырдык,
Кечки маалы, февраль айдын бешинде.

Кыялдарың кантип кетмек эсимде,
Кош айтыштың, кырчындай жаш кезиңде.
Качандыр бир, барам кызым артыңан,
Күдөөр үзбөйм карааның бар сезимде.

Күтпө кызым, эрте менен кечинде,
Картайдым жаш, жетимиштин четинде.
Кабар алып түшкө кирсең кирип тур,
Кудай алса, мен да оронуп кепинге.
Караңгылап таап аламын өзүңдү,
Калың барын, билип туруп бетиңде.

*Атаң*

## СЕН БЕЛЕҢ

*Айткулов Үсөнбекти эскерүү*

Сага өлүмдү, издеп тапты ким деген,
Сен дегенди айтмак тургай, билбеген.
Серпилишип, ким болду экен тийишкен,
Сезими жок, мээрими жок жиндеген.

Сага али карылык жаш келбеген,
Сөгүштүңбү, уруштуңбу ким менен.
Сүйлөшкөндө сулуу сөздөн башканы,
Сыпайылык иштен башка билбеген.

Сага али оору, сыркоо келбеген,
Сайды кимдер бычак сунуп ким деген?
Сенде болсо эгер акы ушунча,
Сурабайбы жакшылыкча бер деген.

Сакайышчуу сен чакырып кел деген,
Сен жүрчүү элең аралашып эл менен.
Сылык мүнөз, кичи пейил мүнөзүң,
Салыштырып айтса болот ким менен.

Сага бычак сайды экен ким деген,
Сен өлүмгө ылайыктуу тең белең.
Сыр ачылбай, бет ачылбай дайынсыз,
Сапар кеттиң дайыны жок муң менен.
Суктанаарлык ,сулуулугуң кучактап,
Сырдуу бойдон жатып калдың жер менен.

## КЕЛЧИ ЖАНЫМ

Келчи жаным калтырбастан арманга,
Колум тийбейт сага жетип барганга.
Кыйылдыңбы мени таштап кетеерде,
Кош айтышып, мен дөлүнүп калганга.

Келчи жаным кош айтышкан жериңе,
Кадимкиңдей кымча жумшак белиңе.
Кайыш куруң чечеер чечпес бошотуп,
Кошуп турчуу демиң берип демиме.

Кучагыңа кирип барсам темине,
Куп тойгозуп, кууруп бышкан жемиңе.
Кумарымды, кусалыкты толтурсаң,
Куштар кылып, кубат берип дениме.

Кудай тендеш жаратбаптыр сени не,
Куштай учуп бараар элем жериңе.
Курдаш кылып, курбу кылып алмакмын,
Кучак жайып, алып келип элиме.
Кабат-кабат кийим кылып сүйүнүп,
Кийеер элем, мен жылаңач дениме.

## САГЫНДЫМ

Кыймылың кыйнап сагындым,
Кудайга тилеп жалындым.
Кыйналып сени унутпай,
Күл болуп өчүп, жалынмын.

Күлгөнүң сенин сагындым,
Кеткениң билем жагыңдын.
Кайдыгер болбой барууга,
Келбесин билгин алымдын.

Көркөмүң абдан сагындым,
Көзүңдөн чыкчуу жалындын.
Көзмө-көз тиктеп калганда,
Көркөмү тийип калыңдын.

Көрсөм деп жаман сагындым,
Күткөндөй самап камындым.
Келгендей сени элестеп,
Көйкөлгөн денең жамынгым,

Көп күтүп агай дегениң,
Күкүгүм ушул дегемин.
Кадимки үнүң угулуп,
Күткөмүн сени дегеним.
Кайтарып жообуң болгону,
Каалаган бойдон элемин.
Кабарың бердиң дозвондон,
Кайтарып сүйлөп беремин.

*13-06-2014.*

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

*Өзгөн нуру гезитинин 80 жылдыгына.*

Сен экөөбуз, алыс, тууган эмеспиз,
Сен экөөбуз,бир тууган дос демекпиз.
Сексен жашка толсоң дагы дайыма,
Сен экөөбуз, эли журтка керекпиз.

Солкулдаган сексен жашта экенбиз,
Серпилишпей, ынтымактуу бекембиз.
Сен жетелеп, мени салып чоң жолго,
Сексен жаштан жүзгө жетеер бекенбиз.

Катташпаса карын тууган жат болот,
Көрө албастык, катуу кесел онтолоп.
Калыс туруп, мени колдоп жаздырдың,
Калемимди оңдоп-түздөп козголоп.

Өзгөн нуру өзгөрүлүп турасын,
Өзгөчөлөп эл көнүлүн бурасын.
Өтөп жашты, турмуш жолуң жаңырып,
Өмүр бойу калат сенин, мурасың.

Өзгөн нуру өйдө карап жыласын,
Өтө жашсын ошол бойдон турасын.
Өкүнбөгүн сексен жашка чыктым деп,
Өмүр улап, токсонго да чыгасын.
Өркүндөй бер, картайдым деп кыйылбай,
Өзүңө эмес, элге кызмат кыласын.

## ЖОЛУКТУМ ЖАШ БАЛАҢДАЙ

Жарк дегенин байкабапмын алыстан,
Жаңы гана чыккан өңдүү камыштан.
Жамбашыма келген кезде байкасам,
Жакшынакай жан экенсин даанышман.

Көрбөгөнгө көп болгондой сезилди,
Көпкө чейин элестеттим кезимди.
Көзү мага чала-була чалдыгып,
Кайра оңдоп козгоп кетти сезимди.

Денем ысып салам-алик ала албай,
Дегдеңдедим кадимки жаш балаңдай.
Дагы кайра жүрөк оту козголуп,
Дароо ойду түшүндүрүп бере албай.

Дайның билдим кайра кайтып келемин,
Даамың таткам, шириндигиң билемин.
Ойлонбогун өзгөрүлүп кетти деп,
Дайым сага ошол кездей элемин.

*10-ноябрь 2013-жыл*

## АЛДЫГА КОЙГОН АЛТЫ ОЙ

Байыйлы элим, байыйлы,
Бейчеки жолдон тайыйлы.
Үнөмдүү жашоо өткөрүп,
Үмүттү тактап жарыйлы.

Абылып аша чамынып,
Ашыкча сарпка камынып.
Асандан үсөн кемби деп,
Атаандаш ойду жамынып.
Ашкере кетип барабыз,
Айрыкча кыргыз жабылып.

**1. Эгеменде:**
Эгемен кел деп, эгемен,
Энтелеп кетпе дегем мен.
Эртеңки күндү ойлонуп,
Этият болгун кебиңден.
Эл жакты карап түшүнүп,
Эртелеп качпа тегиңден.

**2. Ресторанда:**
Арамы суудай сузабыз,
Акыл сез укпай бузабыз.
Алкымың жутуп жулкунуп,
Ашыкча сезге ызабыз.
Аксакал сөзүн укпастан,
Атаң деп сөгүп сызабыз.
Алтындан ашык кеңешин,
Абайлап качан угабыз.

**3. Көчөдө:**
Койкоңдоп басып чыгабыз,
Колдору кармап сыгабыз.
Көчөнүн көркүн чыгарып,
Көйрөңдүн сөзүн угабыз.
Кыжырың келип буулугуп,
Кандайча айла кылабыз.
Карыны көзгө илишпейт,
Канткенде оңго бурабыз.

**4. Загста:**
Алдыга койуп лимузин,
Асфальтты ээлеп уп-узун.
Он, он беш хаммер тизишет,
Ойлонсок кантет мунусун

5. **Атчыгармай:**
Ашынып абдан байыдык,
Алгачкы салттан тайыдык.
Атымды билсин элдер деп,
Асманга учуп кайыдык.

Ашыртып байге ченебей,
Аш берип жаткан немедей.
Атагым алые кетсин деп,
Ааламды сезбей кенедей.
Ашыкча чыгым дегенди,
Адам деп, санга теңебей.
Байгеси өтөт чаң калат,
Башкача айтып таңданат.
Бул акча кайдан келди деп,
Бир жылдап элдер таң калат.

**6. Андан көрө:**
Жай таппай жүрсө койгонго,
Жол бербей ашык сойгонго.
Жол салып берсе болбойбу,
Жогору, темен, ой-жонго.

Койгон жер таппай кыйналса,
Колтуктап акча жыйналса.
Каналдар казып бербейби,
Калайык калкты сыйга алса.

Сом, доллар батбай кыйнаса,
Спорт зал салсын сыйласа.
СУЙУНТУП элин койбойбү.
Сарп кылып эл деп жыйналса.

Азамат атын жаздырып,
Алкышын айтмак саз кылып.
Турганда тарых бетинде,

Туралбайт эч ким жазгырып.
Түбөлүк кылган иштерин,
Түгөтмөк кимдер каздырып.

*17-ноябрь 2013-жыл*

## КИМ СУЛУУ

Көзүндө назик сүйүү бар,
Кыялы болсо кыз сулуу.
Кошулуп жамгыр төкпөстөн,
Келгени менен күз сулуу.

Жылдыздай болуп жайнаган,
Жүрүшү менен кыз сулуу.
Жалбырак түсүн саргартып,
Жарашып келген күз сулуу.

Мүчөсү сындуу жарашып,
Мемиреп күлгөн кыз сулуу.
Мезгили катаал болбосо,
Мол түшүм берген күз сулуу.

Көңүлдү улап сергитсе,
Көркөмү менен кыз сулуу.
Күркүрөк, шамал болбосо,
Коп ишиң бүтсө күз сулуу.

Турмушу болсо туруктуу,
Токтоолуу болгон кыз сулуу.
Торт мезгил келсе ичинде,
Тойгозгон элди күз сулуу.

## ТУРМУШ САПТАРЫ

Үрпөйүп турган туугандан,
Үйүңдө баккан куш жакшы.
Кайткан өмүр менен,
Кайткан көңүл барабар.

Сактыктын кордугу жок,
Сак болуунун зордугу жок.
Сактабай өзүң жылуулук,
Өзгөдөн күтпө сулуулук.

Сагызган сай бойлоп, жойлойт,
Сараңдар таш кармап ойнойт.
Катынды катуурак күтүн,
Кабырга жедирбей бүтүн.

Мугалимдин сынчысы окуучу,
Окуучунун тыңчысы ата-эне.
Катындын максаты узун,
Көңүлү кыска.

Тамеки зыяндуу түтүн,
Талыкшып кетилип күчүң.
Көптөн көрө аз жакшы,
Көркөмдүү келсе жаз жакшы.

## ЧАЧЫҢ КЕЛЕТ ТАРАГЫМ

Сенин көзүң, неге качып далдалайт,
Сенин көзүң, менин көзүм алдабайт.
Сенден мага, менден сага өтөөрдө,
Сезем бирок, тартынгансып жер карайт.

Сезип турам көзүңдөгү жамалың,
Сага издеймин болушунча амалым.
Сабыр кылып, туруп турчу азыраак,
Сактап жүрүп тапса керек амалын.

Сезбей кантип көңүлүңдү каламын,
Сенин күткөн, ички дүйнө талабың.
Салкын мезгил келсе дагы мейли деп,
Сени издеп, телефонуң чаламын.

Сабыр кылып, бир аз күтүп карагын,
Сен деп жазган китебимдин барагын.
Сага деген күчтүү сезим сакталуу,
Саат сайын келет сени карагым.
Солкулдаган мезгилиңди өткөрбөй,
Сылап-сыйпап, чачың келет тарагым.

*1 -декабрь2014-жыл.*

## ЭНЕНИН

Кыйылбастан акча кетет дебегин,
Кыйла жолду басып айтып дегеним.
Кыйнабагын, кыйналтпагын эч качан,
Кирпигине кир жугузбай эненин.

Кайдан келди, билесинби дененин,
Капилеттен жаралдым мен дебегин.
Качан болсо жүрөгүңдө сакталсын,
Кайталангыс сүтүн берген эненин.

Калагы де, сен түшкөн чоң кеменин,
Көрө бил деп,围сактт жүр деп келемин.
Катуу сүйлөп, кабак бүркөп караба,
Кымбатын бил, чанеми жок энени.

Кадырла деп айтып жаткан себебим,
Ким болбосун, сүтүн эмген эненин.
Кыйналганын, уйку көрбөй түн кезип,
Колуна алып оозундагы жегенин.
Кубатына кубат кошуп карагын,
Качан болсо эки кылбай дегенин.

## УЙКУ КӨРБӨЙ

Менде уйку жок, ким бирөөдөй үргүлөп,
Мен уктабай сүйлөнөмүн күңгүрөп.
Мага кудай, ата кылган окшойбу,
Мында келип, уктаганга үлгүрөт.

Түн уйкусун узак уктап кетпеймин,
Таң атат деп өзүмдү-өзүм чектеймин.
Тамашалап, алаксытып ичимен,
Тайраңдабай, тура калып кет деймин.
Түн уйкуга канып сапар теппеймин,

Таң аттырбай свет очсо жектеймин.
Тапкычаңды кагаз калем ручкамды,
Туталанып, караңгыны гектеймин.
Мен уктабай убактыны чектеймин,

Мен бирөөдөй тамеки, нас чекпеймин.
Мас болшуп, шарактаган алкаштай,
Мен өмүрү арак-шарап ичпеймин.
Мен ыр жазам, уйку көрбөй ашынып,

Мен ыр жазам, жалкоолонбой кашынып.
Мен кудайдан токсон жашты суранам,
Мага бер деп, ала качпай шашылып.
Мен ыр жазам чарчабастан, чаалыкпай,
Мен бирөөгө кала бербей басынып.

*2-декабрь 2014-жыл.*

## КАЙРАН ГАНА ШУМКАРЫМ!

*Досум Мамаштин элесине*.

Кайран бир досум Шумкарым!
Кыйкырган доошту укпадың.
Кылчайып карап койбостон,
Кыйналдың беле, уктадың.

Кайрылып,качып чыкпадың,
Катуулап,катуу уктадың.
Кырлары бийик тоолордон,
Көрүнбөй калды учканың.

Качтыбы колдон тулпарың,
Кайгырттың тууган,дос жарың.
Көрөөрүң мезгил келгенде,
Каякка кеттиң Шумкарым?

Кыймылсыз калып буттарың,
Качканда кетип тулпарың.
Катар да басып жүрбөстөн,
Каякка кеттиң Шумкарым.
Капилет келген өлүмдөн,
Келбептир досум куткарым.

## КЕЛЕТ ДА СЕНИН БАШЫҢА

Укканың келет башыңа,
Көргөнүң келет кашыңа.
Көңулгө алып, түйүп жүр,
Картайсаң келет жашыңа.

Ак кирет кара чачыңа,
Жармашып кашың кашыңа.

Жаркылдай албай каласын,
Карылык түшүп башыңа.

Кетнейсин күчөп ашына,
Каласын баспай шашыла.
Карылык келсе көрүнөө,
Качканың бекер жашына.

Жашыңда берсин меенетти,
Карысаң берсин дөөлөттү.
Кабарлап сага билгизет,
Калганы азын мөөнөттү.
Кылчайып карап билип жүр,
Картайган башка бөлөктү.

## МЕНИ ТАШТАП

*Жетпей калган жигиттин арманы.*

Балалык, бир келесин, бир кетесин,
Биле жүр кимге кантип эркелешиң.
Баркына жете бербей тандаганың,
Байкаймын уруп, согуп жетелешин.

Байкабай жүргөн болдуң жүрөгүндү,
Башкача ойлогонсун, тилегиңди.
Баш кошуп алсак деген сөздү укпай,
Башка га карматкансын билегиңди.

Балалуу болсоң дагы көрүп жүрөм,
Байкатпай жүрөгүмдөн сезип билем.
Башында, сен ойлогон жашоо болбой,
Бактысыз жашоо сага болду белен.

Баары бир баштагыңдай айай берем,
Башкача күткөн эле, үмүт деген.

Башканын туткунунда болсоң дагы,
Байкатпай балалыгың күтүп келем.
Бактылуу болooруңа көзүм жетпей,
Баягы өмүр күткөн алкаш менен.

## КЫЙБАЙ ТУРАМ

Кечее эле, жүрсөң жашың он беште,
Кыйбай турам, жетимишке теңдешке.
Каалап сага, айткым келбей кыйналып,
Карыпсын го, кайран досум сен дешке.

Көңүлүм жок, карылык жаш кел дешке,
Кырк чамада турат өңүң теңдешсе.
Көчө бойлоп, кыздар менен жарышып,
Күтчү элең го чыга калып мелдешке.

Кыйбай турам, жүрө тур деп кырк беште,
Көңүл у лап, койо тургун кой дешсе.
Канткен менен жетимишти утурлап,
Келип калган туулуп калган күндү эсте.

Кыйылбагын, кыйналбагын Жаныбек,
Көпторүнө сунаарың бар гүл десте.
Кара чачың, агарса да өзгөрүп,
Көңүл барбайт, карыпсын го сен дешке.

*19-февраль 2015-жыл.*

## ЖЫТЫН БЕРИП КӨКҮЛДҮН

Кезегинде жүрөк туйлап, үн салып,
Калган мезгил, көңүл толуп тынчалып.
Күдөр үзбөй, ишенимдүү өзүңдөн,
Кыянат ой, күтпөптүрмүн мынчалык.

Кезикчи элек, күн өткөрүп узатпай,
Кеч кирбестен, түн да болчуу узактай.
Көңүлүмдү калтырбастан дайыма,
Күтчү элең го, мени сыйлап ызаттай.

Көздөрүңдөн көрчө элем го жылдызды,
Кайсы кудай жаратты деп, бул кызды.
Келечегим келишет деп суктанып,
Көркөмүңөн кем көрчү элем кундузду.

Кайда кеттиң таппай калдым өкүндүм,
Кабар издеп, көргөндөрдөн өтүндүм.
Коштошупсун сүйгөндүгүң билдирип,
Каалашымча жытын бердиң көкүлдүн.
Кара шамал айдагандай өңдөнүп,
Кагылайын кайда кетип бекиндиң.

## ЭСКЕРҮҮ

Алмашпай турган алтынга,
Арманың калды артыңда.
Атананын уулу Жеңиш деп,
Айтылып калдың калкыңда.

Алай-кууң сенден айрылып,
Ала-Тооң  калды кайгырып.
Ардактуу, сыйлуу Жеңишбек,
Айланып келбейт кайрылып.

Айландың кыргыз жергесин,
Азыр сен жоксуң, жердешим.
Аа бирок, калды ырларың,
Айтыла турган пендесин.

Айлымда сендей жок эле,
Атактуу ырчы теңдешиң.
Атыңды эстеп жүрөм деп,
Арнады ырын жердешиң.

Айланып келбейт кайрылып,
Аалай-Кууң сенден айрылып.
Кара бир Кулжа элдери,
Калышты абдан кайгырып.
Канаттуу ырчы Жеңишбек,
Качпаган ырдан айбыгып.
Кадимки терек шумкары,
Калдың не буттан тайгылып.

*5-июнь 2015-жыл.*



## КАЙРЫЛЫП БИР КЕЛИП КЕТЧИ ЖЕҢИШБЕК

*Ж. Шамшиевге арналат.*

Капчыгайың нары өтсөң да, бери өтсөң,
Кошо жүрүп, теңтуштарың бир өскөн.
Карагайлуу кайыңдарың ийилип,
Күтүп алчуу Жеңишбек деп күнөстөн.

Көңүл ачып, күн өтсөң да, түн өтсөң,
Күтчү эле го, теңтуштарың бир өскөн.
Кошумчалап, күнгүрөнүп тоолоруң,
Кайрык кошуп, ыр койнунда түнөшкөн.

Катуу агып, күркүрөнүп сен өтсөң,
Кабак ачык, кабар алып, сүйлөшсөң.
Капчыгайдын шаркыраган суулары,
Кубаттанып, канаат алып сүйлөшкөн.

Карап турат ары-бери мен өтсөм,
Күтүп сени тоо этектер гүл өскөн.
Кала берет Жеңишбектин ырлары,
Кылым бойу орун алып жүрөктөн.

Кадимкидей комуз чертип эми өтсөң,
Күтүп алат өмүрлүк жар күнөстөн.
Кайрыктарың, обондоруң сагынып,
Көргөн сайын жүрөк толкуп сүрөттөн.

Койгон атың, жеңиш күнү Жеңиш деп,
Келчи бизге, бир кайрылып Жеңишбек.
Кайталангыс үндөрүңдү сагындык,
Кадимкидей шаңдуу ырдап берип кет.

## ЖҮРСӨҢ БОЛМОК ШАШЫЛБАЙ

*Ж. Шамшиевдин 70 жылдыгына карата.*

Жетээриңде жетимишке жетпестен,
Жетимиш деп, той өткөрүп кетпестен.
Жерди көздөп, мынча неге шашылдың,
Жакшы каалоо, жакшы максат күтпөстөн.

Жүрчү элең го, элди кыйып өтпөстөн,
Жүрсөң болмок, жалын бойдон өчпөстөн.
Жетимиш жаш Торко тойуң болоордо,
Жерге түштүң, неге шашып күтпөстөн.

Жеңишбек деп, ырлар калды бүтпөстөн,
Жумшак басып жүрчү элең го, көппөстөн.
Жарың менен балдарыңды сыздатып,
Жарык чачып, жүрбөй кеттиң өппөстөн.

Жериң калды, элиң калды бирге өскөн,
Жайлоолоруң, капчыгайың үндөшкөн.
Жазып ырлар көңүл эркин сугарып,
Жага турган Алай-кууңа түстөшкөн.
Жашай бербей, кайда кеттиң өкүнтүп,
Жүрсөң болмок, жер астына түшпөстөн.

## КЫСТЫРМА

Кыргыздар  бербейт  оорунун,
Кыйшайта кымтып  соорунун.
Кантсе да ашпайт өзүнөн,
Келтирсе  деле форумун.
Каалаймын Өзгөн  нуруна,
Кадырын тилеп жолунун.

## ӨЗГӨНДҮН ӨЗГӨН  НУРУСУН

Өзгөндүн Өзгөн  нурундай,
Өзгөрүп  кайра курулмай.
Сексенге чыгып турса да,
Секирет жап-жаш кулундай.

Өзгөндүн Өзгөн  нурундай,
Өзгөрүп  шашпайт  жулунбай.
Сексенге жашы жетсе да,
Серпилет комуз кылындай.

Өзгөндүн Өзгөн  нурундай,
Өткөрүп жашты кылымдай.
Өзгөчө түскө бойолуп,
Өткүрү бычак  кырындай.

Өзгөндүн Өзгөн  нурундай,
Өлчөөсү  Манас курундай.
Өтө эле кызып окуйсуң,
Өтсө  да ишиң кылынбай.

Өзгөндүн Өзгөн  нурусун,
Өркүндөй берсин жумушуң.
Кылымдан кылым  жашаган,
Кадимки Мунар турушуң.
Көкөлөп дагы бийикке,
Каалаймын  дайым жылышың.

*22-апрель 2014-жыл.*

## ӨЗГӨН НУРУ

Өзгөн шаарым Озгон болуп төрөлгөн,
Өзүм жаздым болушунча көрөңгөм.
Өзгөрүлүп күндөн күнгө жашарып,
Өзбек,кыргыз кылып жаткан жөрөлгөң.

Өзгөнүмдөн «Өзгөн нуру» жаралган,
Өзү сулуу , сөзү сулуу таралган.
Өздөштүрүп окурмандар талабын,
Өзгөчө бир гезит болуп саналган.

Өтүп күндөр өзгөрүлдү, жасанды,
Өкүнбөстөн сексен быйыл жаш алды.
Өткүрлөнүп, түстүү түскө бойонуп,
Өтсө дагы сексенде эмес, жашарды.

Өнүктүрүп, эгемен деп баса алды,
Өдөлөнттү жалкоолорду , кашаңды.
«Өзүм»- деген өнөкөттөн тазалап,
Өңдүү чыгып, ого бетер жасанды.

Өлчөө эмес , өмүр жашың сексениң,
Өмүрүңө өмүр тилейм мен сенин.
Өзгөчөлөп өзгөнгө нур таратып,
Өзүң билип, өсүү жагын эстегин.
Өтөп элдин кыймылына жараша,
Өмүр бойу өңү өссүн гештеңин.

*22-апрель 2014-жыл.*

## ЖЕҢИШБЕКТИ ЭСКЕРИП
**Белгиленген жылдыгына карата.**
***2013-жыл 10-август.***

Келди мына элибизге жеңиш деп,
Койгон экен атаң сени Жеңишбек.
Калкың үчүн бала кезден башталып,
Көп ырларды ырдап кеттиң негиздеп.

Колдоо берип Шамши атаң Жеңишбек,
Кудай сага үндү кошуп тегиздеп.
Кыргызыңа нан оордуна угузуп,
Каалаган го кудай ырдан жегиз деп.

Кыргыз барбы сенин үнүң укпаган,
Кыйналганда кыймылдабай уктаган.
Концерта бар Жеңишбектин дегенде,
Клуб толуп, көрүүчүлөр батпаган.

Кечее көрдүм ЭлТРде сактаган,
Кырк жылдыгың элдер келип жактаган.
Карааныңды Ала-Тоодой көрсөтүп,
Канчалары сөз табалбай мактаган.

Карбаластап мынча неге бошоштуң,
Канаат кылбай эрте кетип коштоштуң.
Кала турбай кадырыңды карманып,
Качып кетип, Ырысбайга окшоштуң.
Комуз чертип, ал аккардион ойношсо,
Кыяматка бирге болуп топтоштуң.



**АЖООМО**

*Нарын жеринде сүйлөгөн сөзүн колдоп.*

Абдан андып, акылмандык жараткын,
Арам тамак жуткучтарды каматкын.
Алдап-салдап жеп ичкендер көбөйдү,
Алдын алып сылап, сыйпап жадаткын

Кароол койуп  катуу боло бараткын,
Көз ирметпей көзөмөлдө караткын.
Колу туткак коррупция дегенди,
Көп өткөрбөй тез арада каматкын.

Өзүң таза, өзгө таза болмойун,
Өнүкпөйбүз  курсак толо тоймойун.
Онолбойбуз кыргыз эли эч качан,
Оңурайтып уурулукту коймойун.

Өзүм дебей, өзгө дебей караткын
Өзүмчүлдү өнүктүрбөй  тараткын.
Өмүр бою жашай берет болбосо,
Өз сөзүңдөн жазбай туруп каматкын.

## ЖИЙДЕНИН ЖЫТЫН ЖАКТЫРАМ

Кетпе деп менден жаш курам,
Кыйылам бирок деп турам.
Көркөмдүү айлым, Жийдени,
Китепке жазып калтырам.

Конокко чыксам калкыман,
Келгенге кайтып талпынам.
Кыйышпас, Жийде журтумду,
Калтырам, кантип калтырам.

Жыл мезгил келсе артынан,
Жактырам абдан жактырам.
Жарашкан жерди чукулап,
Жийделүү дарак бак кылам.

Жүрөккө көп сыр баткырам,
Жүргөнүүм эстеп жат кылам.
Жаш кезден келдим жытташып,
Жийденин жытын жактырам.
Жашоодон өтүп кетеерде,
Жийделүү китеп, бак сунам.
Жазганым калат айлымда,
Жашоом бар азыр, умтулам.

## МЕН КАЙГЫРБАЙМ

Мен кайгырбайм, бул дүйнөдөн бөлүнсөм,
Мен элиме, акын болуп көрүнсөм.
Мен түбөлүк кетчүү жакка кетсем да,
Мейли артыма китеп таштап көмүлсөм.

Мен кайгырбайм, абдан бышып төгүлсөм,
Мен китептен өчпөс болуп көрүнсөм.

Мидин менен Райкандай аталып,
Ман ыраазы, атым калып көмүлсөм.

Мен кайгырбайм, акын катар аталсам,
Мени узаткан калың элден бата алсам.
Менден калган китептерим кадырлап,
Мен да илинип, таш боорунда жата алсам.

Мен кайгырбайм, токсон жашты тата алсам,
Мени акын деп, окурмандан кат алсам.
Миңдеген ыр, жазгандарга теңелип,
Мезгил келсе чоң сүрөткө бата алсам.
Менин атым унутулбай түбөлүк,
Мен да кийин акын го деп сакталсам.

## АЧПАСТАН СЫРДУУ КАПКАГЫҢ

Алып барып четке аппагым,
Ал жайын билип жаткамын.
Артсаң да колуң мойнума,
Ашыктык даамын татпадым.

Ачпастан сырдын капкагын,
Арнабай менден катканың.
Арага жолтоо болгону,
Алыска кетип жатканың.

Арманың уккам айтканың,
Адырдан бери кайткамын.
Арасат биздин байланыш,
Акылың жетип байкадың.
Атаймын сени аппагым,
Абдандап мага жакканың.
Адырда тур дун билинип,
Апкаарып сүрдөп жатканың.

Аманат сөздөр айтылып,
Аман бол дедиң,кайткамын.
Алыска кеттиң эртеси,
Ачпастан сырдуу капкагың.

## БОЛСОК ДЕГЕН ТИЛЕГИМ

Жакшы, жаман эл аралап жүрөмүн,
Кееде капа, кееде шаңдуу күлөмүн.
Жаралгандай, бир өзүмө сезилет,
Жарык чачып, элим үчүн жүрөгүм.

Жакшы тилек, ой-максатта жүрөмүн,
Жийде айылы менин өскөн түнөгүм.
Жашоо чиркин, түбөлүктүү болбоптур,
Жалп деп өчөөр, качандыр бир жүрөгүм.

Жакшы жашап, келдим окшойт билемин,
Жаш кезимден таттуу болгон тилегим.
Жалкоо болуп, жатып албай, чарчабай,
Жарпым жазып иштеп берген билегим.

Эми бизге балдар жайды килемин,
Эркелеймин, эрке болуп келемин.
Эл катары кадыр алып сакалчан,
Элим үчүн сого берет жүрөгүм.
Эрте туруп, кошо бирге байбичем,
Эсен-аман болсок деймин тилегим.

*20-02-2015.*



## ЧЫҢГЫЗ АВА

*Сексен беш жылдыгына карата.*

Дүйнөгө түбөлүктүү түркүк болбой,
Деңизде сүзө бербей даңгыр жолдой.
«Ак кеме» өзүң болуп түбөлүккө,
Айланып Ысык-көлдүн суусу тоңбой.

Акыры алып кетти өмүрүңдү,
Айоосуз мээрими жок ажал оңбой.
Артыңда сүрөт калды киноң калды,
Ааламга таркаткансын сен буларды.

«Ак жааның» жааган бойдон токтобостон,
«Гүлсарат» көрүп калам жаныбарды.

«Атадан калган туяк» арман айтып,
Актерлор жаратат го жаңыларды.

Жамийлаң жап-жаш бойдон дагы калды,
Жактырат бүгүн элиң Даниярды.
Кыпкызыл бышкан бойдон алмаң турат,
Кыйылбай таштап кеттиң сен буларды.

Кетеерде кейиш тартып ойлондуңбу,
Калтырып бирге болгон курбуларды.
Өлүмгө кеткен жоксун Чыңгыз ава,
Өмүргө эч табылбай такыр дава.

Өлбөгөн чыгармалар таштап кеттиң,
Өчпөгөн китеп жазып сага мага.
Өзүңдү тирүү сезип жүрө берем,
Өзгөчө көңүл бөлүп чыгармага.
Дүнүйө таанып, билип атың калды,
Дүйшөнүң, Бетме-бетиң, Кызыл алма.




**АШЫКЕМЕ**

Башталчуу ырың «дой» менен,
Бар эле сенде ой кенен.
Боздогон моокум канбаса,
Бошотуп орун койбогон.

Бооруңан комуз түшүрбөй,
Болду деп ырдап тойбогон.
Болчуэмес сыйсыз журтунда,
Бордоку койун сойбогон.

Айтышчуу чыгып эгиздей,
Алдырып ашын жегизбей.

Адашпай төкмө Эстекем,
Ардайым оңдоп тегиздей.

Ашыкем турчуу сезилип,
Артыкча эткел семиздей.
Аянбай тыңшап укчуубуз,
Ашыкча кетти дегизбей.

Ашыкем менен Эстекем,
Ааламдан өттү деңиздей.
Ашыкем чабан, жылкычы,
Атактуу кыргыз ырчысы.

Ар дайым эстен кетпейт го,
Айрыкча ошол жылкысы.
Ак шоокум айтып даттанган,
Айтали уулу ырчысы.
Аянбай дайым айтышкан,
Эстекем болуп сынчысы.

Карагул дедиң боздодуң,
Кайгыны ырдап козгодуң.
Качанкы өткөн турмушту,
Кайтарып обон созгонуң.

Кантсе да калды элиңде,
Канатчан учуп оозгонуң.
Нарындан айтып саламды,
Ашыкем ырдап кооздодуң.
Ар дайым кетпейт эсимден,
Арбыта обон чозгонуң.

*15-март 2014-жыл.*



## ТАТТЫБҮНҮ ЭСКЕРЕМ

***Талантына тан берип.***

Таасири бар талант кыргыз элинин,
Таттыбүбү татпай жашоо ширинин.
Тагдырына таӊкыс өмүр туш кылып,
Таппай калды тапкан өнөр билимиӊ.

Театрдын көркөм жолун окудуӊ,
Татаарында таттуулугун окууӊун.
Талаш, тартыш көрө албастык аралап,
Таасиринде алды кудай кулунун.

Эркиӊ жетти Уркуядай болууга,
Эч болбосо элүү жашка толууга.
Көрө албаган көзү жаман бирөөлөр,
Койушпады бийикучуп конууга.

Кызыл алмаң бышкан чакта кызарып,
Кырчын жашың жашоо бербей узагып.
Көрөөрүңдө көркөм өнөр ташкынын.
Калдың жатып жер астында узарып.

Ак боз аттан түшпөй төрлөп жүрө бер,
Актриса, өчпөй турган бул өнөр.
Арнап сага эскерүү деп  жазганды,
Ашыкча деп койбосо дейм бирөөлөр.

*8-март 2014-жыл.*

## БОЛСОК ДЕГЕН ТИЛЕГИМ

Жакшы, жаман эл аралап жүрөмүн,
Кееде капа, кееде шаңдуу күлөмүн.
Жаралгандай, бир өзүмө сезилет,
Жарык чачып, элим үчүн жүрөгүм.

Жакшы тилек, ой-максатта жүрөмүн,
Жийде айылы менин өскөн түнөгүм.
Жашоо чиркин, түбөлүктүү болбоптур,
Жалп деп өчөөр, калгандыр бир жүрөгүм.

Жакшы жашап, келдим окшойт билемин,
Жаш кезимден таттуу болгон тилегим.
Жалкоо болуп, жатып албай, чарчабай,
Жарпым жазып иштеп берген билегим.

Эми бизге балдар жайды килемин,
Эркелеймин, эрке болуп келемин.
Эл катары кадыр алып сакалчан,
Элим үчүн сого берет жүрөгүм.
Эрте туруп, кошо бирге байбичем,
Эсен-аман болсок деймин тилегим.

*20-02-2015.*

## ЖЫЛ УРМАТЫ

*Ала-Тоо айымдарынын жыл сыйлыгына кошулуп.*

Ар намыз кармап, бекемге,
Ак эмгек жумшап мекенге.
Атамбай уулу Алмазбек,
Албаптыр бийлик бекерге.

Ааламда сулуу, эң сынбат,
Аял зат болот, эң кымбат.
Айымдар баалап беришти,
Алмазга атап,сый, урмат.

Аз-аздан жакшы башталат,
Агын суу кетет, таш калат.
Азамат иштейт элине,
Алыстап кетпей шашмалап.

Ак иштеп, элин башкарат,
Ачылып, көңүл каш кабак.
Алмазбек абдан киришти,
Акылын жумшап, башкалап.

Ардактап сүй деп, атаны,
Асырап бил деп, апаны.
Ала-Тоо, айым кыздары,
Ак-тилеп, берди батаны.

Ал эми бул ыр сиз үчүн,
Аксакал жапкан чапаны.
Аралап,көрө жүрүңүз,
Алыскы кыштак, жаканы.

Анткени калды көрүнүп,
Ажырап жүрбөй бөлүнүп.
Алгалап элиң баратат,
Ажары айдай төгүлүп.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын, тасма-булаш делбеймин,
Мен бөлүнбөйм, сөзүн угуп сендейдин.
Мен кыргызмын, Кудай өзү жараткан,
Мен дегенди, миң тилдеге бербеймин.

Мен кыргызмын,моңол-мундуз делбеймин,
Мени бузуп, ким чакырса келбеймин.
Мен кыргызды атам Манас чогултакан,
Мелтиреген дүйнө элине теңдеймин.

Мен кыргызмын,таздар-басыз делбеймин,
Мейман күтсөм, баарын чогуу кел деймин.
Мени бөлүп, сени бөлүп иш кылса,
Меерим салып, баарына бол тең деймин.

Мен кыргызмын,бөрү-сартаз делбеймин,
Мен көпкөлөң, келгим келбейт кердейгим.
Мага берген Ала-Тоомду асырап,
Медер тутуп, Башкаларга бербеймин.

Мен кыргызмын,бугу-багыш делбеймин,
Менин ичим Ысык-Көлдөй кең деймин.
Менин кийген ак калпагым жарашат,
Менден башка ким болсо да бербеймин.

Мен кыргызмын,түндүк-түштүк делбеймин,
Менин сүйүүм, кыргыз деген эл деймин.
Меенет кылып, өз элимди асырап,
Мекенимдин тынч бешигин термеймин.

Миң тонналап алтын сунса башкалар,
Мен акчага өз элимди бербеймин.
Максатым бар, тилегим бар ойлогон,
Мен кыргызды, айга- күнгө тең деймин.

*24-октябрь 2014-жыл*

## БАКЫЛДЫН БАГЫ

Бакылдын багы көгөрбөйт,
Башкача кайра төрөлбөйт.
Бүркөлүп кабак тырышып,
Бир тууган болуп жөлөнбөйт.

Байкабайт мени дегенсип,
Билгизбей, ага көрөм дейт.
Байлыгы менден ашпаса,
Баш ийип анан коном дейт.

Былгытат ичтен эзилип,
Бир болсоң ага кезигип.
Билинип турат сөзүнөн,
Бакылдык пейил сезилип.

Башкача жакшы ойлонбойт,
Бакылдык жактан ойгонбойт.
Балдары өсүп өзүндөй,
Башкарып абдан койгом дейт.

Башынан көрүп тарбия,
Бийкечи көнүп соймоңдойт.
Билмексен болуп тымызын,
Бир болуп ичпей кымызын.

Бакылдык жайын байкатып,
Берсе да чертип комузун.
Башкалар карап турса дейт,
Бал тилин салып уп-узун.
Билгиле тууган-туушкандар,
-Бяймаза «бакыл»- курусун.

*10-июль 2014-жыл*

## КҮТӨ БЕРИП КӨНГӨМҮН

Аскер форллаң кийип үйгө келбедиң,
Арман кылам, бир да жолу көрбөдүм.
Акмаралдай перзентим бар деп жүрүп,
Адаштымбы, сенден мурда өлбөдүм.

Сенден калып, кыйын жашоо көргөнүм,
Сезүлгүм бар, тирүү эмес көрдөмүн.
Сенделектеп оорусам да эки жыл,
Сени эстеп, ырга кошту жөндөмүм.

Кантсем дагы көңүл чөгүп, көнгөмүн,
Көрө элекмин төрүн аттап бөлмөңүн.
Кыздарың бар, бирок жаштык кылышат,
Күтөөрүм жок, болбой калдым төрдөгүң.

Карегимдин карасы деп көргөмүн,
Картайганда болоор элең өрнөгүм.
Капа кылып, таштап кеттиң бөлүнүп,
Кыйгым келбей, айткым келбейт көрдөгүм.
Качан болсо бирге болот элесиң,
Карай берип, күтө берип көнгөмүн.

## КҮЛГӨН ЖАКШЫ

Күнүмдүк жашоо экен, күлгөн жакшы,
Катуу сөз, жумшак сөздү билген жакшы.
Калыс сөз, улуу-кичүү айткан болсо,
Калтырбай кулак, мееге илген жакшы.

Кабакты карыш салбай жүргөн жакшы, -
Караңгы жарык болбойт, күндөн жакшы.
Канчальж бул жашоодо, тирүүлүктө,
Каткырып, капа болбой күлгөн жакшы.

Көңүлдү ала билсең менден жакшы,
Көбөйтпөй жаман ишти жеңген жакшы.
Кайаша сөздү сөзгө кошо бербей,
Кайдыгер караганга көнгөн жакшы.

Кечикпей кеткен жактан келген жакшы,
Кучактап күтүп алса сенден жакшы.
Күн болуп жарык чачып маңдайыңда,
Качырбай кыйын ишти жеңген жакшы.
Кабакты кар жаадырып бүркөбөстөн,
Катынга жаккан жоктур менден жакшы.

## ӨРҮК ГҮЛҮ

Өрүк зарым сүйүнтөнмүн гүлдөсөң,
Өзөгүмө дары болчуу мен жесем.
Өзгөлөрдөн сурап билип койбопсун,
Өтө катуу суук болушун билбесең.

Элдей болуп сүйүнгөнмүн гүлдөсөң,
Эми сага күнөөлүүнү ким десем.
Эки жума эгер турса күн жаабай,
Эркин мөмө алар элең күн жесең.

Жүрөк ооруйт, эгер өрүк жебесем,
Жабыркасам эми кимге кеңешем.
Жаңылышып, гүлүң шашып ачаарың,
Жаашын кардын, билбей калдың неге сен.

Бажырайып гүлүң төксөң төгүлүп,
Бирок, калдың кар астында көмүлүп.
Бала-чака өрүк бышаар мезгилин,
Батына албай күтүп жүрчүү көнүгүп.
Быйылкы жыл такыр болуп башкача,
Баары калды бир өзүңдөн түңүлүп.

*20-31-март 2015-жыл.*

## БАЛДАРЫМА

Агарып аткан таңым, силерсиңер,
Ата деп, ардакташты билеер силер.
Алтымыш аша жашап турган кезде,
Артыман көтөрмөлөп тирөөмсүңөр.

Ак нанды жумшактатып береерсиңер,
Алыста жүргөн лленен келеерсиңер.
Аталап акча десем, доолар берип,
Ар дайым, бир мен үчүн кененсиңер.

Ар кандай тоскоолдукту жеңеер силер,
Аз дебей, көп да дебей демөөрсүңөр.
Акыры ажал келип алып кетсе,
Айрылып, калган ишке көнөөрсүңөр.

Атадан калган ишти билеерсиңер,
Ашык кем болгон жерин теңеерсиңер.
Аласа-береселер болуп калса,
Айттырбай атамкы деп береерсиңер.

Ар жерде жашап алые жүрсөңөр да,
Атамын эшиги деп, келеерсиңер.
Артымда калган ушул ырларымды,
Атайлап окуп койуп жүрөөрсүңөр.

## МЕНИН АТАМ

*Баткендин окуясында*

Менин атам, Султан уулу Курманбек,
Мекениме бекем кызмат кылам деп.
Меелесе да, автоматын кезешип,
Милициялык антым бар деп, турган бек.

Менин атам, бул кесипти тандаган,
Мансап үчүн арам жолго барбаган.
Зардаалынын Эгиз-Талаа жеринде,
Жалгыз барып, душман колун кармаган.

Менин атам, кыргыз журтун сыйлаган,
Байкап жүргөн, билип жүргөн кыйла адам.
Маңдай-тескей душман менен атышып,
Бутка тийген, ок атамды кыйнаган.

Менин атам, эс алууда кыйладан,
Медаль менен эрдигиң деп сыйлаган.
Зардаалыга согушууга кеткенде,
Зарлап муңдап, көрөмбү деп ыйлагам.
Миңдеген күн, өткөн менен согушка,
Меенет, кайгы тартып жүрөт кыйла адам.

*Кызы Гүлназ*

## ЖАН ЖОК ЭКЕН ЭНЕДЕЙ

Бул дүйнөдө мееримдүү жок энедей,
Билбептирмин, кең экениң кемедей.
Балалыкта байкабапмын,туйбапмын,
Билдим азыр, жүргөн кезим элебей.

Кээде калам мен өзүмдү жемелей,
Кейип-кепчип, акылы жок немедей.
Кадырыңды, баркы-бааңды билбепмин,
Картайганча жүрө берип кенебей.

Билдим эми, кымбат жан жок энедей,
Берет тура, мээрим-акыл ченебей.
Балдарыңа арнап, өмүр кубатың,
Бөлүштүрүп тегиз чачып себелей.

Калдым сезип, кыйналганын жүрөгүң,
Качан болсо жандай көрүп жүрөмүн.
Кадыр,баркың эми мага сезилип,
Күткөнүңдөй,  мен да болуп энемин.
Кудайыңа ыраазы болуп турасын,
Кыздуу болсом аткарылып тилегиң.

*Кызы Гүлназ*

## БЕГИМАЙЫМ

Сен менин алдейлеген ымыркайым,
Сезилип, келип турат мага дайым.
Сергектик, акыл-эстүү кыялдарың,
Сакталып өмүр бойу карманайын.

Сен менин тийип турган күнүм, айым,
Сага деп, жүрөк соксо не кылайын.

Саратан болуп турсаң от чыгарып,
Сайраңдап, моокум канып жылынайын.

Сермелип өсүп турган сенсин кайың,
Сүйкүмдүү көрүнөсүн өтсөм дайым.
Сүйүнтүп көңүлдөрдү көкөлөтсөк,
Сага да, мага болбос эч бир айын.

Сүйүктүү бир өзүңсүн айдай айым,
Сырдашып, көңүл ачаар мага дайым.
Суктанаар Раймалынын сүйүүсүндөй,
Сен менен бирге кошо байланайын.
Сакталып сүйүүбүздү жүрөлүчү,
Сен мага болгон болуп Бегимайым.

## БАТКЕНДИК АЙГҮЛ КҮЛҮП ӨТ

Болсо да башка бүлөөсү,
Байкалбайт такыр күнөөсү.
Башымды буруп ээледи,
Башкача болуп элеси.

Байкасам анын мүнөзү,
Баткенден өскөн гүл өзү.
Башкача сүйкүм көрүнөт,
Болгондой жалгыз бир өзү.

Балапан жапжаш сезилет,
Бат эмес, кем-кем кезигет.
Баркына жетип билемин,
Балтыркан назик кези деп.

Билемин ширин сөзү көп,
Байланыш дайым түзүлөт.
Балбылдап жанып көздөрү,

Байкелеп, тиктеп сүзүлөт.
Баткенден өскөн Айгүлүм,
Бүт өмүр арнап, күлүп өт.

## МЕНМИН ДЕБЕ

Менмин дебе, көкүрөгүң каккылап,
Менмин десең, ойлонуп көр жакшылап.
Менмин дештин одонолук жактарын,
Менмин дешти мурда билгин тактылап.

Менмин десең, ойлонуп көр жакшылап,
Менмин деген көпчүлүктү дак кылат.
Менменсинип өзүн бийик көтөрүп,
Мен гана деп, өзү тарап жак кылат.

Мен элемин өзгөчөмүн дебегин,
Мен дегенди изилдеп көр тереңин.
Мен деп жүрүп бөлүнгөнүң билинбей,
Мендейлерге тийбей калат керегиң.

Менмин дебе, баары сендей адамдар,
Мен эле деп, көп мактанат наадандар.
Мен деп жүрүп туугандардан жат болот,
Максаты кир, пикири кир адам бар.

## ӨЧПӨГӨН НУР

Бирде ачык, бирде салкын тийесин,
Баш көтөртпөй жер тиктетип ийесин.
Бир башкача кызым бар деп жүрчү элем,
Билбей калдым, кандай болгон жүйөсүн.

Бирде жалын оттой болуп күйөсүн,
Башкаларга салыштырсам мүнөзүн.
Билбей калып, алигиче ойлоном,
Барбы жокпу, кандай болгон күнөөсүн.

Баш оорутуп, капалантып ийесин,
Бирде жарык, күн нурундай тийесин.
Бала кезин жүргөндөрүн элестеп,
Баш көтөрбөй оттой болуп күйөсүн.

Билбейм кызым, жүрөгүмдө жүрөсүн,
Баякыңдай тамашалап күлөсүн.
Байлангандай алыс басып кетпеймин,
Балам мага ачпаган нур сен өзүң.
Бассам, турсам көз алдымдан кетпеди,
Бала бойдон күндөй жарык мүнөзүң.

## СУНУП КОЙ

Жүрөгүм бар, бир сен үчүн билип кой,
Жүдөтпөстөн көп кечикпей келип кой.
Жумалаган күндү өткөрүп, күттүрбөй,
Жакшы көрөм көңүл, ойуң берип кой.

Жан эргитип кирпик, кашың керип кой,
Жамгыр төгүп, күн жааганда келип кой.
Жакшынакай айткандарың унутпай,
Жакын келип, жыпар жытың төгүп кой.
Жандан ашык, сезееримди туйуп кой,
Жакшы көргөн сезим арнап куйуп кой.
Жагалданган жаштыгыңды өткөрбөй,
Жан жыргаткан махабатка үйүп кой.

Жүргөн кезди жүрөк толкуп билип кой,
Жүйөөлүү айткан сөздөрүңө кирип кой.

Жүрсөк дагы эки башка турмушта,
Ж.рөк таза, экөөбүздө тунук ой.
Жакын келип, жыл өткөрбөй созултуп,
Жарык болуп, керектүүсүн сунуп кой.

## КЕЛЧИ НУРУМ

Күтчү элем го күлүп айткан сөзүңдү,
Көпкө чейин элестеттим өзүңдү.
Канчалаган күндөр өттү билбеймин,
Көргүм келет карагаттай көзүңдү.

Кимдер билмек, канча жашоо өмүрдү,
Күлү калат отко жаксаң көмүрдү.
Касиеттүү бул жашоо бар кезинде,
Калтырбайлы кымбат баалуу көңүлдү.

Кызуусунда соккон жакшы темирди,
Колдонуп кал, күмүш заттан, теминги.
Кор кылбастан, кадырын  бил турмуштун,
Карбаластап алдырбастан теңиңди.

Кадырын бил, кымбат баалуу көңүлдү,
Кайрып бербес, кайтып келбес өмүрдү.
Качандыгын качан келет билбейсин,
Кабары жок, мөөнөтү жок өлүмдү.

Келчи Нурум, жүз көрүшүп жүрөлү,
Кадырлашып таттуу өмүр сүрөлү.
Казак кызы Бегимайдай болсоң сен,
Кармайынчы жалгыз сени бирөөнү.
Кызыгына, махабатка маакул бол,
Кудай өзү кечирет го күнөөнү.

## КАЛБАЙЫН СЫНЫП

Калганым билчи,жүрөгүм сен деп,
Кадалат кирпик, сага деп ирмеп.
Кабарсыз болуп жүргөнгө бир аз,
Калбасын жаным көңүлүң кирдеп.

Калганым билчи өзүмдү тилдеп,
Кайрылуум сага, көңүлдү иргеп.
Катуулап кетпей таарынчың койуп,
Катаамды алчы, катарын бир деп.

Кабарым жетпей телефон бузук,
Калдыңбы сезип, болгонду кызык.
Көчөңдү көздөп, учсамбы дедим,
Кадимки шумкар учкандай сызып.

Капалуу ойлор турганда чыгып,
Калгандай болдум, үнүңдү угуп.
Кабагым ачык, көңүлүм чөкпөй,
Кадимки сөзүң укканга тынып.
Койуп жүр жаным пейлиңден кайтып,
Калбайын бир күн таптакыр сынып.

## ТАҢ КАЛАМ

Таң калам азыркынын сакалына,
Тоо чөбүн адаштырып пакалына.
Тойутту тойут кылбай саман кылып,
Тон кийбей алмаштырып чапанына.

Толгонуу ойлор келбей капарына,
Топтошуп келгин дебейт катарына.
Тууралап бөлөктөнүп, бирге болбой,
Туткактап жүргүн дебейт сапарына.

Топ-топко бөлүнгөндү баштап калды,
Тобуна кошпойбуз деп башка чалды.
Тоорулуп уру-уруугa бөлүнүшүп,
Тосмону тосмолоого жетти алды.

Тасманы ташбака деп атап калды,
Туугандан, туушкандары жадап калды.
Теетиги тегирменчи көчөсүнө,
Теңизбай атын жазып кадап салды.

Тартиптер тартип бойдон сакталбастан,
Тескери көптөр чыкты кадам баскан.
Тарбия берет деген сакалдуулар,
Таалимсиз жаштар менен аралашкан.
Түшүнтүп баш ийдиреер идеяны,
Таппайсын улуулардан жардамдашкан.

## КУМАРЫҢА КАНЫГАМ

Кыйналсам да кыйа баспайм башкага,
Көргөнүмө кайыл болом  ачкага.
Карагаттай көздөрүңдү сагынып,
Күтөм келгин жалгыз өскөн арчага.

Көңүлүм жок, бир өзүңдөн башкага,
Күттүрөсүн, айтчы деги канчага.
Көрүнүшүң, көркөмүңдү теңеймин,
Кеч күздөгү бышып турган алчага.

Кыялың бар, кадимкидей жаш бала,
Кантип сени ыраа көрөм башкага.
Кучагыңа, колтугуңа батырып,
Кабыл алып, мени такыр таштаба.

Көргүм келип,күн өткөрбөй сагынам,
Карааныңа сүрөтүңө жалынам.
Кармап алып, кетирбестен өзүңдү,
Карыш алыс, кетким келбейт жаныңан.
Күттүрбөстөн айтсаң боло акыры,
Качан сенин көлөкөңө жамынам.

## КӨРҮНГӨНДӨ АЛТЫН АЙ

Арылбаган арман калбай өзүңдөн,
Айландырып өпкүм келчүү көзүңдөн.
Аракетим антип-минтип жетүүгө,
Айла таппай, жүрөт жүрөк эзилген.

Ашык болуп, жүргөн менен эзилген,
Анда-санда жолуктурам кезин мен.
Айдай салкын жарыгыңды чачканың,
Арнаганың билип жүрөк сезилген.

Айыбы жок сүйлөп берсең сөзүңдөн,
Адашпастан, ашык болгон кезим мен.
Айдан сулуу ыраңыңа төп келип,
Ай мончоктой алтын тиштер тизилген.

Арылтат дейм, арман ойго калтырбай,
Анык билем жүрүшүң бар тартынбай.
Алыс жерден келсең дагы турмушка,
Ардактаймын Өзгөн эли калкымдай.
Ашыкпа деп, сааты келет бир күнү,
Аласыз го кумар жазуу балкымай.
Айтканың бар, убадамда турам деп,
Асман ачык көрүнгөндө алтын ай.

## ЭМИ МЕН

Бир сен үчүн жаралгандай сезилем,
Билем сени, ар бир айткан сөзүңөн.
Башкаларга кантип карайт экен деп,
Байкоо садам жалооруган көзүңөн.

Бассам, турсам сен кетпейсин эсимен,
Бирге болбой жаштык жаркын кезиңен.
Барк кетирбей, нарк кетирбей ошондо,
Баалап сени, албайт белем тезинен.

Бышып турган бүлдүркөндөй эзилем,
Бирге болуп, бирге качан кезигем.
Боор оорутуп, махабатка чөмүлтүп,
Болбодуң не, жаштык назик кезиңен.

Билбей жүрөм, эмне кылам деги мен,
Бош жер издеп, оолуккандай демигем.
Башкаларга бир мүчөңдү теңебей,
Бакырайган көздөрүңө жеңилем.
Баш бербеген бул жашоодо кыйналдым,
Бийкечим айт, кандай болом эми мен.

## СУЛУУ КӨРДҮМ

Сулуу көрдүм эч жеринде жок кеми,
Суктансамда боло албадым мен тени.
Суудай сүзүп куйуп алып идишке,
Суусаганда сактап жүрүп ичсемби.

Көндүрө албай көөнүм түшүп эч сени,
Көрсүн үчүн сыйкырланып келсемби.
Көөдөнүмдү күндөп-түндөп кыйнады,
Кандай кылсам, курут кылып ээсемби.

Кыйылсам да кыйналсамда сезбеди,
Кыйла жашка барыпсың го сиз деди.
Капа болуп уккан сөзгө өкүнүп,
Кайяктасын кыргый куштай кез деги.
Кашайтты го катуу кармап мүчүтүп,
Көңүлүмдөн кетпейт минтип эзгени.
Көзүм күйөт Төөчүмө.

## МУҢКАНУУ

Көзүм күйүп, тиктеп койуп жүрөмүн,
Көркөмдүү тоо экендигин билемин.
Көргөн менен кадам таштап жете албай,
Келет күтүп, кайран өмүр жүрөгүм.

Кыш келгенде аппак тонун жамынат,
Көп өткөрбөй, жаз келет деп камынат.
Колдон келбей, сууну кечип өтө албай,
Картаң жүрөк, Төөчүм сени сагынат.

Жаз башталып жашыл жоолук салынат,
Жамгыр менен сууга тойуп каныгат.
Жайытына, жайлоосуна малчылар,
Жапырт чыгып, отурууга камынат.

Кыр-кырынан кыян суулар агылат,
Кызыл-ала жарлар көчүп жарылат.
Канча адамдар күндөп, түндөп өтсө да,
Кайран жаным, бир өтө албай зарыгат.

Жай келгенде башкачараак өзгөрөт,
Жашыл чөбү түгөнгөнсүп өзгөлөп.
Жаштыгымдан ушул жашка келсем да,
Жалаң гана өзүм жетпей, көз көрөт.

Жылдар өттү жетимиш деп арадан,
Жетпей сага эки жагым каранам.
Жаштыгымда жетпеген соң өзүңө,
Жардамым жок, эми кайдан бара алам.
Жүрөм дагы канча жашап өмүрдө,
Жалдыраган көздөр өчпөй караган.

## СЕН ӨЗҮҢСҮН

Сен өзүңсүн, бийик болгон асманым,
Сен эңсеген чокудагы аскамын.
Сүйлөшпөсөм күн өткөрбөй өзүңө,
Сезимим жок, билбейм кантип басканым.

Сен өзүңсүн балалыгым жаш чагым,
Сени эстеп, такыр келбейт чарчагым.
Саамайындан салкын жерде жыттатып,
Сүйүү берсең, арасында арчанын.

Сен өзүңсүн, кеч болсо да тапканым,
Сезсек экен, таңдын бирге атканын.
Сенден мага өтөт качан жылуулук,
Сергүү берип, көңүл эргип аппагым.

Сен өзүңсүн, алыс эмес жактагым,
Сага жетпейт жарым карыш аттамым.
Соолутпастан солкулдаган гүлүңдү,
Соруп, соруп койгум келет аппагым.
Сооп болоорун билип менин сүйүүмдү,
Суранамын, өтүнүчүм актагын.

## АЛМАШТЫРБА

Сүйүүнүн кадырына жеткенди бил,
Сынтаккан турмуш куруп кеткенди бил.
Сындырып жарым жолдо талкалабай,
Сыноодон өмүр бойу өткөндү бил.

Сүйүүңдү эч нерсеге алмаштырба,
Суктанып ким бирөөгө жармаштырба.
Сүйүүнүн кадыр-баркын билбей калсаң,
Сүйрөлүп оордуң калат жар башында.
Сүйүүңдү арак менен жалгаштырба,
Сүйүүңдү кызмат үчүн алмаштырба.
Сүйүктүү ширин жашоо өткөрө бил,
Сүйрөлүп калып калбай жар башында.

Сүйүүсүз калгычакты жар башында,
Сүйүүнү сүйүп барктап, кармашыңда.
Сүйгөнүң өмүр бойу сыйлаш үчүн,
Сүйүүңдү эч бирөөгө алмаштырба.

## МЕЗГИЛ КЕЛЕТ

Мезгил келет, сөзүң жылбай оордунан,
Менменсинген кубат кетет оргуган.
Меенет басып , ден- соолугуң начарлап,
Мейман болуп, жылбай калып оордуңан.

Мезгил келет, зорго жылып оордуңдан,
Мага дейсиң, жардам кыл деп тондуудан.
Максат ойуң, тилектериң бир гана,
Майман болуп, казан күтүү оргуган.

Мезгил келет, тилек максат ыйманың,
Мээнеттериң алыс калып кыйналууң.

Мактанаарлык эстүү болсо перзентиң,
Миң мертебе күтө турган сыйланууң.

Мезгил келет, нуру кетип көзүңдөн,
Маани кетип, угуу кетип сөзүңдөн.
Мактап айтаар, жактап айтаар түгөнүп,
Мезгил келип, баасы кетип өзүңдөн.
Мейли кандай жашоо өмүр өткөрбө,
Маакул болуп, кетүүлөр бар кезиңден.

## ТАБА АЛБАЙ ТАКЫР ЖҮДӨДҮМ

Толкундай ташып жүрөгүм,
Толгоосун тартып бирөөнүн.
Таң күнү ойлоп өзүңдү,
Тартылып сага жүрөмүн.

Тынчым жок ойдо жүрөмүн,
Тыңчысы болуп бирөөнүн.
Токтотоор бекен деп жүрөм,
Токтоосуз сунуп жүрөгүн.

Тозогун татпай күнөөнүн,
Толкунун сүзүп бирөөнүн.
Толгонсом дагы билгизбей,
Тобокел ойлоп жүрөмүн.

Тата албай даамын бирөөнүн,
Тартылып, күтүп жүрөмүн.
Тартынбай жүрүп берилип,
Тартуулайм десем жүрөгүм.
Таң атпай сени ойлонуп,
Таба албай такыр жүдөдүм.

## ЭМИ ТИЛЕ

Эртели, кеч көркү болуп үйүңдүн,
Эл катары жүргөнүңө сүйүнгүн.
Этек, жеңиң жараштырып кумтулап,
Эбин билгин аксакалдык жүрүмдүн.

Эсен болуп, жетимиште жүгүргүн,
Эркин заман, эл тилеген бүгүн күн.
Эрмек болуп балдарыңдын кашында,
Эркелетип отурганга сүйүнгүн.
Эсен болсоң, сексен жашка жүгүргүн,
Эске тутуп эңшерилеер күнүңдүн.
Эки жагың карамалап, ойлонуп,
Эртең, бүгүн өтөөр күн деп түңүлгүн.

Эгер жетсе токсон жашка өмүрүң,
Эң сыймыгы, отурууга төрүңүн.
Элиң менен жериң менен сыймыктан,
Эч нерсени ойлобостон көңүлүң.
Эрте кеттим деген сөздү колдонбой,
Эми тиле бул жашооңун төгүнүн .

## УГААР КҮНҮМ БҮГҮНБҮ

Телефондон таппай калсам үнүңдү,
Токтоно албай келтиремин жинимди.
Толуп, ташып кыйналганым билинип,
Тоо көчкөндөй, жар көчкөндөй билинди.

Тынчым кетет, укпай калсам үнүңдү,
Теңебеймин эч бир гүлгө гүлүңдү.
Таасири бар, жарыгыңда жүрөмүн,
Таттуу уйку, таң аткырып түнүмдү.

Тамшанамын угайын деп, үнүңдү.
Тартыламын, тапкан сайын гүлүңдү.
Айткым келип, бир өзүңдү күтөмүн,
Тапкан болуп, мен өзүңдөн сүйүүмдү.

Талпынамын жыттасам деп, гүлүңдү,
Тартуулайсың качан мага үнүңдү.
Тартып алып, кучагыма батырып,
Тапкым келет махабаттуу күнүмдү.
Тартынбастан айткан сөзүң аткарсаң,
Токтоно албай, учаар күнүм бүгүнбү.

## КҮТКӨН ЖЕРДЕ ЖОЛУККУН

Жарашыктуу жылмайганың күлүшүң,
Жорголойсуң жараштырып жүрүшүң.
Жаз мезгилге, жай мезгилге төп келген,
Жароокерим айтчы кимдин гүлүсүң.

Жагат бирок, менин койгон үмүтүм,
Жатсам, турсам ойумдасын күнү-түн.
Жетсем эгер, көп ойлонткон ойума,
Жазылат го, жүрөктөгү күйүтүм.

Кыялдарың жагат жалгыз өзүңүн,
Кирпиктери, карагаттай көзүңүн.
Койгон максат өтөөсүнө чыгаарсын,
Күткүн деген, убадалуу сөзүңүн.

Бирок билбейм, кайдан кантип жолуктуң,
Болбосоң да өмүр шерик колуктум.
Бара-бара бир өзүңө тартылып,
Бирге басып, келет менин оолуккум.
Бажырайган Баткен жерлик Айгүлү,
Басып келип, күткөн жерде жолуккун.

## МУҢКАНУУ

Жүргөнүмдө жаштыгымда оолугуп,
Жаным секет калбадың не жолугуп.
Жандай көрүп, эркелетер күндөрүм,
Жапа чегип, бир аз турат соолугуп.

Жаштыгымда калбадың не кезигип,
Жүрөгүңдөн сүйүүң турат сезилип.
Жарың болуп калбайт белем өзүңө,
Жамалыңдан жаным сүйүп эзилип.
Жашым бир аз өткөн кезде оозунуп,
Жаным секет кеч жолуктуң созулуп.
Жарык кылып албайт белем ошондо,
Жаштыгыңдын жолу болбой тозулуп.

Жаштык чиркин, сабыр кылып күтпөптүр,
Жараштырып, азыр мейли күт дептир.
Жакындатып жароокерлик махабат,
Жага турган элес нуру бүтпөптүр.
Жаным сенин жамалыңа таянып ,
Жактырамын, жаным берем бүт дептир.

## АРАК ЖЕҢЕТ

Арак жеңет, алып алы күчүңдү,
Алаксытып, көбөйткүн деп ичүүңдү.
Адам болуп, жаралганың не пайда,
Арак күсөп, алкаш болуш үчүнбү.

Арак жеңет токтотсоңчу ичүүңдү,
Айоо берип, улуу-тууган кичүүңдү.
Арыктайсың, акыл-эсти жоготуп,
Алтын өмүр, арак ичүү үчүнбү.

Адашпагын, арак адам душманы,
Арак жасайт, канат байлап учканы.
Алыстап кач аман-эсен кезиңде,
Алкаштыктан болуп алыс тышкары.

Арман кылып, өткөн өмүр өкүнөт,
Арам өлсөң кимдер сага өкүрөт.
Алыс бол деп, уулуң менен кыздарың,
Абдан күтүп, абдан сенден өтүнөт.
Аралашып ичпегенге кошул деп,
Ата-энеңдер, бир туугандар күтүнөт.

## БОЛООР БЕКЕН

Үмүтүм үзүлбөстөн жүрөөр бекен,
Үркөрүм жарык чачып тийеер бекен.
Үндөшүп, үн алгыдан жүрө бербей,
Үлпөтүм өмүр бойу сүйөөр бекен.

Ай нурум, айдай толуп тиер бекен,
Алтыным ак көйнөгүн киер бекен.
Асылып, кучак жайып бир өзүмө,
Алгын деп, жумшак белин ийеер бекен.

Абайлап, алды артымдан жөлөөр бекен,
Айтылган жерди күтүп жөнөөр бекен.
Ашыктык өтүп кетпей жолубуздан,
Ай нурум, ой тилекке көнөөр бекен.

Ак дилден ырлар жаздым билеер бекен,
Ай нурум, мендей максат тилеер бекен.
Айланып, айлар өтүп, жылга жетпей,
Ак тилек, көңүл ойго толоор бекен.
Айтылган убадасы бекем болуп,
Ар дайым айдай сүйкүм болоор бекен.

## КӨРҮНГӨНДӨ АЛТЫН АЙ

Арылбаган арман калбай өзүңдөн,
Айландырып өпкүм келчүү көзүңдөн.
Аракетим антип-минтип жетүүгө,
Айла таппай, жүрөт жүрөк эзилген.

Ашык болуп, жүргөн менен эзилген,
Анда-санда жолуктурам кезин мен.
Айдай салкын жарыгыңды чачканың,
Арнаганың билип жүрөк сезилген.

Айыбы жок сүйлөп берсең сөзүңдөн,
Адашпастан, ашык болгон кезим мен.
Айдан сулуу ыраңыңа төп келип,
Ай мончоктой алтын тиштер тизилген.

Арылтат дейм, арман ойго калтырбай,
Анык билем жүрүшүң бар тартынбай.
Алыс жерден келсең дагы турмушка,
Ардактаймын Өзгөн эли калкымдай.
Ашыкпа деп, сааты келет бир күнү,
Аласыз го кумар жазуу балкымай.
Айтканың бар, убадамда  турам деп,
Асман ачык көрүнгөндө алтын ай.

## БУЛ ИШИҢ

*Айтылган сөздү урматтап.*

Арман күндө калбаңыз деп, айтышың,
Акылы бар, сен экенсин ай кишим.
Абдан сыйлап, бул айтканың, дегениң,
Ардактаган жакшы сапат, бул ишиң.

Аша сыйлап, алдын алып билишиң,
Ачык сүйлөп, абдан жагат күлүшүң.

Арманы бар калбаса деп агайын,
Абдан жагат айдай нурум бул ишиң.

Алыстабай агайым деп жүрүшүң,
Ай нуруңдай жарык чыгат турушуң.
Ачык көңүл, туура сөздү сүйлөсөң,
Анан мага жакпайт беле бул ишиң.

Аймаласын, кармаласын делишиң,
Агайым деп, арнаганың келишим.
Айдай нуруң аянбастан чачканың,
Арман кылбай жүрүү болот мен үчүн.
Аркы дүйнө,берки дүйнө жүзүндө,
Арнап жүргөн айтып бүткүс бул ишиң.

## КҮТӨМ СЕНИ

Күтөм сени, күүгүм талаш мезгилге,
Калдың мага жалгыз калып сезимге.
Кайсыл жактан, кайдан келип жолуктуң,
Кайтып келбес, жаштык өтөөр кезимде.

Күтөм сени, күндүзгү түш мезгилге,
Күтөөрүмдү кабыл алып сездим де.
Карагаттай көздөрүңдү жактырып,
Келсең дагы, жаштык өткөн мезгилде.

Күтөм сени, жамгыр нөшөр мезгилге,
Кумар жазып, махабат күч эздимге.
Кайберендей бир өзүмө жолугуп,
Көндүм сага, жактырамын сездим де.

Күтсөң мени жолугууга тезмин де,
Күмөнүң жок күтө турган кезмин де.
Каалагандай кабыл алып өзүңө,
Күндөп, түндөп жакшы көрөөр кезмин де.

Күтөм сени, жаз,жай,кышта, күзүндө,
Күмөнүм жок махабат бар жүзүңдө.
Карагаттай көздөрүңөн өпкүлөп,
Калган кезде көзүң жумуп сүзүлбө.
Качан болсо теңештирип келемин,
Кадимкидей бышып турган жүзүмгө.

## ТОСКООЛ БОЛОТ АЙЛАНАҢ

Сенин жытың мен тарапта сакталып,
Сен деп жүрөм жалыныңа какталып.
Сергип калсам серүүн тартып жүзүңдөн,
Сендей жандан, моокум канып мактанып.

Сени жандап, жалыныңа кактанып,
Сени менен, сапар тартып аттанып.
Сенин мага жагып калган жүзүңө,
Сергийинчи сулуулукка шаттанып.

Сендей жандын очогуна кактанып,
Сезилишип көңүл кушун сактанып.
Сенден өткөн жылуулукка туйунуп,
Сендей жанды жүрөйүнчү мактанып.

Сендей сулуу жолукпайт го, кайрадан,
Сен күкүгүм жалгыз мага сайраган.
Сезим берип,жүрөгүмдүн сүйүүсүн,
Сен ганасын бекем кармап байлаган.
Сагындырып, шартың келбей көбүнчө,
Сага,мага тоскоол болот айланаң.

## ЖАШТАРГА

Балалыктын баркын билип өткөргүн,
Байкоо салып, башкаларга, көптөрдүн.
Биле албаган, тил албаган көчөдө,
Бейбаш өскөн, жаш балдарды көп көрдүм.

Бала кезиң,мезгили бул өткөөлдүн,
Билген жакшы, кереги жок көпкөндүн.
Баары өскөн, энесинен төрөлүп,
Бирок көрдүм, эне баркын төккөндүн.
Баркын билгин алдейленип өскөндүн,
Билип жүрөм, тарбиясыз көптөрдүн.
Бала эмес, балаа болуп өскөндөн,
Бара-бара ата-эне жаш төккөндүн.

Бирөө чыкты арак ичип, мас болгон,
Баркын билип, өтө албаган тоскоолдон.
Балалыгын, жаш кезегин кор кылып,
Бейбаш өсүп, жамандыкка коштолгон.

Бирөө чыкты туш тарабы саз болгон,
Бала кезден акыл-эси козголгон.
Балалыгын, келечегин түшүнүп,
Билим менен, илим менен коздолгон.

Бала болуп, чоңойуп жер теппеген,
Басса-турса келечегин эстеген.
Баңги эмес, арак албай оозуна,
Билгеним бар чылым кармап чекпеген.
Баркын билип, ата-энесин кадырлап,
Башка жакка,  жамандыкка кетпеген.

## ЭКӨӨБҮЗ

Жашыбыздан жактырышып, табыштык,
Жан эргитип, бирге басып жабыштык.
Жакшы жашоо, меенет кылып жаратып,
Жоро-жолдош достор менен жарыштык.

Бала бактык, үй жасадык биригип,
Бирибиз да жалкоолонбой эригип.
Бара-бара өнөр чыкса өзүндөн,
Болгон жокмун, болбос ишке теригип.

Отун алып, отуң жактым түтөтүп,
Ого бетер турмуш жолун күчөтүп.
Ойлоп көрсөм, ошол мезгил күндөрүм,
Ой-чукурда калган экен бүт өтүп.
Сен айтасын,мен алыска кетейин,
Секичектен, жер астына түшөйүн.
Сенделесин, мени жоктоп ошондо,
Сени барып, ошол жактан күтөйүн.

Жок деп, айтам аның такыр жарашпайт,
Жакшы көрүп, сен барындай карашпайт.
Жаман болбойт, эгер кетсем мен мурун,
Жүрө бергин, сени эч ким талашпайт.

## ЖЫЛДЫЗДАР

Асман толо, чектелбеген жылдыз бар,
Ар кыл түстө жылмайышып жылдыздар.
Аяй карап алые жактан көрүнгөн,
Арасында жалгыз сулуу бир кыз бар.

Асман толо бажырайган жылдыздар,
Аны сезем жарашыктуу кыргыздар.

Алтын нурун чачыраткан башкача,
Арасында мени сүйгөн бир кыз бар.

Асман толо, аябай коп жылдыздар,
Ар кимиси көрүнгөнсүйт үр кыздар.
Алың жетсе жетип келгин дегенсип,
Аппак нурдуу, жалгыз гана бир кыз бар.

Аягандай абдан сулуу жылдыз бар,
Алып качып, жеткирбеген бир кыз бар.
Ашыктыкты өмүр бойу сактаган,
Атын сактап алып жүрчүү кыргыздар.
Ай Чолпонун,ашык болуп унутпай,
Айлап, жылдап күтүп жүргөн кыргыз бар.

МАЗМУНУ


Сөз башы………………………………………………… 3
Жакшыны жакшы деп жүрөм...................................... 5
Акыл ойлор……………………………………………… 7
Сексендеги божомол................................................... 8
Мен басканда............................................................... 9
Кайда кетти.................................................................. 10
Унутпай жүр................................................................ 11
Катарлашып турушканы башкача............................ 12
Арактан......................................................................... 12
Тирүүлөй түшүп тозокко............................................ 13
Атың калды жазылып................................................. 15
Келчи жаным............................................................... 16
Куштар болом.............................................................. 17
Топ кыргыздар............................................................ 18
Бектемир авам белгиси…………………………… 19
Сен белең...................................................................... 20
Жаштарга айтаар арманым....................................... 21
Аяп кеттим жүрөктү................................................... 23
Жаштарга..................................................................... 24
Жолугат деп жүрөбүз................................................. 25
Жөргөмүш.................................................................... 26
Чочко деген.................................................................. 26
Көрүп туруп турмуштан............................................. 27
Баары жылан............................................................... 28
Жылан сени.................................................................. 29
Зыяны бар, чекпегин………………………………. 29
Кайран жан дейсин…………………………………… 30
Бирөөгө........................................................................ 31
Толгонуп айттым мындайды..................................... 32
Кетким келбейт........................................................... 32
Кошмок алма............................................................... 33
Туулган элең сен бүгүн.............................................. 34
Келсе экен деп............................................................. 33
Азыркынын тамсили................................................... 34

Карап койбой мүнөзүн.................................................. 36
Кимдер кандай?.......................................................... 37
Бала кезден............................................................... 38
Тегиздик жок.............................................................. 39
Менден калат.............................................................. 40
Келет сени издегим…………………………………… 41
Дагы эле..................................................................... 42
Омкорсоң да............................................................... 42
Карылык мээр төгүлүп................................................ 43
Айбым бар.................................................................. 44
Өтө турган өмүрдө...................................................... 45
Мен жактырбайм......................................................... 45
Көзүм тойбой.............................................................. 46
Уктайм досум.............................................................. 47
Ажыраттым ушактан.................................................. 48
Мен түз өсүп.............................................................. 49
Эгемендик................................................................... 50
Эмне жаман................................................................ 51
Кыска саптар.............................................................. 52
Тата албай.................................................................. 53
Күтсөң керек............................................................... 53
Алтынай..................................................................... 55
Жылдыздарды............................................................ 56
Күчүгүм...................................................................... 57
Экөөбүз...................................................................... 58
Бир тууганды.............................................................. 59
Ата сени..................................................................... 60
Күтөм сени.................................................................. 60
Жылдыздар................................................................. 61
Мен кыргызмын........................................................... 62
Тирүүсүндө айтпайбыз................................................ 63
Баары калат................................................................ 64
Балдыздарга............................................................... 65
Үсөнбек деп................................................................ 66
Кайда кетти................................................................. 67
Күз кыялы................................................................... 67

Ойлорум........................................................................ 68
Кезиктирдим.................................................................. 69
Рахат Шакировага......................................................... 70
Сен болуп бер................................................................ 71
Сенден мен.................................................................... 72
Карыларым.................................................................... 73
Мээрим сени.................................................................. 74
Ким болот...................................................................... 75
Калыс сүйлө.................................................................. 76
Сүрөтүң......................................................................... 77
Мен уктабайм................................................................ 78
Аман болсоң.................................................................. 78
Азыркылар..................................................................... 79
Теңтушу болдуң бирөөнүн…………………………… 80
Өтө катуу күн деп биллем………………………….. 81
Төрагалык сөз менен………………………………… 82
Кыздын ыры................................................................... 83
Саратан кезде жолукпай.............................................. 84
Үсөнбек сага үч суроо
Өткөн күнүн эскерип..................................................... 85
Каап Венера!!!............................................................... 86
Атанын экен баласы..................................................... 88
Таир, менин досума...................................................... 89
Бир Кудай...................................................................... 90
Сүрөтүңдөн сездирип.................................................... 91
Байкалбаймын................................................................ 92
Өткөн өмүр..................................................................... 93
Өкүнөмүн....................................................................... 94
Алтын бешик мектебим
ЭЛТР келип тартканда.................................................. 95
Ыйлайт белем................................................................. 95
Керек.............................................................................. 96
Кабагың.......................................................................... 97
Поэзия кечиргин............................................................ 97
Жаратылыш................................................................... 98
Бакыл болбо………………………………………… 99

Мен теңелбейм…………………………………………… 100
Жеткирбей алыс качсаң да……………………………… 100
Жасминамдай……………………………………………… 101
Күмөндүү эмес бараарым……………………………… 102
Качан сен…………………………………………………… 103
Ким дедим.................................................................... 104
Актан сиздин балаңыз................................................ 105
Күтө берип көнгөмүн.................................................. 106
Шашпа балам карыйсын............................................ 107
Ичпей койсо болбойбу................................................ 107
Арман, арман!............................................................. 109
Алыкул......................................................................... 110
Неге кассын………………………………………………… 111
Эми көнбөйт………………………………………………… 112
Мени таштап……………………………………………… 112
Сен жарыктык…………………………………………… 113
Кайрадан оңдоп жашатса……………………………… 114
Иштеш керек……………………………………………… 115
Өдөлүш жолдо өрөпкүп............................................. 116
Жазды күтөм................................................................ 116
Алымжан иним жарайсын.......................................... 117
Сооронбай Жусуев авама……………………………… 118
Күтө тургун.................................................................. 119
Бараар жериң билип кой............................................ 120
Сүйүү менен чайкайлы............................................... 121
Көкүрөктө тагым бар.................................................. 122
Такыр тойбогом…………………………………………… 122
Асманым...................................................................... 123
Менмин деп................................................................. 124
Чалагыздын комузу……………………………………… 125
Кайран Чакем!............................................................. 126
Сенден башка билбедим........................................... 127
Ооруп калсам.............................................................. 128
Эгер билсең……………………………………………… 128
Алтымыш жаш…………………………………………… 129
Карап бир койчу жылмайып…………………………… 130

Келгиле…………………………………………………… 130
Президентация…………………………………… 131
Аял зат…………………………………………………… 132
Унутпайм………………………………………………… 133
Жумакадыр Мойдуновго............................................ 134
Кайран гана Шумкарым!............................................ 135
Бышкан кезин жүзүмдү............................................... 136
Жийденин..................................................................... 137
Кайтып келген жок...................................................... 138
Көргөн жок.................................................................. 139
Келет да сенин башыңа.............................................. 139
Кой жылында.............................................................. 140
Мен эми....................................................................... 141
Тамашалуу ырлар....................................................... 142
Менин ойум................................................................. 143
Көңүл айтуу................................................................ 144
Неберемди Москвага узатып...................................... 145
Таң калдым................................................................. 146
Таштап качкан ата журтту.......................................... 147
Чоң кишиге................................................................. 148
Жек көрөм.................................................................. 149
Бүт өмүрүм арнаймын................................................ 150
Жетеленбе.................................................................. 150
Туулган жерим............................................................ 151
Теңим менен.............................................................. 152
Сен Жаныбек.............................................................. 153
Апам жоктоп.............................................................. 154
Не болдуң деп ойлоном.............................................. 155
Түбөлүкө барасын...................................................... 156
Кубат болуп балдарың................................................ 156
Сенден келет.............................................................. 157
Сен кудай................................................................... 158
Башыңа келет шашылба............................................. 160
Экөөбүз тиккен арчаны............................................... 160
Туруп кетчи Ибраим.................................................... 161
Токтобек сен............................................................... 162

Көзүмдөн кетпей кыйналам........................................ 163
Болдуң неге................................................................ 163
«Өзгөн нуру» гезитинин гимни.................................... 165
Жактырбайм менмин дегенди.................................... 166
Абдираим деп жүрүп................................................. 166
Акыркы айткан арманым........................................... 167
Берсе деймин.............................................................. 168
Ачпастан сырдуу капкагын........................................ 169
Атым кыргыз……………………………………………. 170
Жүрөктөн жанган алкышым....................................... 170
Кетким келбейт........................................................... 171
Көкүрөктө тагым бар.................................................. 172
Алымым...................................................................... 173
Күтсөң керек……………………………………………… 174
Сен белең..................................................................... 175
Келчи жаным…………………………………………… 176
Сагындым.................................................................... 177
Сен экөөбүз……………………………………………….. 178
Жолуктум жаш баладай............................................ 179
Алдыга койгон алты ой.............................................. 179
Ким сулуу………………………………………………….. 182
Турмуш саптары......................................................... 183
Чачың келет тарагым………………………………….. 183
Эненин………………………………………………………. 184
Уйку көрбөй................................................................ 185
Кайран гана Шумкарым………………………………. 186
Келет да сенин башыңа……………………………… 186
Мени таштап…………………………………………….. 187
Кыйбай турам……………………………………………. 188
Жытын берип көкүлдүн............................................. 188
Эскерүү....................................................................... 189
Кайрылып бир келип кетчи Жеңишбек...................... 191
Жүрсөң болмок Шашылбай........................................ 192
Кыстырма.................................................................... 192
Өзгөндүн Өзгөн нурусун…………………………………. 193
Өзгөн нуру…………………………………………………… 194

Жеңишбекти эскерип………………………………………… 195
Ажоомо……………………………………………………… 196
Жийденин жытын жактырам……………………………… 197
Мен кайгырбайм……………………………………………. 197
Ачпастан сырдуу капкагың…………………………………. 198
Болсок деген тилегим……………………………………… 199
Чыңгыз ава…………………………………………………. 200
Ашыкеме…………………………………………………… 202
Таттыбүнү эскерем………………………………………… 204
Болсок деген тилегим……………………………………… 205
Жыл урматы……………………………………………….. 206
Мен кыргызмын……………………………………………. 207
Бакылдын багы…………………………………………….. 208
Күтө берип көнгөмүн………………………………………. 209
Күлгөн жакшы……………………………………………… 210
Өрүк гүлү........................................................................... 210
Балдарыма…………………………………………………. 211
Менин атам...................................................................... 212
Жан жок экен энедей………………………………………. 213
Бегимайым........................................................................ 213
Баткендик Айгүл күлүп өт................................................ 214
Менмин дебе..................................................................... 215
Өчпөгөн нур...................................................................... 215
Сунуп кой........................................................................... 216
Келчи Нурум...................................................................... 217
Калбайын сынып............................................................... 218
Таң калам........................................................................... 218
Кумарыңа каныгам........................................................... 219
Көрүнгөндө алтын ай....................................................... 220
Эми мен……………………………………………………. 221
Сулуу көрдүм……………………………………………… 221
Муңкануу…………………………………………………… 222
Сен өзүңсүн……………………………………………….. 223
Алмаштырба……………………………………………… 224
Мезгил келет..................................................................... 224
Таба албай такыр жүдөдүм............................................. 225

Эми тиле........................................................................ 226
Угаар күнүм бүгүнбү..................................................... 226
Күткөн жерде жолуккун................................................ 229
Муңкануу........................................................................ 228
Арак жеңет..................................................................... 228
Болоор бекен.................................................................. 229
Көрүнгөндө алтын ай.................................................... 230
Бул ишиң........................................................................ 230
Күтөм сени..................................................................... 231
Тоскоол болот айланаң................................................. 232
Жаштарга....................................................................... 233
Экөөбүз.......................................................................... 234
Жылдыздар……………………………………………… 234

Жаныбек  Мырзаибраимов

# ЖИЙДЕНИН
# ЖЫТЫН ЖАКТЫРАМ

Тех.редактору: А.А.Тойчубаев
Калыпка салган: Ыкыбал уулу Элдияр

Басууга берилди 11.03.2015-ж.
Кол коюлду 10.08.2015-ж.
Кагаздын форматы 84x60 1/16.  15,375 б.т.
Буюртма № 29, Нускасы 100

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236